# БИЗДИН КИТЕП



# БИЗДИН КИТЕП



**Жомоктор, аңгемелер, ырлар**


Түзгөндөр: *М. Терехова, Л. Рубахина*

*Которгондор Макун Адамкулова, Асылбек Медетбеков*



ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1987

84(2)
Б 59

Бөбөктөр үчүн

Көркөмдөгөн *Талачы Исамадыров*

**Биздин** китеп: Жомоктор, аңгемелер, ырлар: Бөбөктөр үчүн
**Б 59** /Түз. М. Терехова, Л. Рубахина; Котор. М. Адамкулова, А. Медетбеков; Көркөмдөгөн Т. Исамадыров. — Ф.: Мектеп, 1987. — 208 б.

Бул жыйнакка үй-бүлөдө, балдар бакчасында окула турган дүйнө элдеринин, орус жана СССР элдеринин жомокторунун үлгүлөрү, орус жана советтик акын-жазуучулардын ырлары, аңгемелери кирди.

**Б** $\frac{\textbf{4803000000—120}}{\textbf{М 452 (17)—87}}$ **214. 87.** **ББК 84(2)**

Рецензенти *Жуматай Орунтаев*

© Издательство «Детская литература» 1980
© «Мектеп» басмасы, 1987. Кыргызча которулду.

# ОРУС ЭЛ ЖОМОКТОРУ



## МЫШЫК МЕНЕН ТҮЛКҮ

Бир мужик болуптур. Ал мужиктин ойноок мышыгы бар экен. Мышык өлгүдөй жадатыптыр. Мужик көпкө ойлонуп-ойлонуп отуруп, аны мешокко салып алып, токойду көздөй жөнөйт. Эмне болсо ошо болсун деп, токойго таштап кетет.

Мышык жүрүп, жүрүп кичинекей бир үйгө туш келет. Үйдүн чатырына чыгып алып, жыргап жатып калат. Тамак жегиси келсе, токойго чыгып: чымчык, чычкан кармап, тойгончо жеп, эч капасы жок, кайра чатырга келип жатып жүрөт.

Бир күнү мышык адатынча токойго сейилдеп чыкса, алдынан түлкү жолугат. Мышыкты көрүп: «Ушунча токойдо жашап жүрүп, мындай айбанды көргөн эмесмин!» — деп таң калат. Түлкү жүгүнө калып мышыктан сурайт: Айтчы, сен кимсиң, баатыр? Бул жерге кантип келип калдың, деги сенин атың ким?

Мышык жүнүн үрпөйтүп, мындай деп жооп берет:

— Менин атым Котофей Иванович, мени Сибирь токоюнан силерге башчы кылып жиберди.

— Ах, Котофей Иванович! — деди түлкү. — Сен тууралуу мен билчү эмес элем, көргөн да эмесмин. Жүр эми, меникине конокко. Мышык түлкүнүкүнө кетти. Ал өзүнүн ийнине аны алып келип, ар түрлүү куштун эти менен коноктоп жатып, баарын сурай берди:

— Котофей Иванович, үйлөндүң беле же бойдоксуңбу?

— Бойдокмун.

— Мен да күйөөгө чыга элекмин. Мени аял кылып албайсыңбы?

Мышык макул болуп, той-тамаша башталды.

Кийинки күнү түлкү тамак таап келиш үчүн жөнөдү, мышык болсо үйдө калды. Түлкү ары-бери жортуп жүрүп, өрдөк кармап алды. Үйүнө алып баратса, алдынан карышкыр чыкты:

— Токто, түлкү! Өрдөктү бер мага.

— Жок, бербейм.

— Бербесең, өзүм эле жулуп алам.

— А мен Котофей Ивановичке айтам, ал сенин ажалыңды жеткирет.

— Ал ким, Котофей Иванович дегениң?

— Сен эмне, уккан жок белең? Бизге Сибирдин токоюнан Котофей Ивановичти башчы кылып жибериптир. Мен мурун бийкеч-түлкү болчумун, а азыр болсо, башчынын аялымын.

— Жок, уккан эмесмин, Лизавета Ивановна. Кантип мен аны көрсөм болот?

— Уу! Котофей Ивановичим ушундай ачуулуу, бирөө ага жакпай калса эле ошол замат жеп коёт. Сен бир кой даярдап, сыйлап ага алып кел, койду көрүнө жерге коюп кой, өзүң мышыкка көрүнбөй жашынып тур, антпесең сага кыйын болот.

Карышкыр кой алып келгени чуркап кетет, түлкү үйүн көздөй жөнөйт. Келе жатса, астынан аюу жолугат:

— Токто, түлкү өрдөктү кимге алып бара жатасың? Бер мага.

— Жакшылыкча жолуңа түшүп кете бер аюу, антпесең Котофей Ивановичке айтам, ал сени өлтүрүп коёт.

— Котофей Иванович дегениң ким?

— Ал Сибирь токоюнан бизге башчы кылып жиберилген. Мен мурун бийкеч-түлкү болсом, азыр биздин башчы Котофей Ивановичтин аялымын.

— Аны көрсө болобу, Лизавета Ивановна.

— Уу! Менин Котофей Ивановичим абдан ачуулуу: ага бирөө жакпай калса, тим эле жеп коёт. Сен бир өгүздү даярдап, сыйлап ага алып кел. Байка, өгүздү көрүнө жерге коюп кой да өзүң жашынып тур. Котофей Иванович сени көрбөсүн. Антпесең сага кыйын болот.

Аюу өгүз алып келгени кетти, а түлкү болсо үйдү көздөй жол тартты.

Мына, карышкыр койдун терисин сыйрып таштап алып келди да, ойлонуп турганча болбой, караса артынан аюу буканы жетелеп келе атат.

— Саламатсыңбы, Михайло Иванович!

— Саламатчылык, тууган Левон! Эмне, түлкү турмуш курганын көрө элексиңби?

— Жок, Михайло Иванович, өзүм да аларды күтүп турам. Сен барып чакырып келчи,— деп оюу карышкырды жумшайт.

— Жок, мен барбайм, Михайло Иванович. Мен шамдагай эмесмин, андан көрө сен барсаң болот эле.

— Жок, барбайм, тууган Левон. Апсайып, майтыйып, мага эмне бар.

Күтпөгөн жерден каяктан экенин ким билсин, коён чуркап чыгат. Карышкыр менен аюу коёнго ушунчалык катуу кыйкырышат:

— Бери кел, бери кел, кыйшык көз.

Коён кулагын жапырып келип, отуруп калат.

— Сен, коён, шамдагай эмессиңби, түлкүгө чуркап барып, аюу Михайло Иванович тууганы Левон Иванович экөө бая эле даяр болушкан, күйөөң экөөндү күтүп, астыңарга кой, өгүзүн алып келип, сыйлаганы отурушат дегин,— дейт.

Коён түлкүгө таскактап чуркап кетет. Аюу менен Карышкыр каякка жашынып турсак деп ойлоно баштайт.

Аюу айтат:

— Мен карагайга чыгып кетем,— деп.

Карышкыр мындай дейт:

— А мен каякка жашынам, же бакка чыга албасам. Мени бир жерге жашырып кой.

Аюу карышкырды бадалдын түбүнө жашырып, үстүнө кургак жалбырактарды таштап коёт. Өзү карагайдын кылда башына чыгып алып, Котофей Иванович түлкүсү менен келе жатат бекен,— деп карап отурат.

Булар ушинтип жаткан чакта коён түлкүнүн ийнине чуркап келип:

— Аюу Михайло Иванович, карышкыр Левон Иванович менен жанатан бери күйөөң экөөңөрдүн алдыңарга жүгүнгөнү коюн, өгүзүн алып келишип, көптөн бери күтүп турушат,— деди.

— Бара бер, кыйшык көз, азыр барабыз.

Ошентип, мышык менен түлкү келе жатышты. Аюу аларды көрө, карышкырга мындай деди:

— Котофей Иванович кипкичинекей турбайбы, кантип башчы болот!

Мышык жүнүн үрпөйтүп, өгүзгө шап жармашып, тиши

менен буту менен терисин тытып, кырылдап, ачуусу келгенсип:

— Мау, мау!.. — дейт.

Аюу карышкырга кайрадан мындай деди:

— Өзү кичинекей болуп туруп, сугалак экен. Төртөөбүз биригип жеп бүтүрө албай турган эт буга, жалгыз өзүнө аздык кылып жатат. Кейпи бизге да кол салат көрүнөт.

Карышкыр Котофей Ивановичти көргүсү келди эле, бирок жалбырактын арасынан көрө албай койду. Акырын жалбырактарды шилей баштады. Жалбырактардын кыймылдаганын мышык уга калып, бул чычкан экен го деген ойдо карышкырдын үстүнө секирип, мурдуна тырмагын матырып алды.

Карышкыр коркуп кетип, секирип чыгып, качкан бойдон жөнөдү. Мышык өзү да чочуп кетип, аюу отурган бакка чыга качты.

«Мени да көргөн турбайбы»,— деп ойлогон Аюу бактан түшүп кете албай, жерге былч эте түшүп, тура калып, алдыартына карабай безилдеп жөнөдү.

— Качкыла, качкыла, жарып салып жүрбөсүн! — деп түлкү алардын аркасынан кыйкырды.

Ошондон бери баардык айбандар мышыктан коркуп калышкан. Мышык менен түлкү май менен этти кышка жыйнап алып, жыргап-куунап күн өткөрүшөт. Азыр да ошентишет.

## СЫЙКЫРДЫН КҮЧҮ МЕНЕН

Илгери-илгери бир чал бар экен. Анын үч уулу болуптур. Экөө акылдуу, үчүнчүсү макоо — Емеля экен. Эки бир тууган иштешет. Емеля болсо керелден-кечке эчтеке менен иши жок, эч жумуш жасабай мештин үстүндө жата берет. Бир жолу бир туугандар базарга кеткенде, аялдар, келиндер болуп Емеляны суугa жумшашты.

Ал болсо мештин үстүндө жатып алып, баргым келбейт деп койду.

— Емеля барып кел, барбасаң бир туугандарың сага базарлык алып келбей коёт,— дешти.

— Андай болсо макул.

Емеля мештен жерге түшүп, кийинип, чака менен балтаны алып, өзөнгө кетти.

Музду жарып, суу сузуп жанына коюп, муздун тешилген жеринен щуканы көрө койду. Шап этип балыкты кармап алды да:

— Мына, таттуу сорпо болот! — деп сүйүндү.

Кутулбөгөн жерден ага щука кишиче сүйлөп жиберди:

— Емеля, мени суугa коё бер. Мен сенин керегиңе жараймын.

— Менин эмне керегиме жарамак элең, сени үйгө алып барып, келиндерге балык сорпо жасатам. Балык сорпо таттуу болот,— деп Емеля күлдү. Щука жалына баштады:

— Емеля, Емеля мени суугa коё бер, мен сен үчүн баарын жасайм. Сен эч өкүнбөйсүң.

— Макул, бирок сен мага калп айтпаганыңды адегенде көрсөт. Ошондо мен сени коё берем.

— Емеля, айтчы, сен азыр эмнени каалап турасың?

— Чакалардын суусу чайпалып төгүлбөй, үйгө өздөрү жетип калсын деп каалайм.

Щука ага мындай деди:

— Менин сөзүмдү унутпа, качан эмне кааласаң, мындай деп айт:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Емеля кайталайт:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Өзүңөр эле жөнөгүлө үйдү көздөй, чакалар...

Айтаар замат эле чакалар өздөрү өрдү көздөй кетти. Емеля щуканы суугa коё берип, чакалардын артынан жөнөдү.

Чакалар кыштакты аралап кетип баратса, эл аябай таң калышты. Емеля болсо күлүп, артында баратат. Чакалар үйгө кирип, текчеге туруп калды. Емеля болсо мешке чыгып жатты.

Көп убакыт өттүбү, аз убакыт өттүбү, келиндер ага мындай деди:

— Емеля, эмне жатасың? Барып отун кыйып келсең болот эле?

— Баргым келбейт.

— Отун кыйып келбесең, базардан бир туугандарың кайтканда, сага базарлык алып келбейт.

Емеля мештен түшкүсү келбей, анан щуканын айтканы эсине түшө калып, акырын мындай деди:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Бери кел, балта, жыгачты жар да, отун үйгө кирип өздөрү мешке жагылсын.

Балта текченин астынан чыга калып отунга барып, аны жара баштады. Отундар өздөрү үйгө кирип, печкага жагылып калат. Көппү, азбы, убакыт өттү. Келиндер дагы айтты:

— Емеля, отунубуз калбай калды, барып токойдон отун алып келсеңчи? Ал деле мештен турбай: — Силер эмне кыласыңар? — деди.

— Биз эмне экенбиз. Биздин жумушубуз токойго отунга баруу бекен?

— Менин баргым келбей жатат.

— Андай болсо сага базарлык болбойт.

Кылар иш жок, Емеля мештен түшүп, бутун, киймин кийип, арканды, балтаны алып, короого чыгып, чанага отурду:
— Катындар, дарбазаны ачкыла!
Келиндер ага мындай дейт:
— Жинди десе, чанага атын чекпей отуруп алат.
— Мага аттын кереги жок.

Келиндер дарбазаны ачат. Емеля анан мындай дейт:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Чаналар токойду көздөй,— дейт.

Чаналар ат кууп жете алгыс ылдамдыкта өздөрү эле дарбазага жетип келди.

Токойго шаарды аралап барыш керек болчу. Чаналар шаарды аралап баратып, далай кишини тепсеп кетти. Эл: — Кармагыла, соккула,— деп кыйкырышты. Ал билгичтик менен чананы айдап отуруп, токойго келди:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Балта, кургагыраак жыгачты жар, а силер, жыгачтар, өзүңөр чанага салынып, өзүңөр таңылгыла!

Балта кургак жыгачты жара баштады. Жыгачтар өздөрү чанага салынып, жип менен таңылышты. Анан Емеля өзү үчүн балтага оор дубду кыюуга буйруду. Унаага түшүп:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Чаналар, үйдү көздөй жөнөгүлө!..

Чаналар үйдү көздөй зымырады. Емеляны болсо жанагы көп элди тепсетип кеткен жеринде күтүп турушту. Анан аны унаасынан сүйрөп түшүрүп, тилдеп, уруп жатышты.

Иштин жаман жакка ооп баратканын байкап, ал акырын:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Кана союл, булардын капталын кыйратып өт,— деп шыбырайт.

Союл тура калып, ургулай баштайт. Эл артка чегинет, Емеля болсо үйүнө келип, мештин үстүнө чыгып, кайра жатып калат.

Көп өттүбү, аз өттүбү, кан Емелянын кылыктарын угат. Анан чабарман жиберип, аны издеп таап, сарайга алып келүүгө буюрат. Чабарман Емелянын жашаган кыштактагы үйүнө кирип барып сурайт:

— Макоо Емеля сенсиңби?

Ал мештен түшпөй туруп:

— Сага эмне кереги бар? — дейт.

— Батыраак кийингин. Мен сени канга алып барамын.

— Койчу, баргым келбейт.

Офицер жини келип, аны жаактан ары бир салды.

Емеля болсо, акырын гана:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Чокморум, бир капшытын жапшыра койчу, чокмор секирип чыгып чабарманды айда келтектей баштады. Ал арандан зорго кутулду. Жиберген кишисинин Емеляга алы жетпегенине кан аябай таң калып, андан да чоңун жиберди.

— Мага сарайга Емеля макоону алып кел, антпесең башыңды алам.

Чоң чабарман жүзүм, кара өрүк, пряниктерди салып алып, так эле мурун кез келген кыштакка бул да келип, баягы эле үйдөн келиндерден Емеля эмнени жакшы көрөт деп сурайт.

— Биздин Емеля эркелете жумшак сурансаң, анан кызыл кафтан тартууласаң, анда ал сураганыңдын баарын жасайт.

Чоң чабарман Емеляга жүзүм, кара өрүк, пряниктерин берип жатып мындай дейт:

— Емеля дейм, Емеля, эмне, мештин үстүндө жата бересиңби? Жүрү, канга баралык.

— Мага бул жер деле жылуу.

— Емеля, Емеля кандыкынан жакшы, даамдуу тамак-аш ичип-жейсиң, айланайын, жүр кеттик.

— Ай, койчу, баргым келбейт.

— Емеля дейм, Емеля, кан сага кафтан, баш кийим, өтүк тартуулайт.

Емеля ойлонуп, ойлонуп:

— Болуптур, макул, сен кете бер, мен сенин артыңан барам.

Чабарман кетип калды, Емеля болсо жатып алып, мындай дейт:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Кана, меш, канды көздөй жөнөгүн...

Ушу жерден үйдүн бурчтары чатырап жарака кетип, чатыр ары-бери кыймылдап, дубал кулап түшүп, анан меш өзү көчөгө чыгып, жол менен түз канды көздөй жөнөдү.

Кан терезеден карап, таң калды:

— Бул эмне деген укмуш?

Чоң чабарман ага жооп берет:

— Бул болсо Емеля, мешке отуруп алып, сага келе жатат.

Кан эшиктин алдына чыкты:

— Емеля, эмне үчүндүр сага көп арыздар бар. Сен көп элди тепсетип кетипсиң.

— Эмне үчүн өздөрү чананын астына кирип кетишет?

Ошол убакта аны кандын кызы — Марья терезеден карайт. Емеля да кызды терезеден көрө коюп, анан акырын мындай дейт:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Кандын кызы мени сүйүп калсын...

Анан дагы мындай деди:

— Меш, үйдү көздөй жөнө...

Меш бурулуп, үйдү көздөй жөнөдү, анан үйгө кирип, өзүнүн ордуна туруп калды. Емеля дагы эле оонап жата берди. Ал эми падышанын сарайы ый менен кыйкырык. Падыша кызы Марья Емеляны сагынып, ансыз жашай албай, атасынан өзүн Емеляга күйөөгө берүүсүн өтүнөт. Анда падыша түнөрүп, бырышып-тырышып, эң башкы көпөс чабарманга:

— Бар, мага Емелянын тирүүсүн же өлүүсүн алып кел, болбосо мойнуңдан башыңды алам,— дейт. Эң башкы көпөс чабарман таттуу винолордон жана ар түрдүү закускалардан көп кылып сатып алып, баягы кыштакка келип, баягы кепеге кирип, Емеляны аябай ичире-жедире баштады.

Емеля болсо ичип-жеп, уктоого жатты. А көпөс чабарман болсо аны арабага салып, падышага алып жөнөдү.

Падыша дароо эле темир алкактуу чоң челекти тоголотуп келүүгө буюрат. Ага Емеля менен падыша кызы Марьяны отургузушуп, смола менен шыбап, челекти деңизге ыргытып жиберишет.

Көп болдубу, аз болдубу, Емеля ойгонуп караса — караңгы, тар.

— Деги мен кайдамын?..

— Көңүлсүз жана жийиркеничтүү, Емелюшка. Бизди челекке кара май менен жабыштырып деңизге ыргытып жиберишкен,— деп жооп берди бирөө.

— А сен кимсиң?

— Мен — падыша кызы Марьямын. Анда Емеля мындай дейт:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Долу шамалдар, челекти кургак жээкке, сары кумга алып чыккыла. Шамал уруп, деңиз толкундап, челекти кургак жээкке, сары кумга сүрүп чыгарат. Андан Емеля жана падыша кызы Марья чыгышат.

— Емелюшка, эми биз каякта жашайбыз? Эптеп бир кепе курсаңчы?

— Мен аны кургум келбей атат. Кыз дагы жалынып сурана баштайт, анда Емеля:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Алтын чатырлуу таш сарайы курулгун дейт. Ал айтып бүтө электе эле алтын чатырлуу таш сарай пайда болот. Тегереги жашыл бак: гүлдөр гүлдөп, куштар сайрашат.

Падыша кызы Марья Емеля менен сарайга киришет да, терезенин түбүнө отурушат. Кыз: — Емеляжан, керилген сулуу жигит боло аласыңбы?

Емеля көпкө ойлонгон жок:

Сыйкырдын күчү менен,
Менин каалоом боюнча.

Ак көңүл азамат, кол менен жасап койгондой келбеттүү болуум керек... Ошентип, Емеля башкача жигит болуп, жаркырап чыга келди.

Ошол убакта кан аң уулоого кетип баратып, мурунку такыр чөлдө ак сарай тургузган ким экенин билип келүүгө бирөөнү жиберет. Чабармандар жетип барып, терезеден кыйкырып сурашты.

— Канды бул жакка конокко алып келгиле, мен өзүм түшүндүрүп берем,— деп Емеля жооп берди.

Кан конокко келет. Емеля тосуп алып, ак сарайга алып барып, дасторконго отургузуп, тамакты жайнатып таштап, тойлой башташат. Кан ичип-жеп, тойбойт:

— Бул, сен кимсиң, ак көңүл азамат? — деп сурайт.

— Макоо Емеля эсиңизде жокпу, сага келсем, сен кызың экөөбүздү бочканын ичине салып туруп бекитип анан деңизге ыргытып жибердиң беле. Мен ошол Емелямын. Кааласам сени, хандыгыңды өрттөп жок кылам.

Кан аябай коркуп кетип, кечирим сурады:

— Менин кызыма үйлөнүп, Емеляжан, байлыгымдын баарын алгын, бирок мени жок кыла көрбө!

Ошо жерден бүт дүйнөгө той берип, Емеля Марья-ханшага үйлөнүп, кан болуп башкарып калды.

Жомок да бүтүп баратат, ким укса, ошол азамат!

# СИВКА-БУРКА

Илгери-илгери бир чал жашаган экен. Анын үч уулу болуптур. Эң кичүүсүн эл Иванушка-кем акыл дешчү экен.

Бир жолу чал буудай себет. Аштыгы абдан жакшы чыгат, бирок аны бирөө күндө келип тебелеп-тепсеп кетип жүргөн болот.

Уулдарын чакырып алып, чал мындай деп айтат:

— Кагылайын, балдарым! Кезек менен күзөткө туруп, ууруну кармагыла!

Биринчи түнү буудайды улуу баласы кайтарганы барат да, уйкусу келип, үйүлгөн чөптүн ортосуна кирип алып, түнү менен уктап чыгат.

Эртең менен үйгө келип:

— Түнү бою аштыкты кайтарып, уктабай чыктым! Чыйрыгып да кеттим, бирок эч кандай ууруну көргөнүм жок,— дейт.

Экинчи түнү кароолго ортончу уулу жөнөйт. Ал да түнү бою чөптүн арасына кирип алып, уктап чыгат.

Үчүнчү түнү Иванушка-кем акылдын кезеги келет.

Койнуна таттуу токочтон салып, колуна аркан алып, жөнөп кетет. Талаага келип, ташка отурат да, токочун жеп, уктабай уурунун келишин күтөт.

Түн ортосунда аштыкка келишкен жылкы келет — бир кылы күмүш, бир кылы алтын, дүбүртүнөн жер дүңгүрөйт, кулактарынан түтүн буркурап, таноолорунан жалын чачырайт.

Чуркап келип баягы жылкы буудайды жей баштайт. Жегенинен да туяктары менен буудайдын көбүн тебелеп-тепсейт. Иванушка акырын жакындап барып, жылкынын мойнуна сыйыртмак салат.

Жылкы ары жулкунду, бери жулкунду, бирок бошоно албады. Иванушка жонуна чап минип, жалынан катуу кармады. Жылкы чунаңдап талаанын бир четинен экинчи четине чыкты, бирок үстүндөгүдөн кутула албады.

Акыры жалбарып, Иванушкадан өтүнө баштады:

— Иванушка, коё бер мени!

— Болуптур, коё берейин,— дейт Иванушка,— бирок сени кайра кантип таба алам?

— Аны үчүн кең талаага чыгып, үч жолу катуу ышкыр, баатырдык үн менен: «Сивка-Бурка, келе көр, так алдыма тура көр!» — десең эле — мен алдыңда даяр болом.

Экинчи аштыкты жебейм да тепсебейм деген убадасын алып, жылкыны коё берип жиберет.

Эртеси Иванушка үйүнө келет.

— Кана, түндө талаадан эмне көргөнүңдү айтчы? — деп сурайт андан агалары.

— Укмуштай жылкы кармадым,— дейт Иванушка,— бир кылы — күмүш, бир кылы — алтын.

— Анан ал жылкы кайда?

— Ал аштыкты экинчи жеп-тепсебейм дегенинен коё бердим.

Иванушканын айтканына агалары ишенбей, аны шылдыңдап аябай күлүштү. Бирок ошол түндөн тартып аштыкка эч ким тийбей калды.

Ошондон көп узабай падыша айыл-апага жар салат:

— Боярлар жана дворяндар, көпөстөр жана кедейлер, падышанын сарайына чогулгула! Падышанын кызы Елена Сулуу өзүнүн бөлмөсүндө бийик секичеде отурат. Кимде-ким ат менен секиртип кан-бийкечке жетип, колундагы алтын шакегин алалса, кызым ошол жигитке күйөөгө чыгат.

Айтылган күнү Ивандын агалары падышанын сарайын көздөй жөнөп калышат — өздөрү аттарын секиртиш үчүн эмес — башкалардыкын көрүш үчүн. Иванушка аларга:

— Байкелер, мага деле бир эптеген ат берсеңер, мен да Елена Сулууну көрүп келейин,— дейт.

— Элдин күлкүсүн келтирип, сендей кем акылга эмне жок! Мешиңдин үстүндө отура бер, күл сапырып!

Агалары кеткенден кийин Иванушка-кем акыл жеңелерине:

— Мага себет бергиле, эч болбосо токойго барып, козу карын терип келейин,— дейт. Себет алып козу карын теримиш болуп токойго жөнөдү.

Кең талаага чыгып, себетин бадалдын арасына таштап коюп үч жолу катуу ышкырып, баатырдык үн менен:

— Сивка-Бурка, келе көр, так алдыма тура көр! — деп кыйкырды.

Караса жылкы келатат, дүбүртүнөн жер дүңгүрөйт, ку-

лактарынан түтүн буркурайт, таноолорунан жалын чачырайт.

Чуркап келип, Иванушканын астына тык токтоп калды.

— Эмне каалайсың, Иванушка?!

— Падышанын кызы — Елена Сулууну көрсөм дейм.

— Анда менин оң кулагыма кирип, сол кулагыман чык.

Иванушка жылкынын оң кулагына кирип, сол кулагынан чыкканда жомок кылып айта алгыс, сүрөттөп жаза алгыс, укмуштай сулуу жигит болуп калды. Сивка-Буркага минип алып, түз эле шаарды көздөй жөнөп кетти.

Жолдо баратканда агаларын кууп жетип, алардын жанынан жолдун чаңын сапырылтып, алардын далысынан таптап өтүп кетти.

Иванушка түз эле падыша сарайынын астындагы аянтка келди. Караса, аянтта элдин көптүгүнөн бут коёрго жер жок, бийик секичеде терезенин түбүндө Елена Сулуу отурат. Колунда кымбат баалуу шакек жаркырайт. Мына — сулуунун сулуусу!

Бардыгы Елена Сулууну карашат, а бирок ага ат менен секирип жетүүгө батынбайт, ким эле мойнун кыйдыргысы келсин.

Иванушка Сивка-Буркага олбуй-солбуй камчы урду. Жылкысы кошкурунуп кишенеп алып секирди эле, сулуунун колуна аз эле жетпей калды.

Элдин баары таң калды, Иванушка болсо Сивканы бурду да, чапкан бойдон кетип калды.

Элдин баары:

— Бул ким!? — деп кыйкырышты.

Иванушка көздөн кайым болду. Кайдан келгенин, кайда чаап кеткенин эч ким билбей да калды.

Иванушка болсо баягы талаага чаап келип, жылкынын сол кулагынан кирип, оң кулагынан чыгып, баягы эле Иванушка-келесоо болду да калды.

Сивка-Бурканы коё берди да, себетке толтура кылып кыпкызыл болгон чымын кыргыч уулуу козу карындан терип алып, үйүнө алып келди:

— Карасаңар, кандай гана сонун козу карындар?

Жеңелери жинденип, Иванушканы тилдеп киришти:

— Кем акыл десе, кандай козу карын терип келгенсиң?

Иванушка болсо жылмайып күлүп коюп, мештеги ордуна чыгып отуруп алды.

Шаардан кайтып келген агалары көргөндөрүн аялдарына айтып киришти:

— Падышага укмуштай сонун жигит келди! Мындайды биз төрөлгөндөн бери көргөн эмеспиз. Сулууга үч устунча гана жеткен жок.

Иванушка болсо мештин үстүнөн үн катты:

— Агатайларым, ошол жигит мен болуп жүрбөйүн.

— Кем акыл десе, сен ал жигитке жеткиче кайда! Олтура берсеңчи аржакка, чымын кармап!

Эртеси агалары кайрадан шаарга жөнөп калышты. Иванушка болсо себетин колуна алып, козу карын тергени дагы жөнөдү.

Кең талаага чыгып, себетин таштап коюп, үч жолу катуу ышкырып, баатырдык үн менен:

— Сивка-Бурка, келе көр, так алдыма тура көр! — деп кыйкырды.

Караса жылкы келатат, дүбүртүнөн жер дүңгүрөйт, кулактарынан түтүн буркурайт, таноолорунан жалын чачырайт.

Чуркап келип, Иванушканын астына тык туруп калды.

Иванушка Сивка-Бурканын оң кулагына кирип, сол кулагынан чыкканда укмуштай сымбаттуу жигит болуп калды.

Жылкыга ыргып минди да, түз эле падыша сарайына жөнөдү.

Аянтка эл мурункудан да көп жыйылыптыр. Кыздан көз айырбай суктана тиктешет, а бирок секирейин деп эч бири ойлонбойт, моюнун сындырып алабыз деп коркушат!

Иванушка жылкысына камчы урду. Кишенеп жиберип, Сивка-Бурка секирди эле — сулууга эки устунча эле жеткен жок.

Сивкасын буруп, Иванушка чапкан бойдон кетти. Каяктан келгенин көрүп, каякка кеткенин эл билбей калышты.

А Иванушка болсо кең талаага жетип калган.

Сивка-Бурканы коё берди да, өзү үйгө кетти.

Мештин үстүнө отуруп алып, агаларынын келишин күттү.

Агалары үйгө келип көргөндөрүн айта баштashты:

— Баягы жигит дагы келди! Сулууга эки устунча эле жетпей калды.

Иванушка агаларына:

— Агатайларым, ошол жигит мен болуп жүрбөйүн!?

— Унчукпай отурсаңчы, кем акыл!..

Үчүнчү күнү агалары кайрадан шаарга барууга камынышты. Иванушка аларга:

— Мага эч болбосо ат берип койсоңорчу, мен да силер менен барайын.

— Үйдө отур, кем акыл! Ал жерде сен эле жетишпей атсаң да!

Ошенетип айтып, жөнөп кетишти.

Иванушка кең талаага чыгып, катуу-катуу ышкырып, баатырдык үн менен:

— Сивка-Бурка, келе көр, так алдыма тура көр! — деп кыйкырды.

Караса жылкы келатат, дүбүртүнөн жер дүңгүрөйт, кулактарынан түтүн буркурайт, таноолорунан жалын чачырайт. Чуркап келип, Иванушканын астына тык токтоду.

Иванушка жылкынын оң кулагына кирип, сол кулагынан чыкканда сымбаттуу жигит болуп калды да, падыша сарайын көздөй жөнөдү.

Иванушка бийиктеги бөлмөнүн алдына келип, Сивка-Буркага камчы басат. Мурдагыдан катуу кишенеп, туягы менен жер чапчып Сивка-Бурка секирди эле — терезеге жете түштү.

Елена Сулууну албырган эриндеринен сүйүп, жаркыраган шакегин колунан чыгарып алып, Иванушка көздөн кайым болду.

Тегерегиндеги элдин бардыгы:

— Кармагыла аны! Кармагыла аны! — деп колдорун булгалап, кыйкырып киришти.

А Иванушка болсо эбак эле изин таптырбай кеткен.

Сивка-Бурканы коё берип жиберип, бир колун чүпүрөк менен ороп алып, үйүнө келди.

— Сага эмне болгон? — деп жеңелери сураса:

— Козу карын издеп жүрүп бутакка колумду алдырып алдым.— деп коюп, мештин үстүнө чыгып кетти.

Агалары кайтып келип, кандай окуя болгонун аялдарына айтып киришти:

— Баягы жигит дагы жылкысын секиртип, бул жолу Сулууга жете секиртип, колундагы шакегин чечип алды!

Кийинки күнү эртең менен король аялын бөлмөгө жетелеп келди, анда жүн, бир күнгө жетерлик тамак-аш даярдалып коюлган. Мындай деди:

— Мына сага жүн жаркыным. Эгер кечке чейин сен аны ийирбей койсоң, анда башыңды алып жүрө албайсың!

Бөлмөдөн чыгып, эшикти кулпу менен бекитип, жөнөп кетти. Ал кетээр замат терезенин тыкылдаганы угулду. Королева тура калып, терезени ачып жиберди. Караса, карнизде кичинекей капкара шайтан отурат.

— Жүнүң кайда? — деп сурады ал.

— Мынакей! — деп жооп берип, королева жүндү ага бере салды.

Кечинде кайрадан терезенин тыкылдаганы угулду. Королева шашып-бушуп тура калып, терезени ачты. Бул жолу капкара шайтан беш тоголок ийрилген жипти колуна кармап турду.

— Ал! — деп шайтан колундагы жипти ага сунду. — Эми айт менин атым ким?

— Билл, болуп жүрбөсүн — деди королева.

— Жок, тапкан жоксуң — деди шайтан.

— Анда Нед?

— Жок, тапкан жоксуң — деп, шайтан куйругун чамгарактатты.

— Балким Марк болуп жүрбөсүн?

— Жок, тапкан жоксуң,— деп шайтан куйругун мурункудан да бийик чамгарактатты да, күтпөгөн жерден жок болуп калды.

Кечинде король бөлмөгө кирди. Караса беш тоголок ийрилген жип жатат.

— Мен аябай сүйүнүп жатам! — деди ал.

— Бүгүн сени жазага тартпайм. Ал эми эртең эрте сен дагы тамак жана жүн аласың,— деп кетип калды.

Ошентип, күнүгө ага жүн менен тамак-аш алып келип турушту. Күнүгө эртең менен, кечинде кичинекей кара шайтан келип, кетип турду. Королева керелден-кечке отуруп алып, кечинде кандай атты таап айтсам болот деп ойлоп отурат. Бирок бир жолу да анын атын туура тапкан жок! Айдын аягына жакындаган сайын шайтан табалап, туура эмес аттарды айткан сайын ал куйругун ошончолук булактатат.

Мына ушинтип акыркы күнгө бир күн калды.

Шайтан күндөгүдөй эле ийрилген беш тоголок жипти алып келип, мындай деп сурады:

— И, кандай, менин атымды акыры таптыңбы?

— Никодимус,— деди королева.

— Жок.

— Самуил?

— Жок.

— Анда мындай, Мафусаил?

— Жок, жок, такыр андай эмес! — деп кыйкырды шайтан, көздөрү эки көмүрдүн чогундай кызарып турду.

— Уккунуң! Бир күн калды! Таппасаң мени менен эртең кечинде кетесиң!

Королевага коркунуч туулду. Анан бирөөнүн басып келаткан дабышы угулду. Король бөлмөгө кирип келип, түрүлгөн беш жипти көрдү да, мындай деди:

— И, жаркыным, эртең кечинде да беш түрмөк жипти дагы ийрип коёсуң го деп ойлоп жатам, ушундайбы? Ошентип, мен сени өлүм жазасына тартпай калдым! А бүгүн болсо сени менен кечки тамакты бирге отуруп ичели.

Кечки тамакты алып келип, экинчи стулду королго койду. Король тамактанып жатып, күтпөгөн жерден, вилкасын ыргытып жиберип, каткырып, боору эзилгенче күлдү.

— Эмне болду сага? — деп королева сурады.

— Сен угуп турсаң! — деди король.

— Бүгүн токойго ууга барсам, кандайдыр тааныш эмес жерге туш келдим. Ал жерде ээн калган бордуу чуңкур бар экен. Мага бир шумдук көрүндү, анда бир нерсе ыжылдагансыйт. Мен аттан секирип түшүп, чуңкурга барып, ылдый жакты карадым. Анан ал жактан эмнени көрдүм дейсиң? Тырмактай кара шайтанды көрдүм. Ушунчалык күлкүлүү, укмуштай экен. Сен кандай деп ойлойсуң, ал эмне кылып жатты дейсиң? Жип ийрип жатыптыр! Тырмактай ийикке шыпылдап бат-бат ийрип жатыптыр, Ийрип жатып, куйругун булгалактатып, анан ырдап коёт:

Нимми-Нимми-Нот,
А менин атым Том Тит Тот.

Королева муну угаар замат сүйүнгөнүнөн ордунан тура кала жаздады. Бирок эч билдирген жок.

Эртең менен кара шайтан кайра жүн алып кеткени келди да, королевага дагы табалагансып карап койду. Кеч кирип келатканда королева баягы эле терезенин тыкылдаганын укту. Терезени ачып, шайтандын карнизде кытмырланып, оозу кулагына жеткенче күлүп отурганын көрөт. А куйругу болсо, баягыдай эле чамгарактап турат.

Менин атым ким экен? — деп сурады шайтан королевага акыркы түрмөк жипти берип жатып.

— Соломон? — деп унчукту, коркуп жаткандай түр көрсөтүп королева.

— Жок, тапкан жоксуң! — деп күлүп, ал аны көздөй кадам шилтейт.

— Андай болсо Зеведей?

— Тапкан жоксуң,— деп кыткылыктап күлүп, шайтан ого бетер табалады. Куйругун дагы мурункудан өйдө-өйдө чамгарактатты. — Жакшылап ойлон! Дагы бир жолу жаңылсаң — анда мени менен кетесиң! Ал өзүнүн кара колун аны көздөй сунду.

Королева артка бир аз кетенчиктеп, шайтандын көзүнө тике карап, күлүп туруп мындай деди:

Нимми-Нимми-Нот,
А сенин атың Том Тит Тот.

Шайтан муну угар замат ызылдаган бойдон терезеден ары караңгыга житип жок болду. Ошондон бери аны эч ким көрбөптүр.

## АЛТЫН ЧАЧ

### *(Чех эл жомогу)*

Кайсы бир өлкөдө — аты эсимен чыгып кетиптир — заардуу жана тажаал абышка король болуп туруптур. Бир жолу королдун ак сарайына жаңы кармалган балыкты себетке салып алып, соодагер аял келди. Ал королго мындай деп кайрылды:

— Король,— сен менден мобу балыкты сатып ал. Эч качан өкүнбөйсүң.

Король балыкты жактырбагандай карады:

— Мен өзүмүн мамлекетимен мындай балыкты эч көргөн эмесмин. Уулуу балыктыр, балким?

— Оо, койчу! — деп чочуп кетти соодагер аял. — Бул балыкты кууруганга буйрук бер, анан даамын татып эле көр, ошондо сен бардык айбанаттардын, балыктардын жана куштардын тилин, өз ара сүйлөшкөнүн дароо түшүнөсүң. Ал түгүл эң кичинекей коңузча зыңылдаса да, анын эмне каалаганын билип аласың. Муну жесең, жер үстүндө өкүм сүргөн королдордун эң акылдуусу болуп каласың.

Королго эң акылдуу болосуң деген сөз жагып калды. Ал аябай ач көз жана сараң болсо да, соодагер аял менен соодалашып отурбастан, сураган наркынын акысын берип, балыкты сатып алды. «Мына эми жыргайм,— деп король каржайып сөөгү чыгып, тамыры көрүнгөн колун ушалап кубанды: «Дүйнөдөгү эң акылдуу король болом, бүт дүйнө жүзүн багындырып алам. Муну бөркүндөй эле көрүшсүн! Эми менин кастарымын көзүнөн жаш эмес, кан агат».

Король өзүнүн жаш малай-кызматкери Иржикти өзүнө чакырып, балыкты түшкү тамакка кууруп коюуну буюрду:

— Бирок эч кандай куулук-митаамдык кылбайсың! — деп айтты король Иржикке. — Эгер сен мына ушу балыктын бир эле үзүм этин жесен, башынды алдырамын!

Иржик королдун мындай буйругуна таң калды. Тамактын даам-тузун көрбөй ашпозчу-малай король үчүн кантип тамак даярдамак эле?

Иржик балыкты ашканага апкелип, анын аржак-бержагын карап, ого бетер таң калды. Анткени мындай балыкты эч качан көргөн эмес. Балыктын ар бир кабырчыгы күндүн желеси сымал, ар кандай түстө кубулуп чагылышып турду. Мына ушундай балыкты тазалоо да, кууруу да өтө аянычтуу эле. Бирок королдун буйругуна кантип каршы чыкмак элең.

Иржик балыкты кууруп жатып анын бышканын же бышпаганын биле албай койду. Балык же кызарып чыкпайт, же сырты кабыктанып катпайт, же өңү-түсү өзгөрбөйт.

«Балыктын бышкан-бышпаганын кантип билсе болот»,— деп ойлоду Иржик. «Даамын көрүү керек».

Ошентип ал балыктын этинен бир үзүм алып, чайнап көрүп, жутуп ийди — бышкандай эле сезилди. Ошол учурда зыңылдаган ипичке үндөр угулуп калды:

— Бизге да бир күкүмүнөн берсеңиз. Бизге да ооз тийгизсеңиз. Куу-рул-ган ба-лык-тан!

Иржик эки жагын карады. Жанында эч ким жок. Чымындар эле балык салынган идиштин үстүндө учуп жүрүшөт.

— Ээ-хе! — деди Иржик. — Эми мен бул балыктын касиетин биле баштадым.

Ал балык салынган табакты шамал согуп турган ачык терезенин тушуна бир аз муздасын деп коюп койду. Ошол учурда сыртта терезенин тушунда короодо акырын гагалап каздар басып баратты. Иржик алардын үнүн бир аз тыңшап туруп, бир каз экинчисинен төмөнкүдөй деп сураганын укту:

— Каякка барабыз? Каякка барабыз?

Экинчи каз биринчисине мындай деп айтты:

— Тегирменчинин арпа аңызына барабыз! Тегирменчинин арпа аңызына барабыз.

— Ээ-хе! — деди Иржик кайрадан, анан мыйыгынан жылмайды: — Эми мен бул балыктын касиетин толук билдим. Арийне, балыктын бир тилими аздык кылар.

Ошентип Иржик балыктын экинчи тилимин да жеп алып, балыкты күмүш табакка салып, үстүнө даамдуу татым чөптөрдөн майдалап туурап, королдун алдына апарып койду.

Ошондон баштап Иржик айбанаттар бири-бири менен эмне тууралуу сүйлөшкөнүнүн баарын билип алчу болду. Ал ошондой эле айбанаттардын жашоосу, адамдар ойлогондой, анча деле жеңил эмес экенин, айбанаттардын деле кайгы-капасы, көрө турган камкордуктары бар экенин билди. Мына ошондон баштап Иржик айбанаттарды аёочу болду, эгер кырсыкка учураса, тырнактай, кичине жан болсо да жардам берүүгө аракет жасачу.

Түшкү тамактан кийин король эки аргымак атты токутуп, Иржикти өзү менен кошо сейилдеп келүүгө чакырды.

Король алдыда бастырып баратты, а Иржик болсо анын аркасынан ээрчип бастырды. Иржиктин жулкунган аргымагы озунуп алдыга өткүсү келет. Иржик тизгинди араң-араң тартып, артта келатты. Аргымак азынап ийди эле, анын эмне дегенин Иржик дароо түшүндү.

— Их-хи! — деп азынады аргымак. — Кана, тууган, тaскак уруп, бир дем менен алиги тоону ашып кетели.

— Ошентсек жакшы болот эле го, — деп жооп берет ко-

ролдун аргымагы,— бирок мени мынабу картаң аңкоо минип баратпайбы. Жыгылып, омурткасын омкоруп алышы ажеп эмес. Канча кылса да король эмеспи, жыгылып уят болбосун.

— Омурткасын омкормоктон сындырсын,— деп айтты Иржиктин аргымагы. — Ошондо сени чалдыбары чыккан бул абышка эмес, жаш король минип жүрөт болчу.

Иржик акырын бырс этип күлүп ийди. Бирок король да аргымактардын сөзүн угуп түшүнүп, Иржикти карап калды. Өтүгүнүн тумшугу менен Иржиктин аргымагын капталга нукуй тээп, Иржиктен сурады:

— Сен эмне күлөсүң, акмак?

— Сиздин королдук улуу урматтуулугуңуз, бүгүн ашканада эки ашпозчу аял уруша кетип, чачташа түшкөнүн эстеп күлүп ийдим.

— Көзүңө карап жүр, болбосо бирди көрөсүң! — деп кекете коркутуп койду король.

Ал, албетте, Иржиктин айтканына ишенген жок, ачуулана атынын башын буруп, ак сарайын көздөй таскактатып жөнөдү. Ал сарайга келген соң, король Иржикке бир стакан шарап куюп берүүнү буюрду:

— Бирок, көзүңө кара, эгер бөксө куйсаң, же ашырып бир тамчысын агызсаң — башыңы алууга буйрук берем!

Иржик шарап куюлган кумараны алып зор стаканга этиеттеп шарап куя баштады. Так ошол учурда ачык турган терезеге эки чымчык куушуп кирип келди. Бөлмөнүн ичинде учуп-кайып чокушуп урушуп жүрүшөт. Чымчыктын бири тумшугуна үч тал алтын чачты тиштеп алыптыр, ал эми экинчиси болсо аларды тартып алмакчы болуп жатты.

— Бергин! Бергин! Булар меники! Ууру десе!

— Бербейм! Сулуу кыз өзүнүн алтын чачын тарап жатканда түшкөн чачтарын мен илип алгам. Мындай чач дүйнө жүзүндө жок. Бербейм! Ал кыз кимге турмушка чыкса, ошо күйөөсү аябай бактылуу болот.

— Бергин! Бергин! Ууруну сок!

Чымчыктар чокушуп-тебишип ачык терезеден кайра учуп чыгып кетишти. Бирок чымчыктын тумшугунан үч тал алтын чачтын бир талы үйдүн таш тамандына түшүп, жылтылдап шыңгыр дей түштү. Иржик кылчайып бурула карайм деп шараптан бир-эки тамчы төгүп алды.

— Колго түштүңбү! — деп кыйкырды король. — Эми өз өмүрүң менен коштошо бер, Иржик!

Иржиктин шарапты төгүп алганына король кубанып кетти, анткени эми аны жок кылып, биротоло кутулса болот. Король дүйнөдөгү жападан-жалгыз эң акылдуу адам болууну самаган. Ким билсин, балким мына ушу жапжаш, шайыр малай-кызматчы куурулган балыктын этинен жашырып ооз тийип койгондур. Анда ал королдун коркунучтуу кас кишиси болору шексиз. Бирок ошол учурда королдун башына жакшы акыл кире калбаспы. Ал жерге эңкейип, бир тал алтын чачты алып, Иржикке сунуп, мындай деп айтты:

— Жазмышың ушундай экен. Мен сага, ак көңүлдүк кылайын, эгер сен мынабу алтын чачын жоготкон кызды таап, мага аялдыкка апкелип берсең, сени өлүм жазасынан кечиремин. Ушу алтын тал чачты ал да, жөнө. Изде!

Иржикте кандай арга болмок эле? Бир тал чачты алып, жолго камынып, ат минип калаадан чыгып жөнөп кетти. Каякка барарын билбейт. Кайда барсаң өзүң бил дегендей ат тизгинин бош коё берди, ат болсо өзү билип ээн чөлдөгү жолго салды. Жол деген эле аты болбосо, небактан каттаган жан жок, чөп басып калыптыр. Ошо жол акыры тоо боорундагы калың токойчого алпарды. Дөбөдө от күйүп турганын, анын тегерегиндеги кургак үймөк чөп күйүп бараткынын Иржик көрө койду. Койчулар от жагып, анысын суу куюп, же тебелеп өчүрүп койбостон кете беришкен экен, андан кургак үймөк чөп күйө баштаптыр! А кургак үймөк чөптүн алдында кумурсканын уюгу бар экен. Кумурскалар карбаластап, ары-бери чуркашып, уюктун ичинен өз байлыктарын — аппак жумурткаларын, кургак бутактарды, майда курттарды жана ар кандай даамдуу даамдарды жанталашып ташып чыгарып жатышты. Кумурскалар Иржиктен жардам сурап кыйкырып жатканын ал дароо укту.

— Жардам бер, Иржик! Сактап кал! Күйүп баратабыз!

Иржик атынан дароо секирип түшүп, бадалдан кыя коюп, чапкылап, жалынды өчүрдү. Кумурскалар аны айланта курчап алышып, муруттарын кыймылдата, эңкее жүгүнүшүп, алкыш айтып жатышты:

— Ыракмат, сага Иржик! — Сенин жакшылыгыңды кылым бою унутпайбыз! Эгер сага жардам керек болуп калса,

биз сенден эч аянбайбыз. Бизге ишен, жакшылыкка жакшылык менен жооп беребиз.

Иржик калың токойчонун ичине бастырып барды. Кимдир бирөөнүн муңдуу кыңылдаганын укту. Эки жагын караса, бийик карагайдын түбүндө — бактын башындагы уядан жерге түшүп калган карганын эки балапаны онтоп, суранып жатат:

— Жардам бер, Иржик! Бизге тамак бер! Ачтан өлмөй болдук! Апабыз менен атабыз учуп кетишти, а биздин канатыбыз учканга али жетиле элек.

Король Иржикке атайлап картаң, чобур атты мингизип жиберген. Ал араң эле төрт аягына турчу, турганда да калтырап-титиреп араң турчу. Кадам шилтеп, басуу ага өзүнчө бир кыйноо эле.

Иржик атынан секирип түшүп, ары ойлонуп бери ойлонуп, акыры атын мууздап, терисин сыйрып, этин карганын балапандарына тамак болсун деп калтырды.

— Каак-ка-ак, Ир-жик! Каак-каак! — деп карганын балапандары кубана кыйкырышты. — Биз сенин бул жакшылыгыңды унутпайбыз!

Иржик андан ары жөө кетти. Чер токойду аралап көпкө жүрдү, улам нарылаган сайын бак-дарактар улам катуулап шуулдап, шамал дарактардын баштарын улам жапырылта ийип, силкилдете баштады. Анан тоонун башындагы шуулдаган шамал үнүнө толкундун шарпылдаганы кошулуп, Иржиктин бет алдында деңиз жатты. Деңиздин кумдуу жээгинде эки балыкчы өз ара талашып-тартышып турушкан экен. Балыкчынын биринин торуна алтын балык түшүптүр, балыкчынын экинчиси ал балыкты мага бересиң деп талап кылып жатыптыр:

— Менин торума түшкөн соң — ал менин балыгым эмеспи,— деп айтты бири.

— А кайык кимдики? — деди экинчиси.

Балыкчылар бири-бирине улам катуулап кыйкыра баштапты, анан жеңдерин түрүнүп киришти. Эгер ортого Иржик аралашпаса, балыкчылар мушташып кирмек.

— Ачууңарды токтоткула! — деп айтты ал балыкчыларга. — Бул балыгыңарды мага саткыла, ал эми акчасын экөөңөр тепетең бөлүп алгыла. Ошондо эки жакка тең болот.

Король жолго зарптоого берген бардык акчасын Иржик балыкчыларга берип, алтын балыкты алып, деңизге коё берип ийди. Балык куйругу менен деңизди бир чаап, суудан башын чыгара, мындай деп айтты:

— Жакшылыкка — жакшылык! Эгер менден сага жардам керек болсо, мени чакыр. Мен сүзүп жетип келем.

Иржик жээкке эс алып отуруп калды. Балыкчылар андан мындай деп сураштты:

— Каякка сапар тартып баратасың, жоомарт адам?

— Өзүмүн карт королума колукту издеп жүрөм. Аялдыкка алтын чач сулуу кызды апкелип бересиң деп буйрук берген. Ал Алтын чачты кайдан издөөнү билбейм.

Балыкчылар бирин бири тиктешип, Иржиктин жанына кумга отурушту.

— Анда мындай,— дешти балыкчылар,— сен бизди элдештирип койдуң, биз деле бирөөнүн жакшылыгын унутпайбыз. Сага жардам берели. Алтын чачтуу сулуу кыз дүйнө жүзүндө бирөө эле. Ал биздин королдун кызы. Те-тетиги деңиздин ортосундагы аралды көрдүңбү, ошол аралдагы хрусталь айнектен салынган ак сарайды көрдүңбү? Алтын чач мына ошол ак сарайда жашайт. Ар күнү таң алдында ал кыз өзүнүн алтын чачын таранат. Ошондо деңиздин үстүндө жаркыраган алтын таң пайда болот, анын жарыгынан биз өзүбүздүн кепелерден ойгонобуз, тор салып, балык уулоого убакыт жеткен экен деп дароо билебиз. Биз сени аралга жеткирип коёбуз. Бирок ал сулуу кызды ажыратып билүү өтө кыйын.

— Эмне үчүн кыйын? — деп сурады Иржик балыкчылардан.

— Анткени, биздин королубуздун он эки кызы бар, алтын чачтуусу бирөө эле. Он эки канайым тең бипбирдей кийим кийишет. Баарынын чачын жапкан такыя-шөкүлөлөрү да бипбирдей. Анысынан чачтары көрүнбөйт. Ошондуктан, Иржик, сенин ишиң өтө оор иш.

Балыкчылар Иржикти аралга жеткирип коюшту. Иржик түз эле хрусталь ак сарайга, королдун өзүнө барды, ага жүгүнүп таазим кылып, аралга эмне себеп менен келген жөнүн айтты.

— Макул! — деди король. — Мен анча кежир адам эмесмин. Кызымды сенин королуңа күйөөгө берем. Бирок ал үчүн

сен үч күн бою менин тапшырмаларымы аткарасың. Макулсуңбу?

— Макулмун! — деп айтты Иржик.

— Жолдон чарчап келдиң, уктап ал. Эс ал. Менин тапшырмаларым сырдуу. Аларды дароо чече албайсың.

Иржик аябай жакшы уктап ойгонду. Түн бою терезеден деңиз шамалы уруп турду, толкун шарпылдап угулуп, ал түгүл кээде-кээде жаткан төшөккө толкундун шапатасы чачырап жетип турду.

Иржик эртең менен эрте туруп, королго келди. Король бир аз ойлонуп, мындай деп айтты:

— Анда сага биринчи тапшырманы берейин. Алтын чач кызым мойнуна ак берметтен тизилген мончокту тагынып жүрчү. Мончоктун жиби үзүлүп, берметинин баары калың чөптүн арасына чачылып кетти. Ошолордун бирин калтырбай кайра чогултуп бер.

Иржик канайымдын берметтери үзүлүп түшкөн шалбаачага келди.

Чөп белден экен, анан да калың өскөнүн айтпа, ал түгүл чөптүн түбүндөгү жер да көрүнбөйт.

— Өх! — деп өкүнө үшкүрүндү Иржик. — Эгер биерде кумурска-досторум болгондо, алар мага жардам беришмек эле!

Анан капилеттен чөптүн арасынан чый-пый эткен үндөрдү укту, тим эле жүздөгөн кичинекей кишичелер анын буттарынын аржак-бержагында жүргөндөй сезилди.

— Биз ушу жердебиз. Биз ушу жердебиз! Сага кандай жардам керек, Иржик? Берметтерди чогултуп берелиби? Бир аз чыда, биз аларды заматта чогултабыз!

Кумурскалар муруттарын серпип-серпип алышып, туш-тушка чуркап кетишти, бир аздан соң Иржиктин бутунун жанына берметтерди биринин артынан бирин ташып келе башташты. Иржик аларды катуу чыйратылган жипке тизүүгө араң үлгүрүп турду.

Мончокту толук чогултуп, королго алпарып берди.

Король берметтерди кайра-кайра, санатынан жаңылып, кайра санап жатып, толук тактап чыкты.

— Баары так! Мунуң дурус, эртең сага мындан оорураак тапшырма беремин, ошого даярдан.

Эртеси күнү Иржик королго келди. Король аны алдыртан кытмыр карап алып, мындай деди:

— Балээ басты! Сууга түшүп жатып Алтын чач кызым алтын шакегин деңизге түшүрүп ийиптир. Аны деңиздин түбүнөн таап чыгуу үчүн сага бир күн мөөнөт беремин.

Иржик деңиздин жээгине барып отуруп, аз-аз жерден ыйлап ийе таштады. Анын бет алдында жыпжылуу, таптаза жана тептерең деңиз жатты чалкып, анын түбүнө түшүп чыгууну ойлоонун өзү эле коркунучтуу болду.

— Эх, деп өкүндү Иржик,— эгер биерде алтын балык болгондо, ал мени бул балээден куткарат эле!

Капилеттен деңиздин карарган суусунан бир нерсе жылт-жулт дей түшүп, тээ түпкүрдөн алтын балык сүзүп чыкты.

— Капа болбо! — деп айтты ал Иржикке. — Мен азыр эле жаян балыктын калканч канатынын талына илинип жүргөн алтын шакекти көрдүм. Эч кабатыр болбо, мен аны азыр апкелип берем.

Көпкө күтүп калды Иржик, анткени алтын балык алтын шакекти сүзгүч канатынын учуна илип алып келгенче бир топ убакыт өткөн болчу.

Иржик алтын балыктын денесин оорутпас үчүн этиеттик менен сүзгүч канаттан алтын шакекти чыгарып алып, балыкка алкыш айтып, ак сарайды көздөй жөнөдү.

— Арга жок,— деди король ага,— кыйын жигит экениң көрүнүп турат. Эртең акыркы тапшырманы алуу үчүн келгин!

Ал эми акыркы тапшырма өтө оор эле: анткени королго мүрөктүн жана тозоктун суусун апкелип берүү керек эле. Ал сууларды кайдан алат? Иржик көзү көргөн жакты беттеп кете берди, бир кезде караса, калың чер токойго жетип барыптыр, токтоп ойлоно баштады:

«А эгер бул жерде баягы карганын балапандары болгондо, мага жардам берээр беле...»

Ал ойлонгон оюнун аягына чыга электе үстү жагынан — канаттардын каккылаганы, каак-каак эткен үндү укту, анан өзүнө тааныш карганын балапандарынын учуп келатканын көрдү.

Иржик аларга өзүнүн кайгысын айтып берди.

Карганын балапандары учуп кетишти, алар көпкө жок болушту, анан бир кезде канаттарын каккылап учуп жетип

келишти. Алар бирине — мүрөктүн суусу, экинчисине — тозоктун суусу куюлган, эки кичинекей көнөчөк идишти тумшуктарына тиштеп, Иржикке апкелип беришти.

— Қаак-каак, ал да, кубанып кал. Қаак-каак, алпар баты-раак!

Иржик кичинекей эки көнөчөк идишчени алып, айнектелген ак сарайды көздөй жөнөдү. Тоонун кырына чыгып, токтой калды, караса, эки дарактын ортосуна кара жөргөмүш желе тартып, ага чымынды торго түшүрүп кармап алып, туштушунан арчындап өлтүрүп, чымындын канын соруп жатыптыр. Иржик тозоктун суусун алып, бир аз кара жөргөмүшкө тамчылатып койду. Қара жөргөмүш дароо мүрт кетип өлүп, буттарын жаая жерге сулап түштү. Чымын дароо жанданып, канаттарын каккылап тордон бошонуп, ызылдап-тызылдап жатып жөргөмүштүн желесин үзүп чыкты. Учуп баратып Иржикке ал мындай деп айтты:

— Өз бак-таалайың үчүн сен мени кайра тирилттиң. Мен сага Алтын чачты таанып билгенге жардам беремин.

Иржик королго мүрөктүн жана тозоктун суусун апкелип берди. Қороль аларды көрүп, таң калганынан «бали» деп жиберди, көпкө ишенген жок, бирок тозоктун суусун ак сарайдын бөлмөлөрүн аралап чуркап жүргөн картаң чычканга тамызып көрдү эле, ал дароо мүрт кетти, ал эми мүрөктүн суусун бактын ичиндеги куурап калган гүлдөрдүн түбүнө тамчылатып койду эле, кайра бүрдөй түшкөнүн көрүп, аябай кубанды. Ишенди. Қороль Иржикти колдон алып, төбөсү алтындалган ак залга жетелеп барды. Залдын орто ченинде тегерек хрусталь стол туруптур, а столду тегерете он эки хрусталь орундукта бирине бири союп каптап койгондой он эки сулуу кыз отуруптур. Иржик айласыздан колун шилтеп, кирпиктерин төмөн түшүрдү — анткени булардын ичиндегилердин кимиси Алтын чач экенин кантип билмек элең! Баары тең упузун, бирдей көйнөк кийишкен, а баштарында болсо чачтарын толук жапкан такыя-шөкүлө. Анын астынан чачтын бир талы да көрүнбөйт.

— Қана, таап ал,— деди король. — Эгер таап калсаң — бактыңдын бардыгы! А эгер таппай калсаң, коколой башың келгениндей, коколой баш кайра кетесиң.

Иржик кулагынын түбүнөн зыңылдаган үндү укту:

— Зыӊ-зыӊ, столду тегеренип бас. Мен сага аны айтып берем.

Иржик башын көтөрүп караса, анын үстүндө кичинекей чымын айланып учуп жүрөт. Иржик столду айланып басып баратты, а канайымдар болсо мисирейип, унчугушпайт. Баарынын теӊ беттери кызарып чыкты. А чымын болсо зыӊылдайт эле зыӊылдайт:

— Ал эмес! Ал эмес! Ал эмес! А бул болсо — ал. Алтын чач!

Иржик анын жанына токтоп, күмөндөнүп тургандай бир азга кууланды да, мындай деп айтты.

— Мынабу Алтын чач-канайым!

— Бактыӊ бар экен! — деп кыйкырды король.

Канайым столдун аржагынан бат эле бери чыгып, чачын жапкан ак жапкычты алып таштады эле, анын алтын чачы ийиндерине жайыла түштү. Ошол замат залдын ичи да алтын чачтын нурунан түрдүү түскө кубулуп, тим эле күн өз нурунун бардык шоолаларын канайымдын чачына тартуулагандай сезилди.

Канайым Иржикти тике бир карап алып, көзүн ала качты, анткени мындай сулуу жана келишимдүү уланды мурда ал эч качан көргөн эмес эле. Канчайымдын жүрөгү түрсүлдөп согуп чыкты, бирок атасынын сөзү — закон эле. Арга жок, картаӊ жана заардуу королго күйөөгө чыгууга туура келет!

Иржик колуктуну өзүнүн кожоюнуна алып жөнөдү. Жол бою канчайымды сактап, анын аты мүдүрүлүп кетпесин деп көз салды, жаандын муздак бир тамчысы да анын ийнине түшпөсүн деп аракет жасады. Ал өз өлкөсүнө сарсанаага батып кайтып келатты. Анткени Иржик Алтын чач канайымды сүйүп калган эле, бирок анысын канчайымга айтууга акысы жок болчу.

Картаӊ, тажаал король сулуу кызды көрөрү менен, кубангандан каткырып күлүп ийди, үйлөнүү тоюн тез өткөрүүгө буйрук берди. А Иржикке болсо минтип айтты:

— Мен сени айткан сөзүмү мурда укпай койгонуӊ үчүн, денеӊи каргалар чокуп жегидей болсун деп, кууралган жыгачка асып өлтүрөйүн дегем. Бирок сен мага колуктуну таап келгениӊ үчүн, өзүмдүн королдук кеӊ пейилдүүлүгүмү көрсөтө-

мүн. Мен сени асып өлтүрбөймүн, мен сенин башыңды алууга буйрук беремин жана урмат-сый менен жерге көмдүрөм.

Эртеси эртең менен Иржиктин башын баталгыга коюп, моюндан бөлө чаптырышты. Алтын чач сулуу колукту зарлана ыйлап, королдон Иржиктин денесин жана башын берүүнү өтүндү. Королдун ачуусу келди, бирок колуктусунун суроосун орундатпай коюудан тартынды.

Алтын чач Иржиктин башын денесине туташ коюп, мүрөктүн суусун сээп койду эле, баш денеге биригип, ал түгүл тактын изи да калган жок. Канайым мүрөктүн суусун Иржикке экинчи жолу сээп өттү эле, ал типтирүү кишидей ордунан секирип турду, ал башын алганга чейинкиге караганда алда канча жаш, алда канча сулуу боло түшүптүр. Анан Алтын чачтан минтип сурап коёт:

— Эмне үчүн мен мынча көпкө катуу уктадым.

— Сен түбөлүккө уктап калмаксың, кымбаттуум, эгер мен сени сактап калбасам,— деп айтты ага Алтын чач.

Король Иржикти көрүп селее ката түштү: ал кандайча тириле калды, анан да татынакай сулуу болгонун кантесиң? Король аябай куу абышка эле, ошондуктан бул окуядан да пайда көрүп калууну эңседи. Өзүнө баш кесерди чакырып, буйрук берди:

— Менин башымды кесип ташта! Андан кийин Алтын чач менин денеме мүрөктүн суусун сепсин. Ошондо мен жаш жана сулуу жигит болуп кайра тирилем.

Баш кесер ырахаттануу менен картаң королдун башын кести. Бирок аны кайра тирилтип алалбай коюшту. Анын денесине мүрөктүн суусунун баарын сээп куюшту эле, баары текке кетти. Кейпи, королдун заардуулугу башынан ашса керек, эч кандай мүрөктүн суусу да жардам бербей калып отурбайбы! Королду ыйлап-сыктабастан эле, барабандын дүңкүлдөгү астында көөмп коюшту. Ал эми өлкөгө акылдуу жана кең пейил башкаруучу керек болгондуктан, эл Иржикти башкаруучу кылып шайлап алышты, анткени ал бекеринен дүйнөдөгү эң акылман адам эмес эле. Ал эми Алтын чач болсо Иржиктин аялы болуп калды, ошентип алар узак жана бактылуу өмүр сүрүштү.

Ошентип, балдар, айбанаттар да жакшылыкка жакшы-

лык менен жооп бере тургандыгын баяндаган жана зардуу, тажаал король кантип башынан айрылганын көрсөткөн жомогубуз да аяктады.

## АКЫЛ ЖЫЙНАГАН КЕҢКЕЛЕС

***(Нигериядан жазылып алынган жомок)***

Күндөрдүн биринде мистер Таш бака мындай ойго кетти: «Килейген кургатылган ашкабакты алайын да ага жарык дүйнөдөгү баардык акылды шыкап салайын. Дүйнөдө акыл жок болуп калса, көрөйүн кандай болорун. Анда балким баарысы макоо болуп калат го! Ашкабакты узун бактын кылда учундагы бутакка илип коём, ага эч ким жете албайт.

Мистер Таш бака кандай ойлосо, ошондой жасады. Бүт дүйнөнү кыдырып басып жүрүп, акылды чогултуп, чоң кургатылган ашкабактын ичине катып жүрдү.

Бир күнү ага бүт дүйнөдөгү акылдын баары анын ашкабагына жыйналгандай болуп көрүндү, бүт дүйнө боюнча бир да акылдуу киши, бир да акылдуу айбан жок деди.

— Ашкабакты жипке байлап, мойнуна илип алып бакка чыкты. Ал жакка чыгуу ага ушунчалык абдан кыйын болду! Ашкабак ага өлгүдөй жолтоо болду.

Дыйкан өтүп баратып Мистер Таш баканы көрүп, сен эмне кылып жатасың деп сурайт.

— Ашкабакты мына бул бактын башына жайгаштырып коёюн дедим эле.

— Андай болсо ашкабакты аркаңа таңып кой, жогору чыкканыңа жеңил болот,— деди дыйкан.

Мистер Таш бака дыйкандын кеңешин угуп, бактын башына бат эле чыгып кетти. Ал жоон бутакка ашкабакты байламак болуп жатып, кайра ойлоно калат:

«Бул кандай болуп кетти? Акылдуулук дагы эле дүйнөдө бар турбайбы. Жок болсо, бул кишинин акылдуу кеңеши кайдан чыкты. Ошентип, мистер Таш бака ачуусу аябай келип, ичине акыл толтурулган ашкабакты жерге ыргытты. Ашкабак жерге келип күп деп бир тийип, бырын-чырын чыкты. Ал эми мистер Таш бака болсо жинденип, бактан жерге түштү.

Кеңкелес дүйнөдөгү бүт акылды кургаган ашкабакка катам деп кеңкелестик кылган турбайбы!

# ЭКИ БАКА

*(Япон эл жомогу)*

Илгери Киото шаары Япониянын борбору болуп турган учурунда, Киотодо бир бака жашачу экен. Ал жөн эле бир жерде жашабастан храмдын короосундагы кичинекей нымдуу кудукта жашачу. Анын ичи жумшак, жабышкак, нымдуу сыз болуп, баканын жашоосуна ылайыктуу эле.

Мына ошентип, ысык жай да келди. Ушунча ысык болгондуктан көлчүк, арык, булактар — баары кургап калды. Эски кудук да таптакыр кургап калды. Түбү жарылып, кургап капкатуу, ичине түшүп отурсаң да кудук экен деп ишенбейсиң!

Байкуш бака башка жакка кетиш керек го деп ойлоду. Каякка барам? «Жакын жердегилердин баары кургап калды. Осака шаарына барып көрөйүнчү, Осака деңиздин жанында дейт, мен деңизди эч качан көргөн эмесмин. Көрөйүн да, кандай экен»,— деп ойлоду.

Бака кудуктан чыгып, Осака шаарына кетчү жол менен акырын секирип жөнөдү.

Осака шаарында болсо дагы бир бака жашачу. Ал чоң тегерек көлмөдө өзүнчө жыргап чардап турчу. Көлмөнүн түбүндөгү балырлардын арасы менен сүзүп, күн тийип турган убакта жылма таштын үстүнө чыгып, кактанчу.

Бирок Осакада да ысык болуп, ал жердеги арыктар, булактар, көлмөлөр кургады. Жанагы бака жашап турган тегерек көлмө да кургап, түбү таптакыр тайыз болуп калды. Бака өмүр бою көлмөдө жашап жүрүп, туруп эле кургакта, чаңдын арасында калды.

«Осакада кургакчылык го! — деп ойлоду бака — Киотого баратып, аны Япониянын борбор шаары дешет го. Бир иштен эки иш болуп, борбордогу дворецтерди жана храмдарды да көрүп алайын».

Бака ушинтип ойлоп, Киотого кетчү жол менен жайбаракат секирип жөнөдү.

Ошентип, эки бака эки жактан бир күндө, ал эмес бир саатта эртең менен эрте жолго чыгышты. Бирөө-Киотодон Осаканы көздөй, экинчиси — Осакадан Киотону көздөй.

Бакалар шашпай жай секирип коюп, отурушат, бир аз секирип, анан отурмай, бир аз секирип анан отурмай. Ошентип алар жолго бир эле маалда чыгып, анан ар бири-биринен ашык эмес, кем эмес жол басса, так жолдун ортосунан жолугушмак.

Осака менен Киотонун ортосундагы жолдо Тэнедзан тоосу бар эле. Бакалар ушул тоого жете келишип, бир аз эс алышты да өрдөп отуруп, акырындап өйдөлөй баштады. Тоо жеринде жүрбөгөндүктөн алар өтө эле жай баратышты.

Алар тердеп-кургап өйдөлөгөндөн өйдөлөй беришти. Ортодо тоо болгондуктан али бирин-бири көрө элек. Ошентип, эптеп тоонун чокусуна тең чыгышканда бирин-бири сүзүп алышса болобу.

— Ушундайбы! — деди киоталык бака.

— Ушундайбы! — деди осакалык бака.

— Мен Киотодонмун — Осакага баратам. А сизчи? — деди киотолук бака.

— Мен Осакаданмын — Киотого баратам. Бизде ушундай кургакчылык болуп кетти! Силерде кургакчылыкпы?

— Осакадабы? Киотодогудайбы? Так эле Киотодогудайбы! — киоталык бака дабдырай түштү.

— Эмне, Киотодо да ысыкпы? Анан эмне, анан эмне! Э, бизде көлмө эмес, кудуктар да какшып калды. Демек, бизге мындан ары баруунун деле кереги жок турбайбы,— деди осакалык бака ындыны өчүп.

— Силерде да, бизде да кургакчылык болсо, андан көрө үйдөн эле өлгөн жакшы эмеспи. Жарым жолдон үйгө кайтуу кандай кордук!

Бакалар тунжурап ойго батышты.

Ойлонуп-ойлонуп, бири-бирин текшерип көргүлөрү келди. Көрүнгөн эле жолоочу эмне деп айтпайт! Ушундай тоого чыккан соң, жок дегенде бул жерден Осака шаарын бир карап алайын. Тоодон караганда, балким, деңизди да көрүп калышым мүмкүн деп ойлогон оюн айтты киоталык бака.

— Эң сонун акыл! — деди осакалык бака. Мен да бул чокудан карап көрөйүнчү. Бияктан Киота шаарынын храмдарын жана сарайларын көрсө болот да.

Экөө тең арткы бутуна туруп, бар болгон бойлорун созунуп, көздөрүн тостойтуп тээ алысты карай баштайт. Карап-

карап, бир убакта киоталык бака жерге шалп этип түштү да, ачуулана: — Бул эмнеси? Эч кандай деле жаңы, кызыктуу нерсе жок. Тим эле биздин Киотонун өзү! Баары эле деңиз, деңиз деп калышат. Осакадан эч кандай деңиз-меңиз көргөн жокмун,— деди.

Осакалык бака андан калышпайт:

— Деги эмнеси! Каяктагы борбор! Биздин Осаканын эле өзү. Мен болсо борбордук храмдарды, сарайларды көрөм деп жүрбөйүмбү. Чынын айтсам кызыгарлык деле эчтеке жок, баары эле биздикиндей экен!

— Мындай болгондон кийин Киотого кайтыш керек! — деди киоталык бака. Нөшөрдү үйдөн күтөбүз.

— Мындай болгон соң — Осакага кайтышым керек — деди осакалык бака. Жаан жааса, үйдө деле суу болоор.

Бакалар коштошуп, ар кими өз жагына багыт алып, тоо ылдый шалпылдап жөнөштү.

Анда эмне болду?

Анткени киоталык бака Осаканы көрбөй эле, өзүнүн Киотасын, а Осакалык бака Киотаны көрбөй эле Осаканы көрушкөн.

Анткени баканын көзү төбөсүндө эмеспи. Качан алар арткы бутуна туруп, баштарын созгондо, көздөрү артын карап калган.

Ошондуктан алар астын мойнун созгондо көрбөстөн, ар ким өз келген жагын көрүп кете беришкен.

Бирок бул жөнүндө өздөрү билишкен жок.

Ошентип осакалык бака Осакага, өзүнүн көлмөсүнө кайтып, келди да, балдарына кайгылуу мындай деди:

— Осакабы, Киотабы,— баары бир саз экен.

Ошондо балдары аябай ыйлашты.

Ошондон улам элде: «Баканын баласы — баары бир бака»,— деп айтылып калыптыр.

А киоталык бака Киотага — баягы ордуна келип, өзүнүн кудугуна кирди да, коңшу бакаларга:

— Бу жарык дүйнөдө эч кандай деңиз жок! — деп жарыя кылды. Ошондон улам: «Кудук бакасы деңиз билбейт»,— деп айтылып калыптыр.

# ОРУС КЛАССИКТЕРИНИН ЧЫГАРМАЛАРЫ



*В. Одоевский*

## АЯЗ ИВАНОВИЧ

Бир үйдө эки кыз — Иштүү кыз менен Жалкоо кыз жашоочу. Алар менен чогуу тарбиячы да турчу.

Иштүү кыз акылдуу болучу, ал тарбиячысыз эле өзү эрте турчу, кийинчү да, ишке киришчү: меш жагып, камыр жууруп, үй шыпырчу, корозго жем берип, андан соң суугa барчу.

А Жалкоо кыз ал убакта төшөктө жатчу, буту-колун чоюп, керилип, улам бир капталына оодарылчу, жаткандан кантип жадасын, уйкусурап минтчү: «Нянюшка, байпагымды кийгизип койчу, бутумун боосун байлап койчу, нянюшка, бөлкө жокпу?» — дей берчү. Жалкоо турган соң секирип-секирип алат да терезенин түбүнө отуруп алып, чымын санай баштайт, канчасы учуп келди да, канчасы учуп кетти. Баарын санап бүткөн соң эмне кыларын билбейт: тамак жейин дейт, жегиси келбейт, жанагинтип чымын санайын дейт, андан да тажайт. Отуруп алып ыйлайт, эриктим деп баарына даттанат, ага бирөө күнөөлүүдөн бетер.

Анын ортосунда Иштүү кыз безилдеп суу алып келип, тундуруп, идишке куят. Андан да жакшысы — деле ойлоп тапкыч: эгер суу ылай болсо бир барак кагазды ороп, ага өчкөн көмүрдү же кесек кумдан салып, аны кумаранын оозуна коёт да, сууну чыпкалай баштайт. А суу болсо, билсең, өчкөн көмүрдөн же кумдан куду хрусталдай мөлтүрөп сызылып чыга баштайт. Аны бүтүп Иштүү кыз байпак токуй баштайт же жоолук саят, болбосо кол өнөрчүлүк ырын созолонтуп коюп, көйнөк бычып-тигип кирет. Ошентип, ал эч качан эрикчү эмес, эрикkenге убактысы да жок болчу, антип-минткенче кеч кирип, күн да өтүп кетчү.

Бир жолу мындай кырсык болду:

Иштүү кыз кудукка барат, чаканы аркан менен ылдый түшүрө баштаганда, арканы үзүлүп, чакасы кудукка түшүп ке-

тет. Эмне кылыш керек? Байкуш Иштүү кыз ыйлап-ыйлап, өзүнүн башына түшкөн кырсыгын жана кайгысын тарбиячыга айтканы жөнөйт. Тарбиячы Просковья болсо ушунча каардуу жана катуу аял эле, мындай дейт: кырсыкты өзүң кылдыңбы — өзүң ондо, чаканы өзүң түшүрдүңбү — өзүң алып чык деп.

Башка айла жок, байкуш Иштүү кыз кайрадан кудукка келет да арканга жармашып, кудуктун түбүнө түшөт. Ушул жерден бир укмуш болот. Түшөрү менен караса маңдайында печка турат, анын үстүндө токоч отурат. Ал ушунчалык сонун, какталып бышыптыр. Май токоч эки жагын каранып, өзүнчө кобурайт:

— Мен даярмын, кызардым, кант менен, мейиз менен да жуурулуп какталып, майга быштым. Ким мени мештен алса, ал мени менен кетет.

Иштүү кыз көпкө ойлонуп турбай, күрөкчөнү ала коюп, аны менен май токочту сузуп алып, койнуна сала койду. Анан андан ары кетти. Барса, алды жагында калың бак. Анын ичиндеги бир бакта алтын алмалар шак ийилип турат. Алманын жалбырактары дирилдеп, өз ара сүйлөшөт:

— Биз, ширин алмалар, бышканбыз. Бактын тамырлары аркылуу сугарылганбыз, жамгырга кирингенбиз, бизди бактан ким үзүп алса, ошол бизди өзүнө алат.

Иштүү кыз бакка жакын барып, бутагын кармап, күбүдү. Ошондо алтын алмалар кыздын көйнөгүнүн этегине төгүлдү.

Иштүү кыз андан ары барды. Караса, анын алды жагында аябай картаң абышка Аяз Иванович отурат. Чачы апапак болуп, муздан жасалган секичеде карды тоголоктоп жеп жатат, башы силкинсе, чачынан бубак себеленет, дем алганда оозунан түтүн буркурайт.

— А!-деди ал,— Абдан жакшы, Иштүү кыз!

Ыракмат, мага май токоч алып келгениңе, көптөн бери ысык эчтеке жей элекмин.

Ушу жерден Иштүү кызды жанына отургузуп алып, экөө бирге эртең мененки тамакка токочту жана алтын алманы жешти.

— Мен билем, эмне үчүн келгениңди,— деди Аяз Иванович, менин муздак суума чаканды түшүрүп жибергенсиң, ча-

канды берээрин берем, бирок үч күн мага кызмат кылып бер. Акылдуу болсоң сага жакшы, жалкоо болсоң анда жаман. А эми,— деп кошумчалады Аяз Иванович,— мага, карыяга эс алууга убакыт жетти. Барып, мага төшөк сал да мамыкты жакшылап кара.

Иштүү кыз макул болуп, үйүнө барышты. Аяз Ивановичтин үйү бүт бойдон муздан жасалыптыр: эшиги дагы, терезеси да, полу дагы муздан, ал эми дубалдары кардын бүртүкчөлөрү менен коозделгон. Анысы күнгө чагылышып, үйдүн ичинин баары жакуттай, жаркырап турат. Аяз Ивановичтин төшөгүндөгү мамыктын ордуна үлбүрөгөн кар толтурулган экен, ушунча суук, эчтеке жасай албайсың.

Иштүү кыз карыяга жатканына жумшак болуш үчүн карды чапкылай баштады. Ошол убакта кыздын колу үшүп, катып калды. Манжалары кышында кир чайкаган байкуш кедейлердикиндей болуп, аппак болуп калды. Бетиңе шамал урат, жууркан-төшөк катып, калдырап калат, кылар иш жок.

— Эчтеке эмес,— деди Аяз Иванович,— колуңду кар менен ушаласаң үшүк кетип калат, чыйрыкпайсың. Мен ак көңүл абышкамын. Карачы, менин укмушумду!

Ушу жерден ал өзүнүн мамыгы мен жууркканынын чекесин көтөрдү эле, Иштүү кыз төшөгүнүн астындагы көгөрүп өсүп келе жаткан чөптү көрдү. Кыз байкуш чөпкө боору ооруду.

— Ак көңүл абышкамын дейсиң,— деди Иштүү кыз — андай болсо эмне үчүн көк чөптү кардан жасалган мамыктын астына алып отурасың, жарыкка чыгарбайсыңбы?

— Жарыкка чыгарбайм, убакыт жете элек, али чөп күчүнө кире элек. Күзүндө дыйкандар аны сээп коюшкан, анан ал чыгып калды. Азыр жарыкка чыгарсаң, кыш аны үшүтүп коюп, анан чөп жазында чыкпай калмак. Ошондуктан жаш чөптү кар мамыгым менен жаап, кар шамалы менен учуруп кетпесин деп өзүм да ага жатып алдым. Жаз келсе кар мамык эрип, чөп көгөрөт, анан даны пайда болот. Данды дыйкандар жыйнап алып тегирменге алып барат. Тегирменчи данды тегирменден өткөрүп, ун болот, ундан, Иштүү кыз, нан бышырасың.

— Аяз Иванович, эмне үчүн кудукка кирип отуруп алгансың, ошону мага айтсаңыз? — деди Иштүү кыз.

— Менин кудукка отурган себебим,— деди Аяз Иванович,— жаз салкын болгондуктан жайдын орто чени болсо да суусу муздак болот.

— Эмне үчүн Аяз Иванович, кышында көчөлөрдө жүрөсүң да бирөөнүн терезелерин каккылайсың? — деди Иштүү кыз.

— Менин терезелерди каккан себебим,— деди Аяз Иванович — мешин жагып жылытсын, морун убагында тапсын, анткени мен билем илээндилерди. Мешин жагып, анан трубасын жаппай коёт, же тескерисинче, көмүр аягына чейин күйүп бүтпөйт, ошондуктан үйдүн ичине ис толуп кетет, андан баш ооруйт, көзү тумандайт, же болбосо истен өлүп калышы да мүмкүн. Андан кийин дагы терезени каккан себебим: кээ бирөөнүн отуну жок, сатып алыш керек, ошон үчүн терезени каккылайм, жардам берүүнү унутпас үчүн.

Бул жерде ак көңүл Аяз Иванович Иштүү кыздын башын сылап коюп, барып кардан салынган төшөгүнө жатты. Иштүү кыз ошо маалда үйдүн ичин тазалап, ашканага барып тамак бышырып, абышканын көйнөгүн жамап, жууган кирин таптап койду. Абышка ойгонуп, баарына ыраазы болуп. Иштүү кызга ыракмат айтты.

Анан алар тамак ичкени отурушту. Тамак абдан даамдуу болчу, айрыкча балмуздак сонун, муну абышка өзү даярдаган.

Ошентип, Иштүү кыз, Аяз Ивановичтин үйүндө үч күн турду.

Үчүнчү күнү Аяз Иванович Иштүү кызга мындай деди:

— Ыракмат сага, акылдуу кыз экенсиң, сен мени жыргаттың, мен сага карыз болуп калбайм. Өзүң билесиң, ишмерлиги үчүн эл акча алышат, мына сенин чакаң, чакаңа бир кочуш күмүш тыйын салып койдум, буга кошуп, мына сага эстеликке күмүш билерик, жоолугуңа төөнөп ал.

Иштүү кыз ракмат айтып, чаканы алды да, кайрадан кудукка келди. Жип менен сыртка — жарык дүйнөгө чыкты.

Ал үйүнүн жанына келер замат, дайыма жем берип жүргөн корозу аны көрө коюп, сүйүнүп кетип, дубалга учуп барып конуп, кыйкыра баштады:

> Кукареку-кукареку!
> Иштүү кыздын чакасы толтура тыйын акча!

Иштүү кыз үйүнө келип, болгондун баарын айтып берди, тарбиячы аябай кызыгып угуп бүткөн соң Жалкоо кызга мындай деди:

— Мына, көрдүңбү, Жалкоо кыз, эл иштүү болгондугуна акы алып жатат. Баргын! Абышканын жумушун жасап, үйүн жууп-тазалап жыйнап, ашканага барып тамагын даярдап, көйнөгүн оңдоп, жыртыгын жамап бер. Ошентсең акысына сен да бир кочуш тыйын аласың. Майрамдаганга акчабыз аз болуп жатпайбы.

Жалкоо кыз абышкага барып, такыр жумуш жасагысы келбесе да, бир кочуш тыйын же жакут төөнөгүч алгысы келет.

Мына ошентип, Иштүү кызды туурап, Жалкоо кыз да кудукка барып, жипти кармап туруп, күп этип түз эле түбүнө түштү! Караса, алды жагында меш, мештин үстүндө май токоч отурат, кыпкызыл, тапталып бышкан. Отуруп, эки жакты каранып кобурайт:

— Мен дапдаярмын, майга кызарып быштым, кант менен мейизге аралаш жууруулдум. Мени ким алса, ошол мени менен барат.

Жалкоо кыз мындай деп жооп айтат:

— И, тапкан экенсиң! Өзүмдү убара кылып, күрөктү алып, мешти көздөй созулуп жүрөмбү. Керек болсо өзүң секирип түшөрсүң.

Ал андан ары барса, алды жагынан жемиш багы көрүндү, анда бир дарак турат. Даракты алтын алмалары бар экен. Алмалар ыргалып, жалбырактар менен өздөрүнчө шыбырашат:

— Биз эрте бышып турган алмабыз. Дарак тамыры менен тамактанып, жамгыр суусуна жуунган, бизди ким күүп түшүрсө, ошол өзүнө алат.

— Андай эмес! — деп жооп берди Жалкоо кыз. — Чарчап-чаалыгып колумду өйдө көтөрүп, бутагынан тартып убара болуп эмне кылам, өзү жерге түшкөндө шашпай терип алам!

— Ошентип, Аяз Ивановичтин жанына жетип келди. Абышка мурункусундай эле карды жеп отурат.

— Сага эмне керек, кызым? — деп сурады абышка.

— Менин келгеним,— деди Жалкоо кыз — сизге жумуш жасап берип, анан акысын алайын дедим эле.

— Туура айтасың, кызым,— деди абышка.

— Иштегенде, акысына акча төлөнөт дечи.

Бирок кандай иштегенинди да байкаштырып көрөбүз. Барып, мамыгымды кагып, анан тамак даярда, көйнөгүмдү, ич киймимди жамап кой.

Баратып, Жалкоо кыз жолдон мындай деп ойлоду: «Колумду үшүтүп, өзүмдү өзүм кыйнап жүрөмбү. Мамыгын какпай эле коёюн, Абышка балким байкабай, мамыгына жатып уктап калар».

Абышка чынында эле байкабай калдыбы же билип туруп байкамаксан болдубу, айтор, төшөгүнө жатты да, уктап калды. Жалкоо кыз болсо ашканага барды. Эмне жасаш керек экенин билбейт. Ал тамак жегенди гана жакшы көрчү. Бирок кандай, кантип даярдаш керек экенин ойлош башына да кирген эмес. Аны карап үйрөнүп алууга эрикчү, жалкоолончу. Мына эми эки жагын караса: алды жагында эт, балык, уксус, горчица, квас — баарысы жайнап жатат. А ойлоп-ойлоп, эптеп-септеп көк-сөктү тазалап койду. Эт менен балыкты көп убара болбостон кесип-кесип койду. Ошентип, көк-сөгүн, этти, балыкты горчицаны, уксусту, жуулган-жуулбаганын да баарын бириктирип казанга салып таштады, анын үстүнө кmasты да куюп койду.

«Убара болуп эмне кылам, ар бирин өз-өзүнчө бышырып, ичке баргандан кийин ансыз да баары аралашат»,— деп ойлоду.

Абышка ойгонуп алып, тамак сурады. Жалкоо кыз казанды ошо бойдон көтөрүп келди, дасторкон да салган жок.

Аяз Иванович тамакты татып көрүп, жактырбады, ал эми тишине кум урунуп кычырап кетти.

— Тамакты жакшы даярдайт көрүнөсүң, бышканда көрөбүз го,— деп мыйыгынан күлдү абышка.

Жалкоо кыз жасаган тамагынын даамын эми өзү татып көрүп, ошо замат түкүрүп таштады. Абышка болсо тамагын төгүп таштап, анан өзү тамак даярдап кирди. Абышканын даярдаган тамагы ушунчалык даамдуу болду дейсиң, Жалкоо кыз такыр тойбой бармагын жалап жиберди.

Тамактан кийин чал жатып эс алайын деди да, Жалкоо кызга көйнөгүм, ич-кийимдерим тигиле элек деп эскертти.

Чарчай турган жумуш жок болсо да Жалкоо кыз тултуя

түштү, көйнөк менен ич кийимдерин карай баштады. Мына сага, көйнөк менен ич кийим дегенди Жалкоо кыз киерин кийчү, бирок кантип тигилерин билчү эмес, ийнени алды эле, көнбөгөн неме колун сайып алды, мына эмесе деп ыргытып жиберди. Чал болсо дагы эчтекени байкамамыш болуп, Жалкоо кызды кечки тамакка чакырып, андан соң жаткырып да койду.

Жалкоо кызга бул майдай жагып, ичинен ойлойт: «Балким өтүп кетээр. Эжекем эмне анча жанын кыйнады экен десең, чал боорукер экен, мага мындай деле берет күмүш тыйынды».

Үчүнчү күнү Жалкоо кыз Аяз Ивановичке келип, кызмат акымды берип, мени үйүмө жибериңиз деп суранды.

— Ой, сен кандай жумуш кылдың? — деп сурады чал. Кептин чынына келгенде, сен мага төлөшүң керек, анткени сен мага кызмат кылбай мен сага кызмат кылдым.

— Кантип? — деди Жалкоо кыз. — Мен ушул жерде үч күндөн бери жүрбөймүнбү?

— Билесиңби, садагам,— деди чал — сага кандай айтам: жөн эле жүргөн менен иштеп жүргөндүн ортосунда айырма бар го, муну билип ал, кийин кереги тиет. Болуптур эми, бетиң чыдаса бекер жүргөнүңө деле төлөйүн, ишиң кандай болсо, алганың ошондой болот.

Ушул сөздөрдү айтып, Аяз Иванович Жалкоо кыздын бир колуна күмүш тыйын, бир колуна жакут карматты.

Жалкоо кыз ушунча сүйүнгөнүнөн экөөнү тең баса калып, ыракмат айтканга да жарабай, үйүн көздөй чуркады.

— Мына, мен иштеп таптым,— деди ал, анча-мынча тыйын да эмес, кичинекей жакут да эмес, а момундай чоң күмүш, карачы, кандай оор, тим эле муштумдан да чоң! Буга майрамга карата жаңы кийимдерди алса болот.

Ал ошентип айтып бүтө электе эле уюган күмүш эрип барып, полго төгүлүп калды, ал сууктан тоңуп турган сымаптай неме экен көрсө. Ошол убакта жакут да эрий баштады. Короз болсо кашаага секирип чыгып, катуу кыйкырып жиберди:

Кукареку-кукареку!
Жалкоо кыздын колундагы музду кара!

А силер балдар: мунун кайсынысы чын, кайсынысы жалган айтылганын ойлонуп көргүлө.

# ЗАМАНДАШ АВТОРЛОРДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ



*Л. Кон*

# ЖӨНӨКӨЙ ТАМ

Ульяновск шаарынын тынч көчөлөрүнүн биринде жыгачтан салынган үй бар. Сыртынан караганда көчөдөгү үйлөрдөн эч айырмасы деле жок. Ошолордой эле сыртты караган алты терезелүү, темирден коездолуп жасалган сепилдүү, жарашыктуу эшиктүү үй.

Бийик тосмо менен бир аз баса түшүп адам чери жазыларлык көлөкөлүү бакка кирип кетсе болот.

Ушуга эле окшогон тосмосу менен кичинекей эшиги, багы бар коңшулар жашашат, бирок өзүлөрүнөн башка, эң жакын туугандарынан башка ал үйлөргө көп деле адам каттабайт. А бул үйдүн эшиги дайыма ачылып, адамдар кирипчыгып турат. Кээде бирден эмес, экиден, бирде бештен, бирде ондон, кай бир кезде жыйырма же отуздаган кирген чыкканды көрөсүң. Алар эркектер жана аялдар, карылар жана жаштар, студенттер, солдаттар, окуучулар.

Киргендер короону жана бакты көрүшөт, үйгө киришип, комнаттардагы эскилиги жеткен жөнөкөй үстөлдөрдү жана отургучтарга, ак кездемеден жасалган жүк жапкычтарга, темир керебеттерге, дубалдардагы каз-катар турган китептерге, портреттерге зор кызыгуу менен көз тигишет.

Алар бул үйгө эмнеге келишет? Ар бир буюмга мынча тигилүү менен не билгилери келишет?

Кичинекей эшиктин артындагы эскерткичке жазылган жазууну окуганыңызда эле бардыгын түшүнөсүз, анда: «В. И. Лениндин үй-музейи» — деп жазылган.

Бул үйдө бир убакта Ленин жашаган.

Андан бери көп мезгил өттү, анда Ленин бала болчу, аны Володя Ульянов деп аташчу. Ульяновск шаары анда Симбирск деп аталчу. Кичинекей тепкич аркылуу жогору көтөрүлсөң Володя уктачу жана сабак даярдачу комнатага туш болосуң. Ал жерде азыр да анын жатчу керебети, үстөлдөрдө жана текчелерде ал окуган китептер турат. Володя иниси Митя менен ойногон кагаз-солдаттар жана башка оюнчуктар бар.

Ульяновдор алты балалуу болуп, анын үчөөсү уул, үчөөсү кыз эле.

Володянын агасы Саша акылдуу, нары токтоо, нары ак көңүл бала болгон. Ал мыкты окуган, китепти көп окуп, аны ар дайым эжеси Аня менен көпкө талкуулашчу.

Володя Сашадан төрт жаш кичүү эле. Ал дагы Саша сыңары окуганды эрте үйрөндү, китепти кызыгуу менен окучу. Окууну да мыкты окуду. Сашага караганда аны окутуу да жеңил болду. Бирок Володянын мүнөзү таптакыр башкача эле. Саша үйдө тынч жүрчү. А Володяны созулуп жүрөт деп айтышка болбойт эле. Ал көңүлдүү, чуру-чуулуу оюндарды жакшы көргөндүктөн, көп убакта улуу эжеси Аня, иниси Митя, кала берсе Маняша менен чуулдаң салгысы келчү. Бирок балдар сабак окуп, атасы иштесин үчүн апасы тарабынан ар дайым теске салынып турчу.

Адатта Ульяновдордун балдары бөлмөдө эмес, короого же бактын арасына чыгып алып ойношчу. Ал жерде канча кыйкырсаң да, канча чуркасаң да болот эле. Бул жерге алар гана эмес, бүткүл коңшулардын балдары келишип; казактар-каракчылар, көз таңмай, жашынмай жана бештен ойноочу балдар оюндарын ойношчу.

Володя баарынан шамдагай эле, айрыкча жашынмак ойногондо өнөктөштөрүнөн мурда жетип, утуш таягын алып, жолдошторун жеңип кетүүгө ашыгат эле.

Кышында балдар карда ойношуп, тоолордон коньки жана чана менен жылгаяк тебишчү.

Кечинде болсо бүт Ульяновдордун үй-бүлөсү салаңдаган лампалардын алдындагы үстөлгө чогулушчу.

Атасы окуп, энеси кийим тигип, улуу балдары сабак даярдап, кичүүлөрү китеп окуп же сүрөттөрдү карашып жаткан болор эле.

Качан сабак даярдалып бүткөндө көбүнчө энеси роялга отуруп алып ар түрдүү обондорду ойноп кирчү, балдары болсо жабыла ырдашып же угуп отурушчу.

Ульяновдордун үй-бүлөсү жалпысынан окуганды жакшы көрүшчү, дайыма кеч киргенде жапырт окууга киришчү. Атасы ар түрдүү ырларды жана жомокторду окучу, энеси менен балдары кулак төшөп укчу.

Азыр деле Ульяновдордун үйүндө бир кезде алардын үй-бүлөсү чогулган стол, Мария Александровна ойногон эски рояль турат. Дубалда атасы, энеси жана балдары түшкөн сү-

рөттөр дале илинүү. Эскилиги жеткен лампалар дале салаңдап, бөлмөлөргө бүлбүлдөп жарык чачат. Чоң саат дикилдеп кагып турат.

Бир караганга бөлмөлөрдүн ээлери бир жакка убактылуу эле чыгып кеткенсип, ал жактан заматта кайта тургансып, өздөрүнүн адаттагы иштерин кайра баштай тургансып сезилет.

Ульяновск шаарында мына ушундай үй бар.

*О. Высотская*

## ЛЕНИНДИ ДАЙЫМ ЭСТЕЙБИЗ

Ленинди дайым эстейбиз,
Ойлойбуз ал жөнүндө.
Тумар кылып тутабыз
Туулган күнүн көңүлгө.

Ленинче биз дагы
Өлкөгө кызмат кылабыз.
Ленинче сүйүп эмгекти,
Достукка колду сунабыз.

Ленинди дайым эстейбиз,
Ойлойбуз ал жөнүндө.
Тумар кылып тутабыз
Туулган күнүн көңүлгө.

*З. Александрова*

## КЫЗЫЛ ГҮЛ

Жаз акыркы музду күбүп сындырып,
Көчөдө көп туулар калкып, зор сайран.
Классына чуркап кирди Танюша,
Баары билет: бүгүн бизде чоң майрам.

Ачылганбы Ленин күнүн утурлап,
Терезеде бир кызыл гүл кулпурат.

---

* Автору бар ырларды которгон Асылбек Медетбеков

Ушунчалык жандуу жана жагымдуу,
Жана жыттуу ушунчалык буркурап.

Апрелдин мээлүүн, сонун күнүндө
Жылдызга окшоп таажысын гүл ачыптыр.
Көз алдыда узун, ичке сабагы,
Кызыл түсү класска нур чачыптыр.

Балдар аны өстүрүшкөн аярлап,
Мына өзгөчө көзгө түштү бүгүн бир.
Бул дүйнөгө келген күнүн Лениндин
Белгиледи биздер менен кызыл гүл.

*З. Воскресенская*

## ЖАШЫРУУН СЫРЛАР

Февраль айынын акыркы күндөрүнүн биринде Ульяновдордун үйүндө Жашыруун сыйкыр орноштy. Ал балка менен такылдаткансып, кол машинени тарактаткансып, алда-нелерди араалап, оймо түшүрүүчү аспап менен кыйчылдатып жаткансып жүрдү.

Балдар ашканага эгер кирип калышса Жашыруун сырлар аларга акырын шыбырайт. Кокус апасы кирип келсе кайдадыр жоголот да, балдар өз-өз орундарында эчтемени сезбеген болуп отуруп калышат.

Аня, Саша, Володя жана Оля бирдиктүү болушуп, Жашыруун сырлар жөнүндө атасына да, апасына да айтпоого убада кылышты. Бирок, алардын арасында Маняша менен Митя да бар эле. Маняша болгону эки жашта болгондуктан ага ишенүүгө болот эле, ал эми Митя алты жашта болгондуктан бул жөнүндө апасынын билбей калышына эч чыдай алган жок.

Кечинде чыдамы кеткен Митя апасына келип мындай деп шыбырады:

— Апа, биздин Жашыруун сыйкырыбыз бар. Айтып берейинби?

— Кой, мен аны уккум келбейт. Жашыруун сыйкырды ачууга болбойт, аны сактай билиш керек.

Кечкисин апасы Жашыруун сырлар менен жолугушуп калбас үчүн үйдүн үстүнкү кабатына көтөрүлбөй жүрдү. Ал ашканага отуруп алып күлүп-жайнап тор токуганга өттү. Жада калса сабак окушкандыгы үчүн төлөнчү маянанын өзүндө калышын Аня суранганда да апасы билмексенге салып койду. Ал турсун кийим тиккич машина ашканадан Аянын бөлмөсүнө коюлганда да көрмөксөн болду. Атасы болсо эч сөз айтпай, Жашыруун сырлар бут бөлмөлөрдү башына кийип алса да укпагансып, өз бөлмөсүндө иштеп жатты.

Кечки тамак ичишкенден кийин Володянын тармал чачына жабышкан алтын түстүү майда кесиндилерди, Олянын мойнуна жабышкан жылтырак жиптерди, Митянын бетинин боёлгонун ата-энелер байкашкан жок. Негедир атасы да Саша менен шахмат ойноого көңүлү чапкан жок ушул кечте.

Бир гана убакытты эсептеген саат эч ким менен эсептешкиси келген жок. Анын Жашыруун сырлар кандай иштерди жасап жатканы менен сааттардын иши да болбоду. Кечкисин тогуз жолу зыңылдап маятнигин кагуу менен балдарды жылуу төшөккө жаткырды.

Акырындап 6-март келди, ал апасынын туулган күнү эле.

Ушул күндүн акырында Жашыруун сырлар экинчи кабаттан түшүшү керек эле, ал эми атасы менен апасы тааныштарыныкына кеткен болчу.

Саша менен Володя үйдүн сырдалган астыңкы тактайын жууп, өздөрүнүн жана инилеринин бут кийимдерин тазалоого киришти. Үйдүн астынкы тактайы менен бут кийимдер күзгүдөй жалтырап калды. Аня менен Оля көйнөктөрдү, лентаperды үтүктөп, крахмалдап бүтүштү. Митя ящиктеги куурчактарды иретке салды. Бир гана Маняша балдар бөлмөсүндө отурду, ага көңүлсүз болбосун үчүн Оля Жашыруун сырлар менен ойноого уруксат берди.

Качан гана баары даяр болгондо, ата-энелеринин келерине бир гана саатча калганда, бир окуя болду.

Оля ыйлаган бойдон Аннага келди:

— Көрчү, Маняшанын эмне кылганын? Эми эле кайчыны издеп жүргөн.

— Ыйлабагын,— деп сооротту ал. — Саша азыр бирдеме ойлоп табат.

Айткандай эле Саша аны таарынткан жок, ал түгүл Жа-

шыруун сырлардын бүт сыры ачылбай калар кезде да жол тапты.

Саша сүрөт тартканга отурду. Аня сөздөрдү тандады. Володя жипти ийнеге саптады. Оля жашын аарчып, ишке киришти. Ата-энелердин келишине Олянын Жашыруун сыйкыры мурдагыдан кооз жасалгаланды.

Алтынчы мартта Жашыруун сырлар энесин адаттагыдан көпкө уктоого мажбурлады, себеби, балдар гимназияга кеткенден кийин ойгонуш керек эле.

Ал күнкү сабактардын ушунчалык көпкө созулганын айтпа. Сабак бүтөр замат Саша, Володя карындаштары менен кыздар гимназиясынан жолугуп, үйүн карай жөнөштү. Ал күнкү көчөлөргө жаркырап тийген күндүн шаңы майрамдагыдай эле. Жолдон Володя кара чыйырчыктар каз-катар тизилип алышып, өздөрүнчө кужурашып жатышканын көрдү.

Үйдө майрамдык маанай башталды.

Апасы өзүнүн эң бир жарашыктуу көйнөгүн кийип, атасы менен ашканада балдарын күтүп отурган. Жогорку кабаттан кубанычтуу үндөр угула баштады.

Мына, алар алтоосу тең тепкич аркылуу төмөн түшүшүп, үчтөн болуп ашканага кириишти. Эң алдында Маняша Митя менен, артынан Оля Володя менен, Аня Саша менен келди. Ар кимисинин жонунда азыр апасынын алдында ача турган Жашыруун сырлары бар.

Бөлмөгө киришип, токтошту. Алтоосу жалындаган көздөрү менен апасына тигилишти. Апасы бүгүнкүдөй мынчалык сулуу көрүнгөн эмес эле. Чачтарын ак толкун сыңары бийик түрүп, ак жакалуу көк көйнөгү өзүнө жарашып турган. Жарашыктуу эриндери, кара көздөрү нур чачып турган эле. Атасы да жарашыктуу кийинип, майрамдык маанайда салтанаттуу энесинин столунун жанында күтүп жаткан.

Аня алдыга чыкты:

— Кымбаттуу биздин апакебиз! — деп баштады ал шаңгыраган үнү менен. — Биз, сизди туулган күнүңүз менен куттуктайбыз. Сизге ар дайым ден соолукта болууну, бактылуу болууну, жадырап-жайнап күлүп турууну каалайбыз!

— Ыракмат, силерге балдарым, ыракмат! — Апасынын үнү кубанычтан калтырап, көзүнө жаш келди.

— Маняша, бол эми,— деп шыбырады Аня.

Маняша апасына чуркап барып өзү бышырган нанды алдына коёт.

— Жеп көрүңүз,— деди кыз апасына эркелеп.

— Оо, кандай таттуу бышыргансың! — Апасы нандан үзүп жеп, калганын кызына берди. Калганын Маня сугунуп-сугунуп жиберди.

Митя көпкө чейин эрдин тиштей кармана туруп, гүлдөр менен айбанаттардын сүрөттөрү бар конвертти сунду. Эң бир ачык, жарашыктуу боёкторду өз-өз орду менен боёп, Митя өзүнүн шыгын көрсөткөн. Баракта тыкандык менен төрт сөз жазылган: «Кымбаттуу апаке! Куттуктаймын! Митя».

Апасы аларды үн чыгара окуп, атасына берип жатып мындай деди:

— Көрчү, кандай сонун жазылган куттуктоо!

Митянын белеги атасына да абдан жакты.

Оля болсо апасынын тизесине өзү жасаган жаздыкчаны койду. Ал ортосуна чоң кызгалдак гүлү түшүрүлгөн көк жаздык эле.

— Эң сонун жаздык экен,— деп жайдарыланды апасы. — Жазгы көктөмдүн өзү. — Апасына көбүнчө кызгалдак гүлү жакты. Ал куду эле шамал ыргаган жандуу гүлгө окшоп турган.

Олянын жүрөгү бир башкача түрсүлдөп жаткан. Мына ошол гүлдүн өзүндө Маняша кесип салган жыртык бар эле.

Маняша жаздыкчаны бир карап алып, өзүн күнөөкөрдөй сезип апасынын көөдөнүнө башын жөлөдү.

Володя улутунуп алды. Жаздык бардык белектерден мыкты бааланды.

Эми Володянын белеги жагар бекен?

Ал тегерек терезелери бар кичинекей үйдү жерге койду.

— Апаке, мына бул чыйырчыктын үйүн ашканага жанаша коюп берем. Ал жерде чыйырчык үйүр алып, сага сайрап берет. Алар жакында учуп келишет.

— Кандай гана сонун! — деп сүйүндү апасы. — Менин бала кезимде мандайымдагы тереземде ушундай чыйырчыктын жайы болор эле. Ошондон бери карай мен чыйырчыкты жакшы көрөм. Ыракмат сага, Володюшка!

Оля аны бир тууганча өөп мындай деди:

— Мен айтпадым беле, апама жагат деп.

Эми Сашанын кезеги келип жетти. Ал оролгон ак кагазын алып таштап, кичинекей тактайчаны сунду. Албетте, ал мурун тактайча эле, азыр бул чийим салчу аспаптын жардамы менен эң сонун коолдолуп, бутактуу жалбырактын кейпин берет эле.

— Бул тактайча нан кесиш үчүн тура,— деп биле койду апасы.— Бизде ушул чынында жок эле. Бирок бул эң эле кооз болгондуктан нан кесүүдөн аяп турам. Муну мен өтө этияттык менен урунам.

Эң акыркы болуп Аня өз Жашыруун сырын ачты. Ал апасына жылуу кофта соккон, ал сары ооз балапандын жүнүндөй саргыч түс берип, күрөң жакалары өзүнчө бөлүнүп турган.

Апасы боюна ченеп, кийип көрөрү менен эле аны чечкиси келбей калды.

Сырттан ачылып-жабылган эшиктин үнү угулду. Атасы күлүп калды:

— Урматтуу Жашыруун сырлар качып кетти көрүнөт. Азыр алар бул жерде не кылмак?

Баардыгы шатыра-шатман болушту. Алтоосу тең столду тегеректей отурушту. Мария Александровна самоорго, Илья Николаевич столдун экинчи учуна барып олтурушту.

— А менин да өзүмчө белегим бар — ал биздин баарыбыздын апабыздын туулган күнүнө арналат,— деди атасы Илья Николаевич конверттин ичинен бүт үй-бүлө биригип түшкөн чоң сүрөттү алып чыкты.

Алар кайсы кышта атасы баарын сүрөткө түшүш үчүн алпарганын, кантип тартылыш үчүн алпарганын, кантип тартылыш үчүн көпкө отурушканын, кимиси кантип көз ирмегенин, сүрөтчү тартыш үчүн кара чүпөрөктүн артына жашынганда Мишканын кантип чоочуганын бир сыйра эскеришти.

— Биз кандай гана бактылуубуз, биздин апакебиз бар,— деди атасы. — Ал бизди ар дайым жакшы көргөндүктөн бизге дайым кам көрөт. Ага алкыш айтабыз. Биз да аны чын жүрөктөн сүйөбүз.

*М. Зощенко*

# ФЕДОСЬЯ ЖЕҢЕНИН ЛЕНИН МЕНЕН АҢГЕМЕЛЕШКЕНИ ТУУРАЛУУ

Федосья жеңекенин башына кайгылуу күн түштү. Анын күйөөсүнүн өпкөсүнө суук тийип, каза болду.

Күйөөсү үйдүн чатырын сонун жапкан уста эле. Чынында тим эле көркүнө келтирчү. Ошондуктан кол акысы көп болуп, жакшы жашашчу. Ал гана турсун Федосья жеңе чайга кант салып иччү.

Күйөөсү өлгөндөн кийин ага кыйын боло баштады. Кант салып чай ичкенден да калды.

Ошондо анын оюна пенсия бөлдүрүп алуу түштү.

Бирок анысынан эч бир натыйжа чыкпады.

Ага минтип айтышты:

— Пенсия берилбейт. Сенин күйөөң Совет бийлигине өтө аз эмгек кылды.

Бирок Федосья буга тынчып калбай ар кайсы мекемелерге барып пенсия берүүсүн өтүнүп жүрдү.

Мекемелердин биринде андан кутулуу үчүн көңүл жубатып мындай дешти:

— Бул маселени бир гана адам аткара алат, ал Ленин деген киши. Эгер кааласаң, ошол кишиге бар.

Федосья жеңе Лениндин Смольныйда экенин сурап билди. Ал ошол жакка жөнөдү.

Албетте, күзөтчү аны түз эле Ленинге коё берген жок. Карап туруп, эч кимге зыяны жок, бир бечара кемпир экенин көрүп, коё берди.

Жеңе экинчи кабатка көтөрүлдү. Коридор аркылуу жөнөдү.

Бир бөлмөгө баш бакса эч ким көрүнбөдү. Экинчисине баш бакса, бир адам терең ойдо жазып отурат.

Бул Ленин эле.

Федосья жеңе ал кишинин Ленин экенин билген жок. Отурган бир кызматчылардын бирөөсү экен деп билди. Ошондуктан ага кысынбай-этпей эле шар сүйлөп кирди:

— Мырза, сиз кат текшересизби, же башка иштерди тескейсизби?

Ленин ууртунан жылмайып жооп берди:

— Кандай деп айтсам болот. Кээде каттарды, кээде талаш-тартышты, кээде туура болгон иштерди териштирем. Сизге кайсынысы ыңгайлуу?

Жеңе минтип айтат:

— Билесизби, мен пенсия алышым керек эле. Ал үчүн Ленин менен гана сүйлөшүшүм керек экен. Менин бул акыбалымды түшүнүп, ага жолуктуруп койсоңуз экен!

Ленин кайрадан күлүп, мындай деди:

— Сиз өзүңүздүн келген жумушуңуз боюнча мага тартынбай айта бериңиз. Мүмкүн биз Ленинсиз эле аны чечип аларбыз.

Кемпир кайра мындай дейт:

— Жок, мырза, Ленинсиз сиз менен эч нерсе чече албайбыз. Мен келген ишим өтө татаал маселе. Аны бир гана Ленин чече алат.

Ленин мындай деди:

— Андай иш болсо да бир аз айтып көрүңүзчү?

Жеңе мындай дейт:

— Менин өмүрүмдүн биографиясы жөнөкөй. Жакында күйөөм дүйнөдөн кайтты. Чатыр жапканга адис эле. Өзүмө пенсия алсамбы деп жүрөм. Бирок, баары эле сенин чалың Совет бийлигинин тушунда аз иштеди, ошондуктан сага пенсия берилбейт дешет.

Ленин мындай деди:

— Баардыгы туура эмес айтышкан. Совет бийлигинин тушунда сиздин күйөөңүз көп иштөөгө мүмкүн да эмес, себеби Совет бийлиги жаңы эле орнободубу. Ленин трубканы алып, телефондон ким бирөөгө минтип айтты:

— Сизге азыр бир гражданка барат. Ал кишиге пенсия чектөөгө документ толтуруу керек.

Анан Ленин Федосья жеңеге кайрылып, мындай деди:

— Коридор аркылуу түз эле бул тараптагы үчүнчү эшикке барыңыз. Ал жерден сиздин ишиңиз бүтөт.

Көрсөткөн жакка Федосья эч качан болбочудай оор санаа менен жөнөдү. Ал жерден эч бир суроксыз эле пенсия ала турган китепчеге руксат кагазын алды.

Ошол күндөн тартып Федосья жеңе пенсиясын алды, зор кубаныч менен базарга барып, өзүнө кумшекер жана кездеме

ченетти. Андан чыгып кир жууш үчүн синька алышка кооперативдин бирине кирди.

Кокустан эле ал жерде бүгүн өзү менен сүйлөшкөн адамдын сүрөтү илинип турганын көрүп калды.

Ал өтө таң калуу менен портретти карай берип, дүкөндүн башчысынан минтип сурады:

— Мырза, бул сүрөткө ким тартылганын айтып бере албайсызбы?

Дүкөн башчы мындай деди:

— Бул бир гана киши, башка болушу мүмкүн эмес. Бул — Ленин.

— Анда мен Ленин менен сүйлөшкөм экем да.

Үйгө келери менен бул жөнүндө үйбашкармасына айтып берди. Анан ага дагы мындай суроо берди:

— Сен кандай дейсиң, эгер ал Ленин өзү болсо, эмне үчүн мага Ленинмин деп айткан жок?

Үй башкармасы бир топко ойлоно калып, анан мындай деди:

— Ар түрдүү адам болот, жеңеке. Кээ бир адамдар биз андай эмеспиз, биз тигиндей эмеспиз деп кыйкыра беришет. А кээ бир адамдар болот — алар кыйкырууну жаман көрүшөт, көп суроо берип, баш оорутпайт, бой көтөрүп — менменсинбейт, жөн гана өз ишин таза аткара берет. Жакшы адамдар, мына ушундай болот, жеңеке! Мен сизди ушундай адам менен аңгемелешкениңиз үчүн чын жүрөктөн куттуктайм!

Федосья жеңе күрсүнө мындай деди:

— Ошентсе да мага өзүнүн ким экенин айтпаганына өкүнөм. Мен ага ийилип таазим кылып чыкпайт белем...

*Сергей Алексеев*

## КЫШКЫ БОЗ ЧЫМЧЫК

Владимир Ильич Горькидеги паркты аралай басып жүрүп ар дайым бир жерге келмейинче койбойт эле. Бул жерде бийик өскөн карагай, кайыңдар, андан ары топ бадалдар барболчу.

Владимир Ильич ушул жерге келери менен токтоп, карагайдын кылда учун тиктеп турчу.

Ал көпкө чейин ушинтип тура берчү. Аны туурап бардыгы ошентишчү.

Ал жакта эмне бар эле?

Кышкы боз чымчык.

Кыш. Бардык жолду борошо урган. Карагайлар жарашыктуу аппак тонун кийип турушат. Демейдеги ар түркүн куштар жок. Бир гана кышкы боз чымчыктар калган. Алар кышка ыраазы болгондой бутактан бутакка учуп кайкышат.

Көптөн бери көрбөй калган чымчыктарды Владимир Ильич көпкө карачу. Мына мала кызыл көөдөн чымчык отурат маңдайында. Нарыда дагы ошондой бирөөсү отурат. Анын жанына төшүнө кызыл жагоо байлангансыган үчүнчүсү учуп келди. Алар тынчы жок, өтө эле тентек, үрпөк баш чымчык экенин байкоо кыйын эмес.

Лениндин келишине чымчыктар да үйүр ала башташкандай. Владимир Ильич атайы нандын каткан кырын же кара куурайдын таттуу уругун ала келерин чымчыктар да билип алышкан.

Эртең менен мына эми күндүн нуру жаңыдан тиери менен боз чымчыктар пайда болушат. Алар Лениндин келишин күтүшөт.

Мындайча айтканда боз чымчыктар тынчы жок келишет. Бул жолу каз катар отуруп беришти.

Ленин бул кызыл төштүү чымчыктарды жакшы көрө турган. Чымчыктар болсо деле тынчы жок, Владимир Ильичке кызыл төшүн көрсөтүп, мактанышкандай болушат.

— Чын эле сулуусуңар,— дейт Ленин.

Боз чымчыктар бутактан бутакка, кайыңдан карагайга, карагайдан башка бадалдарга учуп-конуп, сайрап турушат. Бирде аба жарып көтөрүлүп, бирде кайра конорчого конушат. Лениндин төбөсүнөн кайкып учушуп, кар силкинте барып кайра бутактарга конушат. Бутактан тигилишип, баштарын койкондотуп, минтишкенсишет: көрдүңбү биз кандайбыз. Чынында, бизден өткөн сулуу чымчык жок!

Бир жолу ошол эле паркта баратып, Владимир Ильич баягы боз чымчыктарды өз жайынан таппай калды. Башка жолдор менен да басып көрдү — баары бир чымчыктар жолукпады.

Ленин тынчсызданып мындай деди:

— Буларга эмне болуп кетти?

Көрсө, ар дайым бул маалда мында болчу боз чымчык кылтакка түшүп калыптыр.

Егорка Исаев деген бала кармап алган. Кармары менен торго салып, жогору илип койгон. Тор ичинде чымчык буюгуп жатат.

Владимир Ильич боз чымчыкты жолуктура албаганы менен Егор менен жолукту. Бала бул жайга дагы келип, кылтак коюп жүргөн экен.

Атасынын чоң кулачынын, чоң атасынын кийиз чокоюн кийген Егорканы Владимир Ильич карап турду:

— Сен бул жердеги кызгылт көкүрөктүү боз чымчыктарды көргөн жоксуңбу?

Егорка «көрдүм» деп айтайын деп барып, эрдин тиштеп токтой калды, кайда деп сураса не демек.

— Жок көргөн жокмун,— деди Егорка.

— Чын эле боз чымчык үшүп калганбы? —кабатыр болду Ленин.

«Ал жылуу жерде отурат» — деп айткысы келди Егордун. Бирок айта албай, селт эте түштү, көздөрү негедир аландай түштү. Чымчыкка Лениндин капа болуп турганын Егорка билип турду.

— Тоңуп калган, тоңуп калган! — деп Ленин ого бетер кабатырланды.

— Болбосо мышык илип кеткен.

— Егорка өзүн кармана албай кетти.

— Жок,— деди ал башын чайкап. —Жок, ал тирүү. Ал кайра учуп келет.

— Учуп келет?!

— Учуп келет, учуп келет,— деп кыйкырды Егорка.

Владимир Ильич эртеси ошол кайындын түбүнө келди. Карай калса айткандай эле бадалдардын бутагында боз чымчык отурат. А кайындын түбүндө болсо Егорка турат.

Владимир Ильич боз чымчыкты көрүп, баланы көрүп, жайдары жылмайды.

— Саламатсыңбы? — деди Егоркага. — Саламатсыңбы,— деди боз чымчыкка.

— Сен кайда жоголдуң?

Боз чымчык кооз тумшугун ача, эстегенсип, Егорканы бир карап койду.

Егорканын көңүлү чөгө түштү. Капыстан боз чымчык болгон ишти Владимир Ильичке айтып койсо не болмок?

Бирок боз чымчык айткан жок. Егордун жаман бала эмес экенин куп түшүнүшкөндөй. Жөн эле Егорканы күнөөлөгөндө эмне...

*Н. Забила*

## ЛЕНИНДИН КЕРЭЭЗИ БОЮНЧА

Адамдарга бергин деп,
Электрдин жарыгын —
Ленин керээз калтырган,
Айтсак сөздүн аныгын.

Өзөн, талаа дайра бойлой,
Оттор жанат күлүндөп,
Ильич тирүү болгондо,
Буга абдан сүйүнмөк.

Айнектерде кечкисин
Оттор күйүп эсепсиз.
Шаар менен кыштакты
Жарык өтөт көзөп түз.

Жылдан жылга өлкөдө
Нур жаркырайт көбүрөөк.
Сунушунан Лениндин
Элге ырыс төгүлөт.

*С. Могилевская*

## ҮНДҮҮ БАРАБАН ЖӨНҮНДӨ

Барабан эки терезенин ортосунда, бала уктаган кроваттын теке мандайындагы дубалда илинип турчу.

Бул — капталдары аябай сүрүлгөн, эски аскер барабаны эле. Эски болгону менен али бышык болучу. Каптаган жаргагы дале чың, бирок таяктары жок. Ошентип ал барабандын үнүн уккан жан жок, илинип тура берчү.

Күндөрдүн бириндe, бала кызуу уйкуда жаткан кезде, үйгө чоң атасы менен чоң энеси кирди. Алардын колунда күрөң кагазга оролгон бир нерсе бар.

— Уктап жатат,— деди чоң энеси.

— Кана, муну кайда илебиз? — деди чоң атасы, колундагы оролгон буюмду көрсөтүп.

— Кроваттын үстүнө, тигинин кроватынын үстүнө,— деп шыбырады чоң эне.

Бирок чоң ата эски аскер барабанын карады да, мындай деди:

— Жок, Биз муну Ларигибиздин барабанынын алдына илебиз. Ыңгайлуу орун.

Алар оромону жазышты. Анан эмне экен дебейсиңерби? Ал көрсө кош таякчасы менен жапжаңы саргыч барабан экен.

Чоң ата аны чоң барабандын алды жагына илди, экөө карап турушту да, кетип калышты...

Бала ошол замат көзүн ачты.

Ал көзүн ачты да, күлүп жиберди, анткени калп эле уктамыш болуп жаткан.

Керебеттен ыргып турду, жыңайлак бойдон саргыч барабан илинип турган жерге чуркап барды, орундукту дубалга жакын жылдырып, анын үстүнө чыкты да, кош таякчаны колуна алды.

Элден мурда ал таякчанын бирөө менен барабанды акырын уруп көрдү. Барабандан: трам-там! — деген үн чыкты.

Бала эми экинчи таякча менен урду. Барабандан баягыдан да көңүлдүү үн чыкты: трам-там-там!

Барабан болбосоң коё кал!

Ангыча бала андан да жогорураак илинип турган аскер барабанына көз жиберди. Мурда, колунда мындай жумуру таякча жокто, ал чоң барабанга стулга чыкканда да колу жетчү эмес. А эмичи?

Бала согончогун көтөрө коюп колун жогору созду да, таягы менен чоң барабанды уруп калды. Барабандан күңүрт жана кейиштүү үн чыкты...

Бул илгери-илгери болгон. Ал кезде чоң эне чачы артына өрүлгөн кичинекей кыз болчу.

Чоң эненин агасы боло турган. Ал шайыр, келбеттүү жа-

на тайманбаган бала эле, аты Ларик болучу, Городкини жакшы ойночу, конькини баарынан жакшы тепчү, окууну да баарынан жакшы окучу.

Жаз алды менен Ларик жашаган шаардын жумушчулары Совет бийлиги үчүн күрөшкө чыгууга отряд жыйнай баштшты.

Ларик анда он үчтө эле.

Ал отряддын командирине барды да, мындай деди:

— Отрядыңарга мени да алгыла. Мен да актарга каршы согушууга чыгам.

— Жашың канчада? — сурады командир.

— Он беште! — деди Ларик, сыр билгизбей.

— Койчу? — деди командир. Анан кайра кайталады: — Койчу?

— Чын,— деди Ларик.

— Бирок командир баш чайкады:

— Жок, болбойт, сен али жашсың.

— Ошентип Лариктин оюу ордунан чыкпай, үйүнө кайтмак болду. Ушул учурда Ларик терезенин жанындагы орундуктун үстүндө турган жаңы аскер барабанын көрду. Барабан аябай кооз экен, жаркыраган жез алкактуу, тери менен чың капталган. Жанында кош жыгач таяк жатты.

Ларик барабандын жанына келип токтоду да, аны карап туруп, мындай деди:

— Мен барабан кага алам.

— Чын элеби? — Командир кубанып кетти. — Кана, байкап көрчү. Ларик барабандын курун ийнине салды да, таяктарын колуна алып, чатырай керилген барабандын жаргагын бир урду. Таяк сорок этип кайра ыргып, барабандан: «Бум!» — деген жоон үн чыкты.

Ларик экинчи таяк менен урду.

Барабан дагы: «Бум!» — деп жооп катты.

Мына ушундан кийин гана Ларик эки таяк менен тең алмак-салмак сого баштады.

Ошондо анын колундагы таяктардын эбелектегенин айтпа! Тим эле көзгө илешпейт, мындан ары таптакыр токтобочудай сезилет. Анан ушунчалык бир бадыратып кирди дейсиң, ордуңан тура калып, бой түзөп, алга кадам шилтегиң келет!

«Бир-эки! Бир-эки! Бир-эки!»

Ошентип Ларик отрядда кала берди.

Эртеси эртең менен отряд шаардан чыкты. Поезд ордунан козголгондон кийин, жылууланган вагондун ачык терезесинен Лариктин шайыр ыры угулду.

«Бам-бара-бам-бам,
Бам-бам-бам!
Алдыда дайым командир,
Барабанчы жана барабан».

Ларик барабан менен ажырагыс дос болушту да калды. Эртең менен алар баарынан мурда ойгонушат.

— Эсенсиңби, досум! — дечү Ларик барабанына, анан алаканы менен таптап койчу.

«О-ба-ба!» — деп жооп катуучу барабан коңур үн менен. Ошентип экөө ишке киришчү.

Отряддын жада калса сурнайы да жок эле. Жападан жалгыз музыкант Ларик барабан экөө эле. Таң азандан алар эл ойготорду ойношчу:

«Бам-бара-бам,
Бам-бам-бам!
Баарыңарга салам,
Бам-бара-бам!»

Бул таңкы ырдын эң мыктысы эле!

Ал эми отряд сапарда баратканда, анда алардын башка ыры бар болчу. Сапар бүтөр бүткөнчө Лариктин колу да эч качан талычу эмес, барабандын үнү да басылчу эмес. Жаанчачындуу күзгү жолдо жоокерлер барабандын коштоосу менен женил басышчу. Барабанга үн кошуп ырдашып, жоокерлер улам тынып алып, сапарларын уланта беришчү.

Кечки тыныгуу маалында да барабанга иш табылаар эле. Бирок ал баарына жетише алчу эмес. Ал баштап гана берчү:

«Эх! Бам-бара-бам,
Бам-бара-бам!
Баарынан шайдоот
Бул барабан!»

Аны ошо замат жыгач кашыктар колдоп кетишчү:

«Бизде да мындай ыр болгон:
Бим-бири-бом-бом,
Бим-бири-бом-бом!»

Андан кийин ишке төрт тарак кирди:

«Алардан тарак кем калбас.
Бимс-бамс, бимс-бамс!»

Эң акыры кезек ооз кыякка тийчү.

Тамаша деп мына ушуну айткыла! Мындай укмуш оркестрди таң атканча угуудан да адам тажабас эле.

Бирок Ларик менен барабандын дагы бир ыры бар эле. Ал ыр баарынан катуу жана баарынан зарыл ыр болчу. Жоокерлер кайда жүрүшпөсүн өз барабанынын үнүн миңдеген башка барабандардын үнүнүн ичинен ажыратып таанышчу. Ооба, эгер зарыл болгон учурларда, Ларик тревога кага билчү...

Кыш өтүп, кайрадан жаз келди. Ларик он бешке карады.

Кызыл гвардиялык отряд кайрадан Ларик туулуп-өскөн шаарга кайтып келди. Гвардиячылар чоң, күчтүү армиянын алдында чалгынчы катары баратышты, душман болсо жашырынып-жамынып, булуң-бурчтан чыга калып, чочугансып кол салып, артына чегинип бараткан болчу.

Отряд шаарга жети түндө жакындап келди. Көзгө сайса көрүнбөс караңгы, командир отрядга темир жолго жакын жердеги токойдун жээгине өрүү болууга буюрду.

— Бир жылдан бери атамды, апамды жана кичинекей карындашымды көрө элекмин,— деди Ларик командирине. — Алардын өлүү-тирүүсүн да билбейм. Барып келсем кантет? Үйүбүз тетиги токойдун эле ары жагында.

— Болуптур, барып кел,— деди командир.

Ошентип Ларик жөнөп кетти.

Ал жолдо угулар-угулмаксан ышкырып коюп баратты. Чөөт-чөөт болгон жазгы алашалбырттын суусу бут алдында чалпылдайт. Айланага айдын шооласы чачырайт. Ай далысында анын күжүрмөн досу — аскер барабан асылуу.

Аны үйдөгүлөр таанышар бекен? Жок, карындашы албетте, таанибайт. Ал чөйчөгүн сыйпалап, эки кызгылт пряник бар экенин текшерип койду. Буларды карындашына көптөн бери сактап келатат. Ларик токойдун четине келди. Бул жер кандай жыргал!» Токой айдын жарыгынан күмүш түскө бөлөнүп, жым-жырт.

Токтоп калды. Бийик карагайдан ага көлөкө түшүп турду.

Аңгыча кууураган бутак карс дей түштү.

Оңдон да, солдон да, арттан да!..

Токойдун четине кишилер чыга келишти. Көп экен. Узун сапка туруп алып келатышты. Мылтыктары колдорунда. Экөө Ларикке жакын келип токтошту. Ийиндеринде ак гвардиячылардын погондору бар. Бирөө экинчисине шыбырап мындай деди:

— Солдаттардын бир бөлүгү токой жактан барат. Дагы бир бөлүгү темир жол бойлоп кирет. Калгандары артынан кол салат.

— Биз аларды айланта курчап алабыз да, тыйпыл кылабыз,— деди экинчиси.

Ошентти да, аярлай басышып, баланын жанынан өтүп кетишти.

Бул — душмандар болучу.

Ларик көкүрөгүн кере дем алды. Ал көлөкөдө турган. Байкашкан жок.

Ларик тер чыга түшкөн мандайын колу менен сүрттү. Баары түшүнүктүү. Демек солдаттардын бир бөлүгү токой тараптан келет. Дагы бир бөлүгү арт жактан. Үчүнчү бөлүгү темир жол тараптан...

Актар Лариктин отрядын курчоого алып, жок кылганы жаткан тура.

Токтоосуз өздөрү жакка, кызылдарга чуркоо керек. Тезинен билдирүү керек, тезинен!

Бирок ал жетише алар бекен? Тигилер андан мурда жетиши мүмкүн. Жолдон муну кармап алуулары да мүмкүн.

Жок! Башкача жасоо керек.

Аңгыча Ларик артындагы күжүрмөн барабанын алдына келтирди, жыгач таякчаларын кыстармадан сууруп алды, анан керилип туруп барабанды кагып калды.

— Тревога!

Бул үн мылтык менен асманга атылгандай угулду.

Тревога!

Бүт токой буга жооп кайтарды, жаңырыктап кетти, ар бир дарактын түбүндө бирден эр жүрөк кичинекей барабанчы туруп алып, күжүрмөн барабанын ургулап жаткандай сезилди.

Карагайдын түбүндө туруп алып, туш тараптан аны ка-

рай душмандардын келатканын Ларик көрдү. Бирок ал турган жеринен былк этип койбоду. Ал барабанын ургулай берди, ургулай берди, ургулай берди. Бул алардын акыркы ыры, күжүрмөн тревоганын ыры болучу.

Бир маалда Лариктин чыкыйына ок тийип жыгылганда гана барабандын таяктары колунан түштү...

Душманды бет алып, мылтыктарын кезей кармап кызыл жоокерлердин чабуулга чыкканын, таш-талканы чыккан душмандын токой тараптан, шаар тараптан жана темир жол тараптан айласын таппай качып баратышканын Ларик көрбөй калды.

Эртең менен токой кайрадан мемиреп тынч болучу. Дарактар үстүндөгү шүүдүрүмдү силкип салышып, күн нуруна бой түзөштү, бир гана картаң карагайдын барпайган жайык бутагы жерге тиер-тийбес болуп жатты.

Жоокерлер Ларикти үйүнө алып келишти. Анын көздөрү жумулуу эле.

Лариктин барабанын кошо ала келишкен. Таякчалары гана токойдо, баягы Лариктин колунан түшүп калган жерде кала берди.

Барабанды дубалга илип коюшту.

Ал акыркы ирет өтө катуу жана кайгылуу күңгүрөп, азамат жолдошу менен коштошуп жаткансыды.

Эски аскер барабаны балага мына ушуларды айтып берди.

Бала стулдан аяр түштү да, бутунун башы менен жыла басып, төшөгүнө келди.

Ал кыйлага чейин көзүн жумбастан жата берди, кооз көчө менен жаңы саргыч барабанын кагып кетип бараткандай сезип кетти. Барабанынын үнү бийик, сүрдүү, алар Лариктин жакшы көргөн ырын ырдап баратышты:

«Бам-бара-бам,
Бам-бара-бам!
Алдыда дайым командир,
Барабанчы жана барабан».

*Сергей Баруздин*

# СОЛДАТ КӨЧӨДӨ БАРАТТЫ

### Биздин армия жөнүндө

Бул аңгеме солдат жөнүндө. Болгондо да бөтөнчө солдат жөнүндө. Қолунда куралы, тумагында кызыл жылдызы бар адам жөнүндө.

Қачандыр бир кезде аны кызыл гвардиячыл дешчү. Кийин — кызыл аскер делди. Азыр болсо Советтик Армиянын солдаты дешет.

Бул — баатыр жөнүндөгү аңгеме. Бөтөнчө баатыр жөнүндө. Миңдеген кандуу кармаштарды башынан өткөрүп, баарынан жеңип чыккан адам жөнүндө. Биздин өлкөбүздү душмандан сактап келген жана азыр да сактап турган адам жөнүндө.

Бул — сенин аталарың менен агаларың жөнүндөгү чоң аңгеме. Алар баатыр аскерлерден болушкан.

Сен азыр канчадасың? Беш, жети, а мүмкүн тогуздадырсың? Бул, албетте, аз эмес. Бирок биздин өлкөнүн жашы канткен менен да көбүрөөк. Армиябыздын жашы да көбүрөөк. Демек бул аңгемебизди да сен али жарык дүйнөгө келе элек кезден баштоо керек...

### Кызыл аскердин туулган күнү

Солдат көчөдө баратты. Түрүнө карасаң аскерге деле окшобойт. Же шинели жок, же тумагында кызыл жылдызы жок. Қийими жөнөкөй — жумушчу. Бирок артында асынган найзалуу мылтыгы бар. Анын катарында өзүндөй эле мылтык асынган жумушчулар жана «Аврора» крейсеринин моряктары.

Солдат Петрограддын көчөлөрү, Неванын жээги менен баратты. Ал падышанын Қышкы сарайына баратты. Ал жерде актар бар. Душман бар. Алды жакта душман. Қоңшу көчөдө душмандар, ар бир үйдүн бурчу сайын душмандар. Қышкы сарайдын деңиз жээгинде да душмандар. Қышкы сарай уламдан-улам жакындоодо.

Жумушчулар менен моряктардын отряды Қышкы сарайга жакындап барып калышты. Бул отряд эле эмес. Сарайды

туш тарабынан революциячыл кызыл жумушчулар, солдаттар, матростор курчап алышты.

Аңгыча мылтык атылды. Бир, эки, үч ирет атылды. Бул революциячыл крейсер «Авроранын» замбиректеринин атканы болучу.

— Алга! — деп кыйкырды солдат.

Эл кышкы сарайды камоо үчүн ат коюшту. Катуу кармаш түн жарымына чейин созулду.

Аягы жеңиш менен бүттү. Кышкы сарай алынды!

Эртеси эртең менен аскер Смольныйдын, революциянын штабынын алдында какыйып турду. Смольныйда Владимир Ильич Ленин сөз сүйлөп жаткан.

Смольныйдын короосунун ичинде ар кай жерде от күйүп жатты. Октябрдын эртең мененки суугу жандан өтүп турган эле. Революциячыл жоокерлердин отряддары душмандын калдыктарын талкалоо үчүн урушка жөнөп жатышты.

— Байке, сиз ким болосуз — аксызбы, же кызылсызбы?

Аскердин алдында баштарына бирдей фуражка кийишкен, кийимдери жүдөө эки кичинекей бала турду.

Аскердин ачуусу келе түштү:

— Эмне үчүн ак болот экемин. Мен деген Кызыл гвардиячылмын!

— Аны кантип тааныйбыз? — сурады баланын бири.

— Формаңыз да жок экен, байке. Кызыл дегидей эч нерсеңиз жок! — деди экинчиси. — Кантип тааныйбыз?

— Форма да болот! Болгондо да кызыл жылдызы менен болот! Мылтык да азыркыдан мыкты болот! — деп убада берди аскер.

Анан экөө бирдей сурап жиберишти:

— Биз Кызыл гвардияга жазылсак кандай болот? Байке, бизди жазыңызчы!

— Буларды карасаң деле! — деди аскер. Бир аздан кийин жумшарып, оюна бир нерсе түштү: жакында ал да булардай уулдуу болот.

### Үйгө кайтуу

Солдат көчөдө баратты. Узакка созулган граждандык согуштан үйүнө кайтып келатты. Үстүндөгү шинели жыртылып калыптыр, ар кай жерин ок, миналардын чачырандысы те-

шип кетиптир. Башында чоң кызыл жылдыз жаркыраган буденовка. Аны да ок тешип кетиптир — майдандан алган жарааттан эстелик.

Кар баскан кышкы көчө менен солдат баратты. Көчө болсо бузулуп-талкаланган. Зым карагайлар кулаган, зымдардын тымтыракайы чыккан. Трамвайдын дөңгөлөктөрү көктү карап жатат. Рельсалар бузулган. Үйлөрдүн терезелери фанералар, тактайлар менен бекитилген. Суук. Ачарчылык.

Элдин жашоосу кыйын. Кызыл аскердин жашоосу да бул жылдары жеңил болгон жок. Душмандар Совет бийлигин жок кылууга аракеттенип жатты. Дале болсо алар менен салгылаш жүрдү.

Кызыл аскер Псков менен Нарванын алдында согушту. Түндүктө да, түштүктө да салгылашты. Волга менен Уралда салгылашты. Ыраакы Чыгыш менен Орто Азиянын чөлүндө да салгылашты. Жердин баарын актар ээлеп алышкан, анын баарын бошоткон кызыл аскер болду. Акыры Кызыл аскер жеңип чыкты.

Ошондуктан согуштан үйүнө кайтып келатканда анын жүзүндө шаттык ойноп турду. Үйдө аялы менен уулу бар. Граждандык согушка жөнөп бараткanda уулу бир жашка толгон эле. Азыр болсо...

Солдат үйүнө келсе уулу тааныбай калыптыр. Анан кантет. Үйүнөн кеткенине төрт жыл болбодубу! Төрт жыл, уулу болсо бешке чыккан!

— Сен ким болосуң? — деп сурады уулу.

— Мен сенин атаң болом! Атаң! — деди аскер.

— Жок, сен кимсиң дейм?

— Кызыл аскермин,— жооп берди.

— Кызыл аскер болсоң, кандай согуштуң?

— Кандай согушмак элем, уулум? Душманды мылтык менен аттым, пулемёттон ок жаадырдым. Ат үстүндө да, бронепоездде да жүрүп согуштум. Моряктар менен да согушка кирдим, партизандар менен да. Анан бир жолу... Бир жолу согушуп жүрүп, англичандардын танкын колго түшүрүп алдык. Анан мен ошол танкты да миндим, актарга каршы согушка кирдим...

— А сен Буденныйды көрдүңбү? — сурады уулу.

— Көрбөгөндөчү,— деди солдат. — Аны менен бир жү-

рүп согуштум. Ал турсун Чапаев, Фрунзе, Блюхер менен да болдум.

— Чапаев менен дагыбы?

— Чапаев менен дагы.

Атасы экенин уулу эми тааныды көрүнөт:

— Сен бактылуу экенсиң, ата! — деди да, кайра ошол замат суроо салды: — А эртең эмне кыласың?

— Эртең ишке барам,— деди аскер. — Биздин ищибиз өтө көп. Душмандар талкалагандын баарын калыбына келтирүү керек. Жаңыртып куруу керек. Жаңы турмуш куруу керек!

**Чек ара жакын жерде!**

Солдат көчөдө баратты. Чек арадагы аскердик шаарчанын кумдуу көчөсүндө баратты. Солдаттын төшүндө «Ворошилов аткычы» деген значок. Жакасында эки чарчы белги.

Солдат жалгыз эмес болучу. Ал уулу менен баратты. Уулу бой тартып калган — пионер, он үч жашта. Каникулда атасына учурашуу үчүн келген.

Алардын жанынан атчандардын отряды желдирип өтүштү. Чек арачылардын наряды өттү, алдыда килейген көк овчарка.

— Бул биздин Рекс,— деди солдат. — Азамат! Анын жардамы менен чек араны бузуучудан жыйырманы кармадык.

— Биз да чек арачылар үчүн кызмат кылгыдай иттерди үйрөтүп жатабыз — деп мактанды уулу.

— Силердин иттерге да кызмат табылат.

Алма, өрүктөрдүн гүлдөп турган маалы эле. Аарылар менен көпөлөктөр гүлдөн-гүлдү тандап, учуп-конуп жүрүшөт. Бак ичинде чымчыктар сайрайт.

— Жакшы экен,— деди уулу.

— Чек ара жакын жерде,— деди солдат.

Нарядга барбаган чек арачылар футбол талаасында топ ойноп жүрүшөт. Турникке асылып жүргөндөр да бар.

Токойдон бир сагызган учуп чыкты, футболчулар тараптан ойт берип кетти да, анан эч нерсе болбогонсуп, кудуктун кырына конду.

Сагызгандын суу ичкиси келиптир. Тумшугун чөөткө малып, суу ичти. Кайра тумшугун малды — дагы ичти. Анан

канатын күүлөдү да, токой тарапка учуп кетти. Токойдо болсо танктар менен брондолгон машиналар туруучу. Четинде артиллеристтер бар болчу. Бирок сагызган алардан коркчу эмес.

Көнүп калса керек.

Алыстан камыш көрүнөт, анын ары жагында дарыя агымы жатат. Анча эндүү эмес, жылжып аккан суу күн нурунан жылтылдайт. Чек ара да ошол суудан бөлүнөт, берки жээги биздики.

— Жымжырт экен,— деди уулу.

— Чек ара жакын жерде,— деди атасы дагы кайталап.

Алар коштошушту:

— Кана, мен эми заставага барайын! Кечке чейин, кайыр!

— Көрүшкөнчө!

Аскер заставага жүрүп кетти. Застава жакын жерде. Анын жанында чек ара.

Дарыянын жээгиндеги бадалдын арасында чек арачылар былк этпей турушат. Аскер да былк этпейт.

Дүрбү менен камыштын арасына көз жиберет, жакын жердеги бөтөн жээкке көз жиберет.

Чек ара жакын жерде!

### Эки медаль

Солдат көчөдө баратты. Үстүндөгү формасы жарашыктуу, өзү да сымбаттуу. Кадимки баатырдын эле өзү! Буга окшогон солдатты кайсы бала көргүсү келбесин! Анан калса медалдары да болсо! Анысы аз келгенсип, бир эмес экөө болсо! Ал кезде мындай сыйлыгы бар адамдар сейрек учурачу!

— Муну кантип алгансыз? — деп сурады бир бала аскердин алдын торой чуркап.

— Муну кантип эмес, бул «Эрдиги үчүн» деген медаль,— экинчиси тигинин сөзүн бөлүп кетти. — Билбейт турбайсызбы!

Үчүнчүсү унчуккан жок, бирок аскерге улам жакындап баратты.

— Бул,— деп түшүндүрдү аскер,— Хасан көлүнүн жанындагы уруш үчүн берилген. Ошондой уруш болгонун уктуңар беле?

— Ошону кантип укпайлы! — деп чурулдашты балдар.

Ал кездерде Хасан көлү деген сөз балдардын оозунан түшчү эмес.

— Мына ошол үчүн,— аскер сөзүн улантты. — Ал жерде бизге японбуктар кол салган. Биздин монгол досторубузга да кол салган. Анан биз душманды эсине келтирдик. Иши кылып, көгала койдой сойгонбуз.

— А мунусучу? — Балдардын жаны жай албады. — «Аскердик эрдик үчүн» — деген.

— Ооба, «Аскердик эрдик үчүн»,— деп бышыктады аскер. — Бул Карель мойногундагы уруш үчүн берилген. Биз даңктуу шаар Ленинградды коргогонбуз.

— Укмуш экен! — дешти балдар.

— А мобул эмне, укмуш эмес бекен? — деди аскер таш жол тарапты көзү менен жаңдап көрсөтүп.

Дал ошол учурда көчөдө аскердик бөлүк өтүп бараткан. Буттарын ыраaты менен тарсылдата шилтешип, жарашыгы келишкен аскерлер жер солкулдатат тимеле. Баштарында кызыл жылдыздуу каска. Гимнастеркалары кайыш кемерлер менен кындыйта курчалган. Далыда мылтык. Өтүктөрү жалтырайт!

— Чынында эле укмуш экен! — деп суктануу менен карап турушту балдар.

**Мекен үчүн**

Солдат көчөдө баратты. Июндун ысык күнүндө, коогалуу, тынчсыз күнү баратты.

Буга чейин эч качан болуп көрбөгөн согуш, фашисттер менен согуш башталды.

Солдат өз жеринде баратты. Анын артында эбегейсиз зор жана улуу өлкөсү турду. Душманга баш ийбес эли аны менен бирге болду. Демек солдат фашисттерди жеңет. Советтик армия жеңип чыгат!

Жеңип чыгат! Бирок жеңиштин жолу өтө узак жана кыйын. Бресттин алдында жана Москванын жанында биздин аскер фашисттердин армиясынын таш-талканын чыгарат. Сталинград менен Кавказда, Ленинград менен Одессанын алдында, Севастополь менен Киевдин алдында, Новороссийск менен Керчтин алдында таш-талканын чыгарат.

— Мекен үчүн! — дейт да, аскер урушка кирет.

Жөө аскерлер — аткычтар, автоматчылар, пулемётчулар, алыстан көзгө атар мергендер кирет алгач урушка.

— Мекен үчүн!

Артиллеристтер кирет урушка. Душманды миномёт жана жеңил замбиректер, оор гаубицалар жана катюшалар менен атышат.

— Мекен үчүн!

Танктардын моторлору күрүлдөп, алга жүткүнөт. Душманды беттеп урушка танкисттер кирет.

— Мекен үчүн!

Дарыялар жана деңиздер менен кемелер жөнөйт: линкорлор, крейсерлер, суу алдындагы кайыктар, торпедолук катерлер, жада калса кадимки жөнөкөй жүк ташуучу чакан кемелер да жөнөшөт. Аларды минип аскер моряктар кирет урушка.

— Мекен үчүн!

Асманга самолёттор — истребителдер, бомбардировщиктер, чалгындоочулар атылып чыгып, булар да кирет урушка.

Ал турсун фашисттер басып алган биздин жерлерде да:

— Мекен үчүн! — деген чакырык жаңырат.

Бул чакырык урушка кирип бараткан токой аскерлериники — партизандардыкы.

Солдат Мекен үчүн урушка баратат. Мүмкүн ал баягы Кышкы сарайды алган, граждандык согушта өлкөсүн коргоп калган, Хасандын жанында салгылашкан аскер болуп жүрбөсүн... Мүмкүн ал эместир. Же анын уулу, же небереси чыгар.

Чоң аталар да, аталар да, энелер да, уулдар да, неберелер да эми урушка киришти.

Мекен үчүн!

**Даңк**

Солдат көчөдө баратты. Чарчаганына кайыл. Жарык дүйнөдө канча жыл жашаса да, канчалык урушту башынан өткөрсө да, өмүрүндө бүгүнкүдөй күндү башынан өткөрө элек болчу — Биринчи май майрамын Берлинде өткөрөм деп кайдан оюна келиптир! Мына эми Биринчи майда минтип Берлинде! Аскер фашисттерди женди. Берлинге жеңиш менен келди!

Эми Берлиндин көчөсүндө баратат.

— Советтик аскерге даңк! — дешти Берлиндин калкы.

Ал эми Кызыл аскер алыскы шаардан өз мекенине кайтканда анын урматына эстелик коюлду. Кызды ийнине олтургузуп, колуна кылыч кармаган эстелик. Жер жүзүн фашисттерден куткарып калган ким экенин эстей жүрүшсүн үчүн.

Биздин аскерге буга окшогон эстеликтер кайда гана коюлбаган! Югославия менен Польшада, Румыния менен Венгрияда, Болгария менен Чехословакияда... Жеңген жердин баарында. Аскер көчөдө баратты. Кайтты кайра Мекенге. Үйүнө кайтты. Москванын көчөсүнө түшүп алып, Кызыл аянтка баратты. Лениндин Мавзолейинин алдына колго түшкөн фашисттердин туусун таштады.

— Сага урмат жана даңк, бир боорум! — дешти москвалыктар.

Анан эл аскерди көтөрүп алышып:

— Даңк! Даңк! Даңк! — деп асманга көкөлөтө ыргытып жатышты.

### Дал бутага тийди!

Солдат көчөдө баратты. Жапжаш, бирок төшүндө каармандык орден.

Согушка барбаса, бул кайдан алган орден? Анан калса ал согушта болушу да мүмкүн эмес. Согуш эбак бүткөн, анда аскер жарык дүйнөгө келе элек болчу.

Ошого карабай, тынчтык мезгилде минтип каармандык орден алып олтурат. Эмнеси үчүн?

Ал мындай болгон.

Асманда өтө бийикте самолёт учуп бараткан. Анын бийиктигинен өзүн тургай үнүн да уга албайсың. Самолет биздики эмес — чоочун өлкөнүкү. Учкучка: Советтер Союзунун үстүнөн учуп өтүп, аскердик сырынын баарын ачасың, деген буйрук берилген. Кайда, кандай завод болсо — сүрөткө тартып ал! Кайда, кандай аскер бөлүктөрү жайгашкан — сүрөткө тартып ал! — деген приказ берилген.

Чоочун самолет жерде көрүнгөн эмес, аны биздин зенитчилер прибор менен табышты. Кайда баратат, кандай бийиктикте баратат, ал турсун самолёттун маркасына чейин так аныктап салышты.

— Ордуңарга! — деген команда угулду.

Ракетчилер өз-өз орундарын ээлешти. Ракетаны көрүнбөс бутага багытташты.

— Даяр болду! — деп билдиришти.

Дагы команда берилди. Атылды! Ракета артынан чубалган түтүн калтырып, тик сайылган боюнча асманга атылды. Бир, эки минуттан кийин ракета бутаны тапты. Самолет күйүп кетти. Летчик болсо парашют менен бой таштады, ушунчалык бийиктиктен аны кантип таап, атып түшүргөнүнө көпкө чейин өзү таң калып жүрдү.

Ал эми биздин зенитчилерге, ракетчилерге бутага дал тийгизишкени үчүн орден берилди. Эң жаш аскерге да беришти.

Көчөдө бараткан аскердин орден тагынган себеби ошол болучу.

### Коркунучтуу салык

Солдат көчөдө баратты. Чоң шаардын көчөсү менен. Шаар курулуп жаткан. Ондогон жаңы үйлөргө эл эбак кирип, жайланып алышкан. Алардын жанында балдар ойноп, дүкөндөр иштеп, мектептерде балдар окуп калган. Бери жакта дагы жаңы курулуш жүрүп жатты. Бульдозерлор менен экскаваторлор күркүрөп-шаркырашып, жаңы салынчу үйлөргө орун даярдашууда.

Согуштун убагында фашисттер шаарды тыптыйпыл талкалашкан. Эми болсо минтип мурдагысынан да жакшы: жаңы, жарык, жаш шаар пайда болду. Жакшы шаар болду деп аскер кубанып келатты.

— Эй, иним! — Кимдир бирөө солдатты чакырды.

Кылчайып караса, суу түтүгү үчүн траншея казып жаткан экскаваторчу жаш жигит экен.

Солдат анын жанына чуркап барды.

— Муну карачы!—деди экскаваторчу.

Аскер траншеяны караса, үстүнө болор-болбос топурак себеленген, дат басып, көгөрө баштаган миналар жана снаряддар жатыптыр. Миналар менен снаряддар өтө көп экен!

Бул коркунучтуу салыкты — миңдеген миналар менен снаряддарды — согуш убагында шаардан чегинип баратышып, фашисттер көөмп кетишкен. Алар жарылды дегенче жаңы

үйлөр, мектептер, бала бакчалар асманга учат. Эл апаат болот. Коркунучтуу!

— Коркпо! — деди аскер экскаваторчуга. — Күтө тур, мен азыр жолдошторумду чакырып келе коёюн. Кырсык болушу мүмкүн эмес!

Ал миначы жолдошторун чакырып келди.

Бир кырсык болуп кетпесин деп шаардын калкын башка жакка көчүрүштү. Анан айланада эч ким жокто миналар менен снаряддарды жерден аяр алып, шаардан алыс алып барышты. Ал жерден минанын бирөөсүн жардырышты, экинчисин жардырышты. Адегенде бир снаряд жана ошонун эле өзүндөй жүз снаряд жардырылды. Анан кайрадан траншеяга түшүп, кайрадан снаряддарды аяр көтөрүшүп, алыска жеткиришти. Эки жүз жыйырманчы снаряд. Жүз биринчи мина. Миң экинчи снаряд. Эки миң жетинчи мина. Аскерлер снаряддарды биринин артынан бирин жардырышты. Миналарды биринин артынан бирин жардырышты. Акыры жардырып да бүтүштү. Кырсыкты болтурушкан жок.

Бир нече күндөн кийин эл үйлөрүнө кайтып келишти.

Мектептер ачылды.

Дүкөндөр ишке кирди.

Балдар кайрадан жаңы үйлөрдүн алдында кумдан токоч жасап, топ тээп ойноп жүрүштү.

Эми эч капарсыз жашай берсе болот! — деди аскер. Эми силерге эч кандай коркунуч жок. Фашисттердин салыгы толук жок кылынды!

### Достордун өлкөсүндө

Солдат көчөдө баратты. Чоочун шаардын тааныш эмес көчөсүндө. Шаар жанында кырка тоо. Быякка, коңшу өлкөгө, кырсык келди — жер титиреди. Жер титирөө бүтүндөй бир шаарды талкалап кетти. Урандылардын алдында калышып, кишилер өлдү. Көпчүлүгү табылбай калды. Ал эми тирүү калгандарга жаңы үй куруп берүү керек болду. Достор биздин аскерди жардамга чакырды.

Шаардын калкына жардам берүү үчүн советтик аскер келди. Урандыларды тазалоого жардам берди. Жапа чеккендерди өлүмдөн сактоого жардамдашты. Жаңы үйлөрдү, жолдорду, курушту. Аскер аткарбаган иш калган жок!

Баратты аскер көчөдө. Достордун өлкөсүнүн көчөсүндө баратты. Ал досторуна жардам берүүгө дайым даяр турат! Зарыл болгон убакта.

Дайыма ушундай болот.

**Мындан ашкан күч жок!**

Солдат көчөдө баратты. Жөнөкөй дагы, бөтөнчө дагы аскер. Жөнөкөй дегенибиз, ал да бардык жолдоштору сыяктуу. Гимнастёркачан. Пилоткасынын маңдайында кызыл жылдыз. Өтүгү жалтырата тазаланган. Анан төшүндө мыкты жоокер экендигин билдирген белги. Ал эми бөтөнчө дегенибиз, ал Советтик Армиянын аскери.

Аскердин күчү зор.

Кайсы бир токойлор арасында ракеталык установкалар турат. Ракеталар ар кыл — кичинеси, орточосу, чоңдору бар.

Мындай ракеталар биздин космонавттардын кораблдерин асманга алып чыккан.

Эгер керек болуп калса алар душманга сокку урушат — миңдеген чакырым аралыктан барып бутага дал тийет.

Кайсы бир жерлерде белгисиз аэродромдор бар. Анда вертолёттор турат.

Асманга кишилерди, замбиректери, ал турсун танкалары менен көтөрүп уча ала турган зор вертолёттор, ошондой эле самолеттор бар.

Бортунда болжолсуз күчтүү куралы бар тез учкан жана өтө оор самолёттор бар.

Бир жерлерде кебелбеген танктар менен өзү жүрүүчү куралдар, броновиктер менен миномёт установкалар бар. Алар ишке киришүү үчүн буйрук гана күтүп турушат!

Кайсы бир деңиздер менен океандарда тез жүргөн кораблдер менен атомдук суу алдындагы кайыктар рейдде турушат. Алар керек болсо душман кайсы жерде жүрбөсүн, байкалбай барып калат.

Аскердин күчү зор.

Анан дагы бир эң негизги күч бар. Ал күч — биздин элибиз, биздин Советтик өлкөбүз.

— Мындан ашкан күч жок! — дейт аскер биздин армиябыз жөнүндө.

— Биздин күчтөн ашкан күч жок,— дейт аскер жөнүндө элибиз.

Душмандар болсо аны билишет.

Билишет, ошондуктан Советтер өлкөсүнө — биздин өлкөбүзгө — кол салууга даашпайт.

*Лев Кассиль*

## СЕСТРА

Аскер Иван Котлов урушка кирди. Иванга фашисттин огу тийди. Колун көзөп өтүп, төшүн жаралады. Иван жыгылып калды. Жолдоштору душмандын артынан түшүп, алдыга кетти. Иван кардын үстүндө жалгыз жатты. Колу сыздап ооруйт, араң эле дем алат — көкүрөгүнө тийген ок дем алдырбай жатат. «Ажалым жеткен экен. Эми өлөм»,— деп ойлоп коёт ал жатып алып. Ошентип көзүн жумду да, ойлонбой жатып калды.

Бир маалда байкаса кимдир бирөө аны акырын түртүп жатат. Көзүн ачайын десе ачылбайт. Кирпиктери тоңуп калыптыр. Эптеп бир көзүн, анан экинчисин ачты. Караса: жанында кыз, сумкасында кызыл крест — отряддагы медициналык сестра экен. Сумкасынан бинт алып чыгып, оорутпоого аракеттенип, жаратын таңа баштады.

«Туш тараптын баарында уруш жүрүп жатса, мунун жылып келгенин кара»,— деп ойлоду Иван, анан сурап койду:

— Өлөмбү?

— Өлбөйсүз, жолдош. Мен азыр жаратыңызды таңам.

— Ыракмат, карындашым! — деди Иван Котлов. — Атыңызды айтып коёр бекенсиз.

— Атым Надя. — Жооп берди кыз. — Надя Балашова.

Ал жарадарды таңды, анын мылтыгын алды да, Иван Котловду кучактап, коопсуз жерге сүйрөп жөнөдү. Фашисттер аны аткылап жатышса, кыз болсо эч нерсе болбогонсуп жарадарды сүйрөп сойлоп баратат. Кичинекей болуп туруп күчтүүсүн кантесиң. Коркуп да койбойт. Ошентип ал Иван Котловду өлүмдөн сактап калды. Мыкты жан курбу, эр жүрөк кыз Надя Балашова!

— Арина, Арина! — Мен — Сагызганмын! Арина, мени угуп жатасызбы? Арина, жооп бериңиз!

Аринадан жооп жок, унчукпайт. Анын үстүнө бул жерде эч кандай Арина да, эч кандай Сагызган да жок. Эгер душман тыңшагысы келип калса түшүнбөсүн деп аскер телефонисттеринин атайын жасаган амалы. А мен сага сыр айтып берейин. Арина — аял эмес, Сагызган — канаттуу куш эмес. Булар амал менен коюлган телефон аттары. Биздин эки отряд урушка киришкен. Биринин аты Арина, экинчисиники — Сагызган. Байланышчылар кардын үстү менен телефон байланышын тартып коюшкан, ошентип бир отряд экинчиси менен сүйлөшүп жатты.

Бирок бир маалда Аринанын үнү угулбай калды. Эмне болуп кетти? Аңгыча Сагызган деп аталган отряддын командирине чалгынчылар келди да, мындай дешти:

— Тезинен Аринага билдиргиле, алардын каптал жагынан фашисттер жакындап келатышат.

Телефонист трубкага кыйкыра баштады:

— Арина! Арина!.. Бул мен — Сагызганмын! Жооп бергиле, жооп бергиле!

Аринадан жооп жок, Арина унчукпайт. Телефонист ыйламсырап, жан-алакетке түшүүдө. Трубканы үйлөгүлөйт. Бардык эрежени унутуп койду. Кыйкырып кирди:

— Петя, Петя, мени угуп жатасыңбы? — Мен — Сагызганмын. Васямын мен!

Телефондо үн жок.

— Сыягы байланыш үзүлүп калса керек,— деди байланышчы жоокер, командирге кайрылды: — Уруксат бериңиз, жолдош командир, барып улап келейин.

Жолдошуна жардам берүүгө дагы бир байланышчы суранып чыкты. Алар аспаптарын, зым оролгон чыгырыкты алышты да, кардын үстү менен сойлогон бойдон кетишти.

Фашисттер аларды байкап калышып, ата башташты. Кардын үстүнө миналардын ысык чачырандылары шыркырап түшүп, октор чуу-чуу этет, а байланышчылар болсо болбой эле боортоктоп баратышат. Акыры алар зымдын үзүлгөн жерин табышты, улай башташты. Фашисттер болсо баягыдан да кү-

чөп аларды аткылай баштады. Эми жолдошторду куткаруу керек! Жамгырдай жааган ок алдында эки эр жүрөк азамат жатат. Телефон байланышын улап, жан талашып иштешүүдө. Ошентип атышып, зымды улашты, эки отряддын телефону тең сүйлөй баштады.

Телефонисттердин кубанычы койнуна батпайт.

— Арина! Мен — Сагызганмын! Арина, угуп тур! Петя, кагылайын, кулак сал!

Ошентип Арина деген отрядга эмне кабарлоо керек болсо ошонун баары кабарланды. Фашисттер биздин жоокерлерден озунуп кол сала албай калды.

Ал эми байланышчылар кайра сойлоп келишти да, командирге маалымдашты:

— Баары жайында, жолдош майор, байланыш иштеп жатат.

*Агния Барто*

## СЕНИН МАЙРАМЫҢ

### I

Эртеңки күндү ойлоп,
Балдар жатышат.
Бат эле мемиреп,
Уйкуга батышат.

Чачын жандырып,
Көйнөгүн илишет.
Москвалык кыздар,
Уйкуга киришет.

Турушуп таң саар,
Үй ичин карады.
Дубалда кыпкызыл,
Календарь барагы.

Түндүктө кар оор,
Каардуу аяз бар.

Эң эрте турушкан,
Якут балдар.

Мейли кар арбын,
Бүгүн айылда.
Желектер желбирейт,
Календарь белгилейт:
Жетинчи ноябрь —
Майрам келди дейт.
Ушундай эле календарь
Камада дагы бар.

Ушундай эле календарь
Днепрде дагы бар.
Күнү жылуу түштүктө
Дагы ушул календарь.
Туфличен-сандалчан
Чуркап келет жаш балдар.
Деңиз суусу жыпжылуу,
Бала бакчага ал даяр.

Гаванада желек желбирейт.
Кыйкырат балдар эми:
— Карагыла, канча желек!
Он! Жыйырма! Элүү!

2

Октябрды Москва ырдайт,
Улуу майрам кубулат.
Оруска да, тажикке да
Анын сөзү угулат.

Майрамдагы салютту,
Якут — балдар угушат.
Канча атылды — бардыгын,
Бирден санап турушат.

Пионерлерди, балдарды
Достоштурган Октябрь.
Көп жыл мурун Артекте,

Буудай эгип кеӊ тайгага,
Кампага дан толмокчу.
Чабандар болсо жайытка чыгат,
Бригада болсо цехте иштейт.
Баарысы теӊ кеӊ мейкиндик,
Эмгек шаӊын белгилейт.

Багбандар да шымаланып,
Жеӊиш багын тигишсин.
Жаӊы завод бүткөрүлүп,
Жаӊы үйлөргө киришсин!

Болгуӊ келсе, учкуч болгун!
Сүзгүӊ келсе — сүз деӊизде.
Жолго чыккын эч токтолбой,
Жетип кайткын жеӊишке.

Бүгүн майрам — күз күндө,
Күүлдөйт салют, күүлдөйт
Москванын үстүндө.

Баардык жерде — кызыл сан,
Нур чачылып тууралдан.

*Э. Мошковская*

## МАЙРАМ ДЕГЕНИБИЗ ЭМНЕ?

Биринчи май —
Майрам.
Кызыл туулар
Жана гүлдөр.
Канат жайган.
Революция күнү да —
Майрам.
Конституция күнү да —
Майрам.
Жаӊы жыл түнү да —
Майрам.
Жаман болбойт
Аба ырайы майрамда

Көңүл бүт сайранда.
Эгер апам аман болуп,
Баарыбызда
Көңүл ток болсо —
Майрам.
Эгер

согуш

жок

болсо —

Майрам.

*З. Александрова*

## ОКТЯБРДЫН КҮНҮНДӨ

Күн асмандан жаркырап,
Шаң көп сурнай үнүндө.
Октябрят биз болдук
Октябрдын күнүндө.

Пионерди биз ээрчип,
Парадка барат кадамдар.
«Октябрят келатат» —
Деп калышат адамдар.

Балдарыбыз Ильичтин,
Шаңдуу шаар майрамда.
Капалык жок, шаттык көп,
Көңүлдүүбүз, сайран да.

*С. Маршак*

## ФЕВРАЛЬ

Февралда шамал уңулдап,
Турбалардан зуу-зуу үн чыгат.
Сапырылып кардын тозоңу,
Уюлгуган куюн унчугат.

Самолёттор сызат алыска:
«Учарыма табым келди» деп.

Февралда бүгүн майрамдайт
Армиянын күнүн белгилеп.

*О. Высотская*

## 8-МАРТ

Учуп келди жел менен
8-Март.
Эрип кирген самтыр кар
Тизгининди тарт.

Қат жаздырат таптаза
8-Март
Белек сатып аларда —
Азабыңды тарт.

Апабызга эң кымбат
8-Март.
Алсак тилин биз анын,
Артат барк.

## БИРИНЧИ МАЙ

Өлкөбүз өсүп, өлкөбүз гүлдөп,
Угулат ырдын сайраны.
Жашасын, Биринчи май,
Күн менен жаздын майрамы!

Кыштак, шаар жасанышкан,
Төгүлөт көңүл сайраны.
Жашасын, Биринчи май,
Бейкут эмгек майрамы!

Ак көгүчкөн көктө ойнойт,
Майдын жылуу күнүндө.
Жашасын биринчи май
Достуктун азем үнүндө!

*М. Исаковский*

## БАРЫП КӨР ОКЕАНДЫН АР ЖАГЫНА

Барып көр океандын ар жагына,
Кезип көр жердин жүзүн бүт томолок.
Дүйнөдө өлкөлөр бар канча түркүн,
Бирок да биздикиндей эч жерде жок.

Жайкалып жаткан кеңири жерибизчи!
Сууларын мөлтүрөгөн көрүнүзчү?
Заводдор бака-шака үн чыгарса,
Кайнаган кутман талаа, төрүбүзчү!

Ар бир күн — ыксыраган ырыс төгөт,
Ар күндүн жанга бейкут жай өлчөмү.
Барып көр океандын ар жагына,
Көрбөссүң биздикиндей бай өлкөнү.

*Б. Житков*

## КАЛКЫГАН МУЗ ҮСТҮНДӨ

Кышында деңиздин үстү муз болуп тонду. Колхоздун бардык балыкчылары музду жарып балык ууламак болушту. Торлорду алышып, чанага түшүп, муз үстү менен жөнөштү. Балыкчы Андрей да уулу Володяны ээрчитип жөнөп калды. Аябай алыска барышты. Айланандын кай жагын карасаң да жалтырап муз каптап жатат, деңиздин үстүн бүт муз каптап калган болчу. Музду тегерек кылып оюшуп, торлорду деңизге чөктүрүп жайышты. Күн ачык тийип турган, баарынын көңүлдөрү куунак эле. Володя торго илинген балыктарды жип чаташынан чыгарып салууга жардам берип турду, торго балык көп илинип жатканына аябай кубанып жатты.

Муз үстүндө тоңгон балыктар дөбө-дөбө болуп үйүлдү. Ошондо Володянын атасы жолдошторуна минтип айтты:

— Жетишет, үйгө жөнөйлү.

Бирок бардыгы ушул жерде эле түнөп, эртең менен эрте кайрадан балык уулайлы деп суранып туруп алышты. Кечин-

де тамак ичишип, жылуу тон ичиктерге оронушуп, чаналардын үстүнө жатып алышты.

Түндүн бир оокумунда атасы атып туруп, айгай салып калды.

— Жолдоштор, тургула! Карагылачы, катуу шамал келатат! Деги бир кырсык болбосо экен!

Баары атып турушуп, карбаластап ары-бери чуркай башташты.

— Бизди эмне терметип жатат? — деп Володя чаңырып ийди.

Ошондо атасы бак-бак үн катты:

— Кырсык! Биз турган муз жарылып бөлүнүп, аны шамал деңиздин ортосун көздөй калкытып айдап жөнөдү.

Балыкчылардын бардыгы муздун үстүндө алдастай ары-бери чуркашып кыйкыра башташты.

— Калкып жөнөдү, калкып жөнөдү!

Кимдир бирөө чочулай кыйкырып ийди:

— Өлдүм!

Володя ыйлап кирди. Күндүз шамал ого бетер катуулай баштап, толкундар муздун үстүн каптап кетип жатты, көзгө деңизден башка эч нерсе көрүнбөйт. Володянын атасы эки шыргыйды улаштырып байлап матча кылып, анын учуна кызыл көйнөгүн желбирете илип койду, ал желектей көрүнүп калды. Бардыгы тең кеме көрүнүп калаар бекен деп туш тарапты карашат. Аябай чочулап корккондуктан эч кимдин тамак жеп-ичкиси келген жок. А Володя болсо чананын үстүнө жатып алып, күндүн көзү көрүнөр бекен деп асманды тиктеп жатты.

Анан капилеттен булуттардын арасынан Володя самолетту көрө калып, кубангандан кыйкырып ийди:

— Самолёт! Самолёт!

Баары тең кыйкырышып, тумактарын булгалай башташты. Самолёттон мешок таштаашты. Анда тамак-аш жана кат бар экен. Катта: «Чыдагыла! Жардам келатат!» — деп жазылыптыр. Бир сааттан кийин кеме келип адамдарды, чаналарды, аттарды жана балыкты өзүнө жүктөп алды. Көрсө, порттун начальниги муз жарылып бөлүнүп, сегиз балыкчыны муз менен калкытып шамал айдап кеткенин билген экен. Ал аларга кемени жана самолётту жардамга жибериптир. Учкуч ба-

лыкчыларды таап, радио аркылуу кеменин капитанына каякка баруу керектигин айтыптыр.

### Көчкү

Валя аттуу кыз балык жеп жаткан, анан капилеттен балыктын кылканы тамагына сайылып калды. Апасы чочулай кыйкырып жиберди:

— Батыраак нандын катуу сыртын жутуп ий!

Бирок ал деле жардам берген жок. Валянын көзүнөн жаш мончоктоп ага баштады. Ал сүйлөй албай койду, күңкүлдөп бирдемени айтып, колдорун жаңсап жатты.

Апасы коркуп кетип, докторду чакырганга чуркады. А доктор болсо биерден кырк чакырым алыста жашачу. Апасы телефон аркылуу сүйлөшүп, тезирээк, тезирээк келүүсүн өтүндү.

Доктор дароо өзүнүн «кыпчуур-жабдыктарын» чогултуп, автомобилге отуруп Валяга жөнөп калды. Жол деңиздин жээгин бойлоп өтчү. Бир тарабы деңиз, экинчи тарабы бийик аскалар эле. Автомобиль чымын-куюн болуп баратты. Доктор Валя бир кырсыкка учурап кетпесе экен деп чочулап келатты.

Капилеттен алдыдагы асканын бир борчугу быркырап сынып, таштар жолду бөгөп калды. Машина өтө албай калды.

Жол али узак болчу. Бирок доктор баары бир жөө басып жетмек болду.

Аңгыча арттан түтүлөткөн үн чыгып калды. Шофер артына кылчайып карап, докторго минтип айтты:

— Токтой туруңуз, доктор, жардамга келатышат!

Жүк ташуучу чоң машинадан адамдар секирип түшүштү. Алар машинанын үстүнөн насосту жана резина түтүктөрдү түшүрүштү да, түтүктүн бир учун деңизге малып коюшту.

Насос иштей баштады. Түтүк менен деңизден сууну сордуруп алып, аны экинчи түтүккө матор аркылуу айдап киргизип турду. Мына ошо түтүктөн суу укмуштай күч менен атырылып чыгып жатты. Атырылып чыккан суунун күчү ушунчалык күчтүү эле дейсиң, түтүктүн учу титиреп, аржак-бержакты чапкылап тургандыктан кишилер кармап турууга да күчтөрү жетпеди. Ошондуктан аны темир ачага бекитип, суу-

ну көчкүнү көздөй атырылтышты. Замбиректен суу менен атып жаткандай эле болду. Суу ушунчалык күч менен көчкүнү аткылагандыктан, таштарды жана каткалаң топурактарды жарып, майдалап деңизди көздөй агызып жатты. Жолду бөгөгөн көчкүнү суу сүрүп агызды.

— Ылдамыраак, жөнөйлү! — деп доктор шоферго кайрылды.

Шофер машинасын айдап жөнөдү. Доктор Валяга келип, кыпчуурларын алып чыгып, тамагына сайылган кылканды сууруп алды.

Андан кийин гана ал Валяга жолду кантип көчкү басып калганын, аны насос-гидротарак менен кантип сүрүп тазалашканын айтып берди.

*С. Маршак*

## БЕЛГИСИЗ БААТЫР ЖӨНҮНДӨ БАЯН

Өрт өчүргүчтөр издешүүдө,
Милициядан да издешүүдө,
Фотографтар да издешүүдө
Биздин эле башкалаадан
Көптөн бери издешүүдө.
Табалабы, таппайбы аны,
Кандайдыр бир боз баланы
Жыйырмага чыккан жаңы.

Узун эмес, орто бойлуу,
Кең ийиндүү, чың денелүү.
Ак футболка, кепка кийген,
Алдандабай аста жүргөн.
ГТО деген белгиси бар.
Көөдөнүндө жанып турар.
Болгону ушул таржымалы
Башка эч нерсе билбейт алар.

Көп боз балдар орто бойлуу,
Кең ийиндүү, чың денелүү.
Башкалаада балдар азбы,
Футболка да, кепка кийген.

Бардык балдар адат катар,
Значокту тагынышат.
— Мен даяр! — деп, бардык
ишке
Чакчарылып чамынышат.

Ал ким эле,
Кайдан келген?
Жүргөн эле
Не иш менен?
Издеттирген бүт шаарды,
Ким табалат андай жанды.
Не жаман иш жасады ал,
Не тартарга айыбы бар?

Ал жөнүндө эл ичинде
Айтат мындай окуяны.
Келе жатты
Бирөө жалгыз,
Москвада көптөр жүргөн.
А башына ак түстөгү.
Жарашыктуу кепка кийген.
Маашыр болуп жазгы маалга,
Трамвайдын аянтында,
Көңүл бурбай чуру-чууга,
Алда нени салып ырга.

Аңгыча ал көрүп калды,
Маңдайкы бир дарчадагы,
Түтүн каптап,
Жалын жалмап
Өрт курчаган бир баланы.

Топурашып жапырыла,
Эл келе албайт акылына.
Коркуу менен карайт үйдүн
От жалмаган чатырына.
Коюуланган кара түтүн
Жалын менен таркайт улам.
Бир жаш бала

Жардам сурап,
Колун сунуп жандалбастайт,
Ошол үйдүн дарчасынан.

Бир мүнөт да ойлонбостон,
Улан учту куюн болуп
Трамвайлар аянтынан.
Кезип өттү тайманбастан,
Машина аккан трассадан.
Күйгөн үйгө жетип келип,
Суу түтүккө чап жармашып
Өргө чыга баштады улам.

Артка таштап үч кабатты,
Төртүнчүдөн эптеп өтүп,
Бешинчиде ал баратты.
Эң акыркы — кабат күйөт
Түтүн каптап бардык жакты.
Жалын тилин соймоңдотуп,
Дарчалардан чыгып жатты.

Дагы бир аз чыгуу керек,
Дагы бир аз жылуу керек.
Дарчага кол сермеш үчүн,
Улан чабал, тыным керек.
Жетти акыры эптеп-септеп,
Күчүн жыйнап чымырканып.
Ылдый түшө баштады анан
Кызды өзүнө тартып алып.

Колу менен аяр кармап,
Дубалдагы түтүктөрдү.
Такандап ал карниз менен
Балкон карай арыш керди.
Турат,
Турбайт буттары анын.
Төрт аттамдай балкон турат,
Бил кылт этсе учмак анын.

Төмөнтөн эл карап турду:
Шамдагай бул жаш уландын

Албас үчүн жаза басып,
Өлүм, өмүр ортосунда
Баратканын аярданып.
Карниз менен өтчү жолдун.
Жармын басса,
Жармы калып.

Таштады аны да бир кадам,
Токтоп турду чымыркanып.
Да таштады эки кадам,
Уча турган ал баштанып.
Бир шумдуктай айла менен
Балконго да жетип барды.
Ачып туруп эшиктерин
Ичин көздөй кулады ары.

Кара түтүн чимирилет,
Кабаттанып булут сынар.
Чымын-куюн болуп жатты,
Өрт өчүрчү машиналар,
Кулакты жеп тыным албай,
Түтүлдөшөт сигналдар.
Айланага толуп чыкты.
Жаркылдаган жез каскалар.

Көз ачканча жарышышты,
Каскачандар кумдай тарап.
Чакан шаты шарт узарып,
Жомокто уккан сыяктанат.
Окшош сары кийингендер.
Бири кирсе,
бири чыгат,
Түтүн жиреп,
Жалын кечип,
Болуп жатты бир алаамат.

Кара жалын коюуланып,
Жанат, өчөт буркурап.
Түтүктөрдөн суу атылып,
Тиет ага шыркырап.

Ал аңгыча аял барды:
Өрт өчүргөн кишилерге
Бир башкача сабылып.
— Кызым, менин!
Кызым, менин!
Күйүп кетти
Буга чейин.
Сактап кала көргүлө! — деп,
Боздоп кирди жалынып.

Чурулдашты каскачандар:
— Табалбадык кызыңды биз,
Бардык жерди карасак да.
Күйгөн үйдүн кабаттарын
Катарынан санасак да.
Айран-таңбыз өзүбүз да,
Учуратпай бир жанды да.

Ал аңгыча күйгөн үйдүн,
Эшиктери шарт ачылып.
Чыкты бирөө
аяр басып.
Эч ким аны көргөн эмес,
Мурун-кийин учурашып.
Бүтүн кийми тамтыгы жок,
Бети-башы көө болгон.
Алып келет
Кыз баланы
Бооруна кыскан бойдон.

Энекесин бек кучактап,
Кыз ыйлады бышактап.
Улан кайтты
Артын карай,
Трамвайды аралап.
Вагондордун күзгүсүнөн
Турду бир аз чагылып.
Кепкасын бир булгады да
Көздөн кетти кайыгып.
Өрт өчүргүчтөр издешүүдө,

Милициядан да издешүүдө,
Фотографтар да издешүүдө,
Биздин эле башкалаадан
Көптөн бери издешүүдө.
Таба алабы, таппайбы аны,
Кандайдыр бир боз баланы,
Жыйырмага чыккан жаңы.

Узун эмес, орто бойлуу,
Кең ийиндүү, чың денелүү.
Ак футболка, кепка кийген,
Аландабай аста жүргөн.
ГТО деген белгиси бар,
Көөдөнүндө жанып турар.

*С. Сахарнов*

## ЭҢ МЫКТЫ КЕМЕ

Тимканын атасы матрос болчу.

Бир жолу Тимка атасынан минтип сурап калды:

— Атаке, сен азыр кайсы кемеде сүзүп жүрөсүң?

Атасы күлүп, минтти:

— Эң мыкты кемеде. Биздин кеме эң чоң, эң ылдам жүрөт, трубалары аппак, сиренасы алтындын буусу менен жалатылган. Кыйкырса, тим эле кулагыңды жарат: тү-түү-тү! Каалasаң, эртең көргөнгө кел!

Эртеси Тимка портту карай жөнөдү.

Порттогу кемелердин көптүгүн айт — санатың жетпейт! Бирок Тимка алардын ичиндеги эң мыктысын дароо баамдады. Ал анча алыс эмес жерде турган аппак трубалуу, эки буттуу мачтасы бар, сиренасы алтындын буусу менен жалатылган, эң чоң кеме эле. Анын тумшук жак капталына «Беш жылдык» деп бадырайта чоң тамгалар менен жазылыптыр.

Причалда кулактары чыккан сары мешоктор үйүлүп туруптур.

Үч резина жолчо — транспортерлор роликтердин үстү менен жээктен «Беш жылдык» деген кемеге чубалжып созулат. Жүк жүктөөчүлөр мешокторду көтөрүп алып транспортёрго таштап жатышты. Мешоктор жолчолор менен өйдө карай жы-

лып, улам бийиктеп төбөсүнө жеткенде, култ этип, кеменин курчагына — тюрмасына түшүп турду.

Кеменин дардайган трубасынан түрмөктөлүп көк түтүн атып чыгып жатты! Түтүндүн бир түрмөгү жерди көздөй түшүп, Тимканы каптап калды.

— Апчхи!

Тимка транспортёрдун жанына басып келди.

— Байке, бу мешокторду каякка апарат? — деп сурады ал.

— Индияга,— деп бурк этти жүк жүктөөчү. — Жолтоо болбо, кеме азыр жөнөйт.

Индияны Тимка билчү. Аякта пилдер болот, бирок атасы Индияга барам деген эмес. Анан бул кандайча?

Башын катырып Тимка тигиндейрээк барып ташка отурду.

Жүк жүктөөнү аякташты.

Машина бух-бу! бух-бу! — деп иштей баштады. «Беш жылдык» менен причалдын ортосунда суу тилкеси пайда болду.

— Атаке! — деп алдастап кыйкырып ийди Тимка.

Аңгыча шамал башталып, мачтадан кызыл желекти желбирете баштады.

Мына ошондо күтүлбөгөн окуя болду.

Шамал улам катуулап сого баштады. Шамал кеменин жайык кең капталына барып урунуп тийип жатты. Кеме ары-бери чайпалып, причалга кыйшая тиер-тиймексен болуп калды.

Темирдин кыйчылдаган катуу үнү чыкты.

«Мына эми жарака кетет!» — деп ойлоп Тимка коркконунан бүрүшө түштү. «Беш жылдыктын» машинасы да жүрбөй калгансыды, бирок кеме причалдын бетон плиталарынын четтерин сүрүп, чаңга айлантып жээк менен жылып баратты.

Анан капилеттен гавандын бурулушунан ипичке ышталган трубасы бар кичинекей капкара кеме чыга калды. Анын тумшук жагында боз күрмөчөн матрос туруп келатты.

Кемече «Беш жылдыкка» ылдам сүзүп жетип, анын так тумшугунун алдынан кайрылып, бийик капталына такай барып жөлөнүп, чоң кемени жээктен түртө баштады.

Шамал ыркырап согуп жатты. Кемече да өжөрлөнүп

түрткөнүн койбойт. Бардык күчүн сала титиреп жатып зор кораблди акырындап тумшугун бурууга жетишти.

Кара күрмөчөн матрос шамдагайлык менен кеменин бортуна жоон, оор канатты ыргытты.

Кемече «Беш жылдыктын» алды жагына чыгып, канатты чыйралта тартып, аны порттон сүйрөп тартып жөнөдү.

Кемече порттогу башка кораблдердин жанынан сүзүп баратты, анын трубасынан чыккан кара түтүн ышталган, чаалыккан капталын каптап калып жатты.

Деңиз бетине чыккан «Беш жылдык» канатты бошотуп, «ырак-мат!» дегендей күркүрөп үн салып, сүзүп жөнөдү.

Кемече болсо, жаш баладай ышкырык чыгарып, аркасына кайра кайтты.

Ал причалга кайтып келген кезде, Тимка селее түштү: көрсө анын тумшук жагында боз күрмөчөн атасы туруптур.

### Эки радист

Охот деңизинде эки радист кызмат өтөп жүрүштү. Бири — «Волна» аттуу балык уулоочу сейнерде, экинчиси — «Пугачёв» аттуу жүк ташуучу кемеде кызмат кылчу.

«Пугачёвдун» радисти эртең менен эрте жалтырак бурама кармагычтары бар темир кара сандыкчанын — радиостанциянын бет маңдайына отуруп, аны иштетип, берүүлөрдү баштоочу. Ал манчалары менен жез рычагчаны — радио ачкычты бирде азга, бирде андан узагыраак баса баштайт, ошондо абага бирде кыска, бирде узун «пии-пи-пии-пи-пи!..» — деген үн тарайт.

Ошондо кээде «Волнанын» радисти ошол учурда кулак уккучун тагынып алып, берилген сигналды угуп, адети боюнча аларды тамгалар жана сөздөргө кураштырып окуп кирчү.

«С-и-л-е-р ү-ч-ү-н- а-б-а ы-р-а-й-ы-н б-е-р-е-м-и-н».

Анткени бардык дүйнө жүзүндөгү радисттердин бардыгы бири-бири менен так ушинтип сүйлөшүшөт.

— Каякка баратасыңар?

— Камчаткага.

— А биз Сахалинге баратабыз.

Сүйлөшкөн сөздөрү мына ушундай эле кыска болот.

Бирок бир жолу кырсык болду. Сейнер калың туманда ташка урунуп, түбүн жарып алып, суу кирип, акырындап чөгө баштады.

Балыкчылар насостор менен сууну сордуруп төгө баштashты. Бирок баары бир муздак суу кемеге толо берди.

— Сууну сордуруп төгүп турууга чамабыз жетпейт көрүнөт,— деди капитан. — Жардам суроо керек.

Радист дароо өз каютасына барды. Белине чейин сууга туруп алып, радиостанциянын столго бекиткен бурамаларын чыгара баштады.

Каютада суу улам өйдөлөп көтөрүлүп баратты, а радист болсо бурамаларды чыгарып жатты. Ал бурама ачкычын сындырып алды, бармактары кан чыкканча өйкөлдү, бирок баары бир акыры станцияны өзүнчө бөлүп алып, палубага көтөрүп чыкты:

«Пи-пи-пи-пи...» — абага коогаландуу үн тарай баштады. Бирок бул жолу алар өтө эле басыңкы болчу, анткени станция ным болуп, жакшы иштебей жатты. Эч ким радистке жооп берген жок.

Радиотолкундар палубанын жанынан эле билинбей калып жатты.

— Кейпи, жардамды чакыра албайт окшойбуз,— деди капитан.

Анан капилеттен радист кулак уккучунан тааныш сигналды уга калды. Ага «Пугачёвдон» жооп берип жатты. «Волнанын» сигналдарын бүт деңиздин үстүндөгүлөрдүн бири да жакшылап уга албай койсо, «Пугачевдун» радисти дароо түшүнүптүр. Ошондо ал, өзүнүн кубаттуу станциясы менен тигинин сигналдарын кайталап бере баштайт.

«Баарыңарга! Баарыңарга! Баарыңарга!»

Эми бүт деңиздин үстүндөгүлөр, бардык кораблдер, даана жана так, командадай чыгып жаткан сигналдарды угуп турушту:

«Жардам бергиле! Жардам бергиле!»

Төрт кеме, үч катар, эки гидросамолёт бараткан жолдорунан кайрылышып «Волнаны» көздөй бурулушту.

«Пугачев» да жардамга шашып сүзүп келатты. Ал башка кораблдерди кууп өтүп, авария болгон жерге биринчи болуп келди.

«Волна» бул учурда чөгүп, көрүнбөй бараткан. Суунун үстүндө анын жалгыз гана мачталары сороюп чыгып турган. Адамдар ошо мачталарды кармап, жел толтурулган тегерек чөктүрбөгүчтөрдүн үстүндө сүзүп жүрүшкөн.

Балыкчыларды суудан алып чыгышты. Качан алар кийимдерин которуп, кеменин каютасына чогулган кезде «Пугачёвдун» радисти сурап калды:

— Силердин радистиңер кайда? Акыры биз бетме-бет кездештик көрүнөт!

— Ал жок,— деп жооп беришти балыкчылар. — Ал сууда туруп иштегендиктен, суук тийип ооруп калды. Бир саат мурда гидросамолёт учуп келген, ал аны алып учуп кетти. Ал мына муну сизге берип коюуну өтүнгөн.

Ушуну айтып, балыкчылардын бири радистке бир барак кагаз катты сунду. Бaрактын бетине төмөнкүдөй жазылган эле: «Менин эң жакын досума».

Эч кандай фамилиясы жок болчу. Анткени бүт дүйнөнүн радисттери фамилияларынын ордуна кыска гана «Пии-пипи...» — деген чакыруу сигналдарын колдонушат...

***Ю. Коваль***

## КӨЧКҮ

Чек ара заставасы бийик тоодо эле.

Ал жерде таптакыр бак-дарак өспөйт. Ал түгүл бир түп бадалды да эч жерден көрө албайсың — кайда караба боз аска жана кызыл чап.

Жыл бою заставанын үстүнөн шамал ышкырып турат. Жайкысын кичинекей таштарды жана кум аралаш чаң учурса, жазгысын жана күзгүсүн жамгыр жана кар аралаш кумдуу чаң учурат, ал эми кышкысын болсо такай кар учурганы учурган...

Бул жылы кыш эрте түштү. Тоонун уйгу-туйгу катуу шамалы чоң-чоң күрткүлөрдү пайда кылып, кайра аларды бир жерден экинчи жерге учуруп топтоп, мурдагыдан да чоң, укмуштай көрүнгөн күрткүлөрдү пайда кылып жатты.

Фамилиясы Генералов деген лейтенант заставанын начальниги эле.

— Мындай фамилия менен сен акыры генерал болосуң,— деп тамашалашчу курбулары.

Ал эми лейтенант Генералов камарабай жооп берчү:

— Мага азыр деле жаман эмес.

31-декабрдын таң эртең мененинде, так жаңы жылдын алдында, лейтенант эшиктин алдына чыгып, таң кала түштү: айланада үлп эткен жел жок, ал түгүл күн да ачык тийип турат. Ал ыракаттана керилип-чоюлуп алайын деп баратып, капилеттен асканын бооруна саландап бир нерсе чогулуп калганын көрө койду.

«Бул эмне болуп кетти?» — деп ойлоду лейтенант.

Тоонун боорун, асканын урчугуна, шамал айдап чогулткан аябагандай зор күрткү саландап туруп калыптыр.

Тоодо шамал карды ары-бери учуруп, кандай гана кейиптеги күрткүлөрдү жасабайт дейсиң. Мына бул жолу да асканын урчугуна — шапкенин кырына окшогон күрткүнү чогултуп таштаптыр. Ал тим эле абада саландап, эмнеге илинип турганын да түшүнбөйсүң. Кайсы убакта болбосун көчкү жүрүп кетиши мүмкүн.

Күн ушунчалык ачык тийип турган дейсиз, шапкенин кырындай көрүнгөн күрткү бирде мала-кызыл, бирде кочкул кызыл болуп нурга чагылышып турду. Анын алдында ал түгүл көлөкөсү да дапдаана түшүп, ошол көлөкөдө жалт-жулт эткен шоола карда ойноп жатты.

Күрткүнүн кырынын түп жагы арсак-терсек келип, кайсы бир байыркы зор жырткычтын жонундай көрүнөт. Ал асканын ташына комдоно калып, өзүнүн жалтырак муздак денеси менен төмөн карай секирип, астындагы адамды зор канаты менен басып калчудай сезилет.

— Эхе-ээ! Бул бир балакет,— деди старшина Кошкин лейтенанттын жанына басып келип.

Алар кыр болуп саландаган күрткүнү бир азга карап көрүшүп, аны бузуп түшүрүүнү чечишти.

— Минтпесек дагы бир неме болуп кетиши мүмкүн,— деди старшина,— кар үстүнөн дагы жылып басса, күрткү көчүп, жигиттерибиздин кимдир бирөөн басып калышы ыктымал.

Лейтенант менен старшина лыжаларды буттарына байланышып, тоону көздөй жөнөштү.

Мындай күрткүлөр адатта катуу добуштан көчүшөт, ошондуктан, алар катуу кыр болуп салаңдаган күрткүнүн жанына жакын келгенде лейтенант тапанчасын тарс эттире атмак болду.

— Коё туруңуз,— деди ага старшина. —Бекер ок коротуунун кереги не.

Старшина кериле дем алып үнүнүн барынча кыйкырып калды:

— Кырсыктан сактан!

Эч натыйжа чыкпады — кыр болуп сороюп турган күрткү кыймылдап да койгон жок.

— Оо, каргыш тийгир десе! — деп старшина кайра кыйкырды.

Кыр болуп турган күрткү эч козголгон жок. Ошондо лейтенант тапанчасын алып, атып калды. Тапанча атылганда кулак туна түшсө да, кайсы бир жердеги капчыгайда күп этип бир нерсе ураганы угулса да, баары бир кыр болуп турган күрткү ордунан кыймылдап койгон жок.

— Убактысы жете элек экен,— деди старшина, заставага кайра кайтып келатышканда.

* * *

Күн бат эле жылып, заматта кеч кирди.

Ал эми кечинде болсо бороон болуп келди.

Шамал куюндап ышкырып, катуу тоңгон кар күкүмдөрүн октой учуруп жатты.

Заставадагылар жаңы жылдык майрам дасторконунда отурушкан. Солдаттар кружкага куюп компот ичип жатышты, анткени аларга шарап ичүүгө болбойт, чек ара тоонун эле наркы бети. А тоо болсо мына бет алдында турат. Баянда ойношуп, жаңы жылдык балатыны тегеренип бийлеп, солдаттар уктаганга жатышты. А лейтенант Генералов старшинаны өзүнө чакырып, ага мындай деп айтты:

— Мени тиги кыр болуп салаңдаган күрткү кооптондуруп атат. Көчкү болуп көчүп кетпесе экен.

— Бороон катуу,— деди старшина,— бирок баары жайында болот деп үмүттү үзбөйлү.

Шамал ого бетер ыркырап кар учуруп, күрткүлөрдү бир орундан экинчи орунга айдай баштады.

Кыр болуп салаңдаган күрткү улам чоңоё берди, ушунчалык чоңоюп кетти дейсиң, борчукка араң эле илинип тургансыды. Мына акыры ал бир жагына кыйшая түшүп, «кырт»,—деп анын ич жагынан кандайдыр бир нерсе онтогондой болуп кетти. Ал бир аз сыйгаланып жылып, анан тоонун кырынан «күп» этип ылдый кулады.

Коркунучтуу кар толкуну алдындагы бардык күрткүлөрдү чайкап агызып төмөн карай зуулдап баратты.

Лейтенант Генералов жаңыдан жатайын деп жатканда кандайдыр бир ызы-чууну уга калды. Үйдүн дубалы анын көз алдында титиреп-калтырап турду. Бут алдындагы пол да титиреп жатты. Ал эшикти көздөй атып чыкмакчы болду эле, эшик өзүнөн өзү эле ичкериге учуп түштү. Ошол учурда аны бир кара толкун көмөлөтө урду. Бул кара толкун—кар эле.

Көчкү заставаны каптап өттү. Кар толкуну терезелерди сындырып, бөлмөлөрдүн ичине сүрүп кирип, солдаттар уктап жаткан бөлмөнү төбөсүнө чейин кар каптап калды. Экинчи бир жаңы кар толкуну үйдү ордунан сүрүп, бир жак капталына кыйшайта аңтарып салды.

Лейтенант Генералов кыймылдайын деп аракет кылып көрдү, бирок эч дарманы келбеди. Аны ушунчалык такап кысып таштаптыр дейсиз, кар менен эмес, кандайдыр бир тоңгон ылай менен кысып койгондой көрүндү. Ал чыканагы менен түрткүлөп кар туткунунан чыкмакчы болду, бирок кандайдыр бир муздак оор салмак этин эки ийнинен басып тургандай, анын кысымынан чыгып кете турган каруу-күч таптакыр жоктой сезилди.

«Баары бүттү,— деп ойлоду лейтенант,— эч чыга албай калдым...»

Лейтенанттын деми кыстыга баштады. Оозун аңырайтып ачып, бир калыпта дем алганга аракеттенип, тили менен карды жалмалагысы келди. Кар болсо анын эриндеринин тегерегинде, бетинде акырын эрип аткан. Ал муштуму менен карды эле, колу кандайдыр бир катуу боштукка чыга түштү — ал кар толкуну жулуп кеткен терезенин тушу болчу.

Лейтенант Генераловго ондой берди болду. Ал терезеден сойлоп чыгып, жумшак карга туш келди, анан күрткүнүн жонуна тырмаландап чыкты.

Таң атып калыптыр, айлананы караса застава жок. Чатыр да, дубал да, эшик да жок — жалаң кар...

Ал кыйкырып көрдү, эч ким жооп берген жок.

Көрсө көчкүнүн алдынан суурулуп чыккан жалгыз эле ал экен.

Шамал ызылдап, күрткүнүн кырларына жаңы кырчаларды пайда кылып, майда муздай каткан карларды бетке шыңгырата уруп турду.

Лейтенант бая чыккан терезеси менен кайра ичке сойлоп кирди да, кар дубалды шилей баштады. Колдор бир заматта жыгачтай катып тоңуп, тактайдан атайлап жасап койгондой болуп калды. А лейтенант болсо өжөрлөнө, тим эле эки жыгач күрөк менен сүрүп жаткансып, карды шилей берди.

Ал ары-бери сойлоп, караңгыда кыйкыра берди. Кандай сөздөрдү кыйкырганын, аларды кандай ойдо айтканын эстөө да кыйын эле.

Арадан, кейпи, бир саат өттү көрүнөт.

Лейтенант кардын ичинен ичке көндөй көзөп отуруп бир керебетке жетти, бул керебетте дайыма солдат Игорь Соколов уктачу, керебет бош экен.

Лейтенант чочуп коркуп кетти. Анткени ага кардын алдында бир да адам жоктой, алардын бардыгы күкүм болуп майдаланып, карга айланып кеткендей сезилди.

Анан бир кезде, кайсы бир жаныбар өз териси менен аны сайгылап жаткандай көрүндү. Ал жаныбар мына ушу кардын алдында жаткандай болуп кетти.

Ал деген жаңы жылдык балатынын бутактары экен.

— У-у-у-у-у-у! — уңулдаган үн угулду ага, шамал унулдап жатканын же адам чакырып жатканын ажырата албай койду. Анан акыры, лейтенант аны катарында жандуу адам бар экенин, ал бир нерсе деп кыйкырып жатканын, ал эми сөздөрүн ажыратып билүүгө болбой турганын, жалгыз гана зыңылдаган: у-у-у-у-у — деген үн чыгып жатканын сезди...

Старшина Кошкин лейтенантты көздөй үңүп казып келатыптыр, алар көөдөй караңгыда бетме-бет чыга түшүштү.

Эми алар экөөлөп казышып, дагы эки солдатты көчкү кардан бошотушту.

Алар кол фонарь жана автоматтарды таап алышты, төртөөлөп карды күтүрөтүп казып киришти.

Эки сааттан кийин алар заставадагылардын дээрлик бардыгын көчкү астынан чыгарышты. Жалгыз гана солдат Соколовду эч жерден таба албай коюшту. Алар дагы бир саат бою көчкүнү казып жатышып Соколовду табышты.

Эртең менен бороон басылды. Көчкү алдынан суурулуп чыгышкан чек арачылар заставанын бардык курулушун көчкү алып кеткенин, шыпыргынын сабынан жогору каратып сайып койгонсуп, жалгыз гана радиоантена сороюп турганын көрүштү.

Чек арачылар карга тыгылганына карабай тоодон төмөн карай түшүп, коңшу заставаны көздөй баратышты, улам кезектешип Игорь Соколовду колмо кол көтөрүп коңшу заставага жетишти.

Жаз келип, кар эрий баштаган учурда старшина өзүнүн эски заставасын байкап келүүгө жөнөдү. Жанында Игорь Соколов бар эле. Алар эски журтун көпкө аралап, карды түрткүлөп, көчкү алдында калган буюмдарын издеп жүрүштү. Капилеттен старшина таң каларлык үндү уга койду.

— Бир нерсени угуп жатасыңбы, Соколов?

— Угуп атам, кимдир бирөө акырын коркулдап жатат.

— Акырын коркулдап жатабы?

— Акырын эле.

— Анда кана, күрөгүңдү бери бер!

Алар кар күрткүсүн бир аз казышып... типтирүү жаткан чочкону көрүштү!

Ал чочко кардын алдында үч ай бою жатса да эч нерсе болбоптур. Кабыргалары көрүнгөндөй аябай гана арыктаптыр. Бүт кыш бою көчкү алдында калган заставанын астын тумшугу менен түрткүлөп аңтарып, тырмактай жей турган бирдеме издеп таап жеп, ошону менен жанын алып калыптыр.

Мына ушу окуяны коңшу заставадагылар уккандан баштап мейманга келишип, даңкы чыккан чочкону көрүп кетишчү. Ал эми чек арачылар болсо, ага бир-бирден картошка берип, аны аябай кастарлап багып, Кар ханшасы деп атап калышты.

*Ю. Яковлев*

## ҮЙ МУЗЕЙИ

Чоң эненин бөлмөсүнүн дубалында сүрөттөр илинип турчу. Кичинекей чарчы кашаачалардан, терезеден тиктеп тургансып, адамдар дайыма карап тураар эле. Алардын баары, чоң энесинин айтуусу боюнча, ушул эле Мишутканын тууган-туушкандары болчу.

Ошол тууган-туушкандар колдорун тизелерине коюп, стулдарда отурушчу. Алар кыймылдагандан коркуп, дем албай да калышкан. Сүрөтчү аларды бир минутка эле кыймылдабай отуруп турууларын өтүнгөн, ал эми тиги сүрөт кагаздарда болсо, алар түбөлүккө кыймылдабай катып калышкан.

Сүрөттөрдүн арасында балдар да бар болчу. Алар кыска көйнөкчөн стулдун үстүнө чыгып алып сүрөткө түшкөн мадыра баштар эле, же ичин дардайтып жылаңач чалкасынан жаткан ымыркайлар эле. Алардын көздөрү тостоюп турчу. Алардын баары тең сүрөтчү өз аппаратынан мына азыр учуп чыгат деп убада берген чымчыктын учуп чыгышын карап турушат. Бирок чымчык учуп чыккан жок. Чоң энеси Мишуткага булардын бардыгы сенин тайкелериң менен таежелериң деп айтып калчу. Күлкүң келет: тайке-таежелери жээнден да кипкичинекей.

Тууган-туушкандардын бири атчан болчу. Анын капталына кылыч илинип турчу. Митушка бул сүрөттү кылычы жана аты бар үчүн аябай жакшы көрчү.

Дубалдын боорунда эскирген, өңү саргайып өчө баштаган, пионерлер тартылган сүрөт да бар эле. Анда кыздар да балдардай кийинип алган. Ал түгүл койдурган чачтары да куду балдардыкындай, өрүлгөн бир да чач жок. Ал түгүл алардын кимиси кыз, кимиси эркек бала экенин ажырата албайсың. Баарынын көкүрөгүндө пионер галстуктары байланган. Пионерлер оттун жээгиндеги көк чөптө отурушат. Ал эми бирөө болсо туу кармап турат.

Чоң эне өзүнүн чарчы кашаачаларга салынган сүрөттөрүн үй музейим деп койчу. Күн сайын эртең менен чоң эне музейдин сүрөттөрүнүн чаңын сүртүп турчу.

Бир жолу чоң эне Мишутканы демейдегиден башкача иш жасап жатканынын үстүнөн чыкты. Ал стулга чыгып алып

пионерлер тартылган сүрөттү аябай көңүл коюп карап туруптур.

— Ал сүрөттөн кимди издеп жатасың?

— Ийнеликти,— деп жооп берди Мишутка.

— Кайсы ийнеликти?

— Пионер кыз — ийнелик Маяны.

— Жанагы биздин коңшу үйдүн кызыбы? Бул сүрөттө ал Маянын кандай тиешеси бар? — деп чоң эне бир аз таарына түшкөнсүдү, анысын Мишутка чоң энесинин үнүнөн эле баамдады.

— Анын биерде сүрөтү жокпу? — деп сурады Мишутка.

— Жок,— деп чорт жооп берди чоң эне.

— А бу сүрөттөгүлөр кимдер? Жалаң эле тууган-туушкандарбы?

Чоң эне колун шилтеп койду: ошондой кантип болсун, жалаң тууган-туушкан дегенге — пионердик толук отряд өтө көптүк кылбайбы.

— Бул сүрөткө мен да түшкөм,— деп айтты чоң эне.

— Сенби? — Мишутка чоң энесин көзүнүн үстү менен карап, ишенбегендей башын кыйшайтты. — Сен дагы пионер кыз-ийнелик болдуң беле?

— Ийнелик болгон эмесмин, а бирок пионердин катарында болгом.

— Эмне, чоң энелерди да пионерге алабы? — деп кызыга сурады Мишутка.

— Ал кезде мен да чоң эне эмес элем.

«Мына кызык,— деп ойлоду Мишутка,— чоң эне болуп туруп чоң эне болгон эмесмин деп коёт. Анда ал ким болгон?»

Ошол учурда чоң эне сүрөттүн жанына басып келип, сүрөттөгү биринчи катардагы сол жактан үчүнчү болуп турган апарык ичке кызды көрсөтө минтти:

— Мынабу менмин.

Мишутка адегенде ипичке пионер кызды биртике тиктеп, анан чоң энесин карады, экөөнүн ортосунда эч кандай окшоштук деле жок экен. Балким, чоң энеси, атайын тамашалап жаткандыр? Мишутка чоң энесин сынап көрмөк болду.

— Чоң эне,— деп айтты ал,— өзүңдүн пионер болгонуң тууралуу айтып берчи.

— Макул,— деди чоң эне. — Кана, бери отур, тууган,

столдун жанына, тамак ич, а мен сага кантип пионер болгонуму айтып берем, Жарайбы?

— Жарайт! — деп жооп берди Мишутка. — Сен аңгемени узак айтсаң, мен тамактын баарын жеймин.

Мишутка аңгеме айтып бербесе деле тамакты аягына чейин жемек болчу. Бирок ал бир аз куу бала болчу. Чоң энеси анын жанына отуруп алып, аңгемесин баштады.

### Пионер кыз — чоң эне

Анда мен он эки жашта элем... Сүтүңдү түгөтө ич, сүтүңдү аягына чейин ич!.. Биздин коңшу фабрикада пионердик отряд чогултууну чечишиптир.

«Кимде ким революциянын пионери жана Ильичтин немереси болгусу келсе, отрядга жазылгыла!» — деп бизге комсомолец Костя кайрылды.

Ошондо мен отрядга жазылдым. Мени менен кошо дагы беш бала жазылды. Бир нече күн өткөндөн кийин биздин аймактагы үйлөрдөгү балдардын баары отрядга жазылганы Костяга келишти. Баарыбыз тең революциянын жоокери жана Ильичтин немереси болууну самаганбыз.

Биз аябай ынтымактуу жана куунак жашоочубуз. Жүрүштөргө чыкчубуз, костерлор жакчубуз. Биздин жакшы досубуз бар болчу, ал полктун командири эле. Кызыл атчандардын командири. Майрам күндөрү ал бардык отрядды аскердик аттарга мингизчү, ошондо биз, так кызыл аскерлердей эле, музыканын коштоосу менен шаардын көчөлөрүн аралап ат минип өтчүбүз.

— Сен дагы ат минчү белең? — деп Мишутка чоң энесин ишенбегендей карады. Ушу чоң энем кантип атка мине алсын?

Чоң эне «ооба» дегендей башын ийкеди.

— Ооба, мен да минчүмүн! Андан тышкары биз, окуганды жана жазганды билбеген чоң кишилерди окутчубуз,— деп сөзүн улады чоң эне. — Мен өзүмдүн чоң энемдин кат сабатын жойгонмун.

Мына ушу жерде Мишутка чыдай албай сөз кошуп ийди.

— Чоң эне, качан мен пионерге өткөнүмдө, сөзсүз мен

сенин кат-сабатыңды жоём, окуганды жана жазганды үйрөтөм. Макулбу?

— Макул,— деп жылмайды да, аңгемесин улады, чоң эне: — Биз аябай ынтымактуу жашачубуз, бирибизден бирибиз жардам аячу эмеспиз. Бир жолу биз заводдун короосунун жыгач кашаасын сырдап коюуну чечтик. Жашыл сырды, кистилерди сураштырып, издеп жүрүп таптык да ишке кириштик. Ошондо менин башыман бир окуя өткөн. Чоң, жаңы кист менен сырдап жаткам, капилеттен аным колуман көйнөгүмө түшүп кетти. Көйнөктөгү көгүш гүлдөрдү тебелеп жапжашыл сыр жаап калды. Мен этегиме түшүп бараткан кистини кармай калып, кайрадан түшүп кетпесин деп, денеме бек кыскан экенмин. Ошондо көйнөгүмдүн ийнине балтайган жашыл так пайда боло түштү. Мен өз көйнөгүмдү карап алып, ызаман ыйлап ийдим...

Мишутка бир аз кабагын түйдү. Ал пионер кыз-чоң энесин аяп жиберди. А чоң эне болсо аңгемесин улантты:

— Ошондо менин жаныма вожатый Костя басып келип, мындай деп айтты:

«Сен эмне ыйлап жатасың? Пионердин ыйлаганы кантип жакшы болсун?»

Ал мени олуттуу көз менен карады, бирок боор ооруган маанай байкалып турду.

«Ыйлабаганда кантейин — дедим мен,— жападан жалгыз жакшы көйнөгүм болсо, аны да булгап алдым».

Ал эми Костя болсо минтип айтты:

«Болуптур, бир айласын табарбыз. Пионерлер жолдошун эч качан оор абалда калтырбайт!»

Мен көз жашымы кызыл галстугумдун учу менен аачып койдум. Костя бардык балдарды жанына чакырып мындай деп айтты:

«Анда мындай, балдар, беш минутадан кийин баарыбыз тең кинематографка барабыз — кинематограф деп мурда кинону айтчубуз,— ошондуктан үйүңөргө акча апкелгенге чуркагыла!»

Балдар Костяны таң кала тиктеп калышты, анткени дубал-кашаа али сырдалып бүтө элек болчу, ал эми ал болсо, кинематографка дейт. Бирок тартип деген тартип да. Бардыгы чуркап кетишти. Ал эми мен ичимен ойлоп коём: «Мени

минтип кырсык басып турса, алар болсо көңүлдөрүн ачкылары бар. Чыныгы жолдоштор ушундай учурда ошондой кылмак беле?»

Беш минутадан кийин отряд кайра чогулду. Ар биринин колунда акча бар эле. Костя башынан шапкесин алып, балдарга сунду.

«Кана, акчаңарды салгыла. Жалпы казнага!»

Бардыгы акчаларын салышты. Ошондо Костя мындай деп айтты:

«Балдар, биздин жолдошубуз Настя бир аз кырсыкка учурады. Мына карагыла, пионердик милдетин аткаруу учурунда көйнөгүн жараксыз кылып алды... Кандай дейсиңер?»

Балдар унчукпай калышты. Менин сыр болуп булганган көйнөгүмү карап турушту, анан мага кандай жардам берсек дегендей ойлоно калышты.

Капилеттен, отряддагы эң кичинекей бала, минтип калды:

«Келгиле, ага жаңы көйнөк сатып берели».

«Акчаны кайдан алабыз?» — деп сурады Сеня Кутьяков.

«Акча Костянын шапкесинде турбайбы!»

«Туура! — деп кыйкырышты балдар. — Келгиле колго салалы!»

Ошондо Костя алдыга чыгып, балдарга кайрылды. «Кинематрографка баруунун ордуна, ал акчага Настяга жаңы көйнөк сатып берели дегендер колуңарды көтөргүлө».

Балдардын баары колдорун көтөрүштү. Аларга Костянын сунушу жагып калды. Жалгыз гана Сеня Кутьяков колун көтөргөн жок.

«А кинематограф эмне болот? — деп сурады ал. — Мен кинематографка баргым келет!»

Бирок ошондо ага балдардын баары жаалап кетти.

«Оо, тамыры кыркылбаган буржуй десе! — деп кыйкырышты балдар. — Жолдошунун башына иш түшүп турса, сага кинематограф керек да. Жолдошуңа жардам бергиң келбейби?!»

Сеня чынында эле коркуп кетти.

«Бергим келет, берем! — деп кыйкырып ийди ал. — Мен буржуй эмесмин! Мен деген... кыркылбаганмын!»

Биз бүт отряд болуп дүкөнгө жөнөдүк да мага жаңы

көйнөк сатып алдык. Ал көйнөк мурдагыдан да жакшы эле...

Чоң эне өзүнүн аңгемесин айтып бүтөөрү менен Мишутка ордунан секирип туруп, ичкеридеги үй музейин көздөй жүгүрүп жөнөдү. Ал тырмаландап стулга чыгып, пионерлер түшкөн эски сүрөттү кунт коюп карап кирди.

— Чоң эне, вожатый Костя кайсынысы? ...Кыркылбаган Сенясы кайсы? — деп сурай баштады.

Чоң эне көз айнегин тагынып, сүрөттүн жанына басып келди. Ал Мишуткага те небаккы өзүнүн пионер-жолдошторун көрсөтүп жатты. А Мишутка болсо үн дебестен аларды аябай көңүл бөлүп карап жатты.

Анан ал минтип айтты:

— Чоң эне, мен дагы революциянын жоокери жана Ильичтин небереси болгум келет!

Ага пионерлер аябай жагып калды.

*Ю. Коринец*

## КЫЗЫЛ ЖҮЗДҮҮ КЫЗ

Кызыл жүздүү кыздан баштасам, балким силер Гизи тууралуу айткан жатат го деп ойлогон чыгарсыңар? Жо-ок, такыр башка чынында, Гизини бардык жагынан кызыл жүздүү — татына кыз десе болот. Себеп дегенде, ал деген эң башкысы татынакай сулуулугу бир де! Себеп дегенде ал деген биздин кичинекей кызыл коммунисткабыз, дал мындай эле, кызылдардын үй-бүлөсүнөн — муну эки де! Анын ата-энеси — немец коммунисттеринин үй-бүлөсүнөн, ал эми менин ата-энем — орус коммунисттеринин үй-бүлөсүнөн. Бирок кептин төркүнү анда эмес.

Бул окуянын Гизи менен байланышканынын себеби, анын кызыл жүздүү кыз болгондугу үчүн эмес, эң башкы себеби, менин кызыл жүздүү — уялчаак кыз атка конгонума байланыштуу болду!

Балким силер кызыгып сурарсыңар, эркек бала кантип кызыл жүздүү кыз боло калсын? — Жөнөкөй эле экен! Аны мен силерге өзүмүн мисалыман улам түшүндүрүп берейин...

Апам экөөбүз Кузнеци көпүрөсүндөгү дүкөнгө барып келатканбыз. Короо аянтына киргенибизде ал ээн жана тынч экен.

...Биз короо аянты менен шашпай басып келаттык, ант-

кени апамдын көтөргөн сумкасы оор болчу. Бут алдыбызда кар — кырч-кырч! этип үн чыгарып жатты.

Анан мен капилеттен, көчө жакки чоң эшиктен Гизи чыга калганын көрдүм! «Чыкты, чыкты, чыкты!» — деп жаткансыды таманымын алдындагы карлар. Қар айтпаса деле, өзүм көрүп турбаймынбы!

Мен Гизи жеңил жыгач күрөгүн алып, короо аянтында келатканын көргөн жокмун дегендей, түр көрсөттүм.

Апам токтой калды, кычыр! — эткен кардын үнү чыгып басылды.

— Юра! Тигини карачы! Гизи сейилге чыгыптыр! — деп айтты апам.

— Қаякта? — Мен калп эле башка жакты карадым.

— Жок, сен башка жакты карап жатасың,— деп апам менин жеңимен тартты. — Тигине, көрдүңбү?

— Көрдүм.

— Барагой, аны менен ойноп кел!

— Қаалабайм!

— Эмнеге?

— Жөн эле...

— Жөн дегениң кандай. Жөн эле эч нерсе болбойт... Балким сен уялып, тарткынчыктап жаткандырсың, кызыл жүздүү — уяттуу кыздан бетер!

Ушуну күттүм беле! Бул сөздү апам айтып отурбайбы! Түшүнөсүңөрбү, ал сөздү мага кандай мааниде айтканын? Мындай сөздү угуу, албетте, өтө эле жагымсыз!

— Мен деген кызыл жүздүү — уялчаак кыз эмесмин!

— Анда бар ойно!

— Қаалабайм!

— Анда, өзүң бил! — деди апам. — Қызыл жүздүү уялчаак кыз болуп жүрө бер...

Қөзүмүн кыры менен Гизи тарапты карап көрсөм, ал кол күрөгү менен карды күрөп жатыптыр...

Мен болсо калп эле анын жанына барганды каалабайм деп айткамын. Өзүм болсо жанына барганды аябай эле каалап тургам. Аны менен бирге кандайдыр бир сепилди курсаң кандай сонун болот эле! Бирок анын жанына баруунy өтө каалап тургандыктан, ого бетер жанына бара албай койдум!

Ушуну түшүнөсүңөрбү? Мындай окуя силердин башыңардан өткөн жок беле? Албетте, өткөндүр!

Ошол учурда жанагы кеңкелес ит атырылып чыга калып отурбайбы! Ит бурчтан чыга калды, төрт-беш көз ирмемге каткандай какайып турду да, бизди бир карап алып, анан капилеттен Гизини көздөй үрүп чуркап жөнөдү! Мен бул итти билчүмүн, ал өзүнүн картаң кемпир ээси менен биздин короодо сейилдеп калышчу. Ал аябай эле макоо болучу, жөнү жок эле азыркысындай, арсылдап үрө берчү. Мен кемпирди айтканым жок, анын итин айтып жатам. Кейпи, ал биздин короодогу жаңы, чоочун адамды Гизини биринчи жолу көрүп жатса керек, ошон үчүн Гизини көздөй макоолугунан атырылып жөнөп жүрбөйбү.

Гизи, кейпи, аябай коркуп кетти көрүнөт. Жанагы ит кандектердин тукумунан, көрүнүшү кипкичинекей болсо да, сырткы түрү коркунучтуу эле: жүндөрү сапсайып турчу, маңдайынан түшкөн тармалданган кир баскан узун жүндөрү көзүнө чейин салаңдап жапчу, ал эми көздөрү да канталап кызарып турчу.

Ошо желмогуз Гизини көздөй, кутурган немедей, шилекейин чачыратып, арсылдап үрүп атырылып баратпайбы! Ит Гизинин пальтосун тиштеп жулкулдатып калды! Гизиге жардамга эч ким келген жок! Ошондо Гизиге жардамга мен бардым! Мен Гизини арка жагынан чуркап барып, анын күрөгүн ала коюп, желмогузду тармалданган көчүк тушуна берип калдым! Ал каңк этип алып, нары качып жөнөдү! Анын жини бир заматта чыга түштү белем!

— Жогол биерден! — деп мен күрөк менен тап бердим.— Жогол!

— Ай балакай. Сен эмнеге итке тийишесиң? — Короонун нары тарабынан чыга келген иттин ээси мага кыйкырды.

— Итиңизди кармабайсызбы, балдарды каап ала жаздады! — деп бержактан апам катуу айтты.

Ошондо кемпирдин деми сууй түштү, желмогузун колтугуна кысып алып бөжөңдөп чуркап жөнөдү.

Мен Гизини карап калдым... Ал мага карап жылмайды! Жылмайганда да, мен биринчи жолу көргөн өзгөчө немецтик жылмаюу менен жылмайды. Гизи экөөбүз так ушинтип таанышканбыз. Ошондо мен, кызыл жүздүү-уялчаак кыз эмес-

тигимди далилдегем! Эгер мен кызыл жүздүү-уялчаак кыз деген атка консом, болгону бир аз учурга болгондурмун.

*Н. Носов*

## ТЕПКИЧ БАСКЫЧТАРЫ

Бул окуя Петя балдар бакчасынан кайтып келатканда болду. Ошол күнү ал онго чейин санаганды үйрөнгөн эле.

Ал өз үйүнүн жанына жакындаганда, карындашы Валя дарбазанын жанында аны күтүп туруптур.

— Мен санаганды билемин! — деди мактанып кирди Петя. — Балдар бакчасынан үйрөндүм. Мына карачы, эшиктин тепкичи канча экенин санай аламын.

Алар тепкич менен улам жогорулап басып баратышты, ал эми Петя болсо үнүн көтөрө чыгарып санап баратты:

— Бирөө, экөө, үч, төрт, беш...

— Ии, сен эмне токтоп калдың? — деп сурады Валя.

— Токтой тур, мен унутуп жатпаймынбы, тепкичтин үстүнкү баскычы канча болорун. Азыр эстеймин.

— Эсте, эстеп көр,— деди Валя.

Алар тепкичтин бешинчи баскычында бир топко туруп калышты. Петя мындай деди:

— Жок, мен минтип тура берип эстей албайм. Кана, андан көрө кайра санап кирели.

Алар тепкичтен кайра төмөн түшүштү. Кайрадан жогору көтөрүлө баштаашты.

— Бирөө,— деди Петя, эки, үч, төрт, беш...

Анан кайра токтоп калды.

— Кайра унутуп калдыңбы? — деп сурады Валя.

— Унуттум! Бу кандайча! Азыр эле эсимде болчу, капилеттен дароо унуттум! Ка-на, дагы бир жолу санап көрөлүчү.

Алар кайрадан тепкичтен төмөн түшүштү, Петя кайрадан башынан баштады:

— Бирөө, эки, үч, төрт, беш...

— А балким, жыйырма беш чыгар? — деп сурады Валя.

— Жо-ок! Сен ойлогонго тоскоол болуп жатасың! Мына, көрдүңбү, сенин айыңан унутуп калдым! Кайрадан башынан саноого туура келет.

— Мен кайра баштоону каалабайм! — деди Валя. — Бул

эмне дегендик! Бирде жогору: бирде төмөн, кайра жогору, кайра төмөн? Менин буттарым ооруп кетти.

— Каалабасаң — кереги жок,— деп жооп берди Петя. — А мен болсом, ошо санды эсептеймин, мындан өйдө чыкпайм.

Валя көтөрүлүп үйгө кирип апасына минтип айтты:

— Апке, тыякта Петя тепкичтин баскычтарын санап жатат: бирөө, эки, үч, төрт, беш, андан аркысын эсинен чыгарып коюптур.

— Андан аркысы алты,— деп айтты апасы.

Валя тепкич менен төмөн көздөй кайра чуркап жөнөдү, ал эми Петя болсо дале тепкич баскычтарын санап жатыптыр:

— Бирөө, эки, үч, төрт, беш...

— Алты!— деп шыбырады Валя. — Алты! Алты!

— Алты! — деп кубанып кыйкырып ийди Петя, анан жогорулап баскычтарды санап жөнөдү. — Жети, сегиз, тогуз, он.

Тепкичтин баскычтарынын түгөнүп калганы жакшы болбодубу, а болбосо Петя үйгө жетмек эмес, анткени ал онго чейин эле санаганды үйрөнгөн.

### Жандуу калпак

Кийим алчу жапыс, кичинекей шкафтын үстүндө тегерек калпак жаткан, анын жанында полдо бала мышык Васька отурган, ал эми Вовка менен Вадик столду тегеректеп сүрөттөрдү түс сыр менен коздоп жатышкан. Капилеттен алардын артынан бир нерсе жалп этип полго түштү. Алар арттарына кылчайып карап кичинекей шкафтын жанында жаткан тегерек калпакты көрүштү.

Вовка шкафтын жанына келип, калпакты полдон алып ордуна коймок болуп эңкейип баратып капилеттен кыйкырып ийди:

— Ой-ой-ой! — деп селее четке секирип чыга берди.

— Сага эмне болду? — деп сурады Вадик.

— Тигинин жаны бар экен?

— Эмненин жаны бар экен?

— Кал-пак-тын.

— Эмне дейсиң! Калпактын жаны болмок беле?

— Анда өзүң кара!

Вадик жакын басып барып, калпакты тиктеп калды. Капилеттен калпак аны көздөй жылып жөнөсө болобу.

— Ой! — деп диванга секирип чыкты.

Вовка да артынан диванга атып чыкты.

Калпак акырын жылып бөлмөнүн ортосуна барып токтоп калды. Балдар аны карап, корккондорунан калтырап турушту. Ошол учурда калпак кайрылып алып, диванды көздөй жылып жөнөдү.

— Ой, Ай! — деп кыйкырып жиберишти балдар. Дароо дивандан секирип түшүшүп, бөлмөдөн атып чуркап чыгышты. Ашканага чуркап киришип, анын каалгасын бек жаап алышты.

— Ме-мен ке-ке-те-мин! — деди Вовка.

— Каякка?

— Өз үйүмө кетем.

— Эмнеге?

— Калпактан коркуп жа-жатам! Калпактын бөлмөдө өзүнчө жылып жүргөнүн мен биринчи жолу көрүп отурам.

А балким аны кимдир бирөө жип менен байлап алып, көрүнбөй тартып жаткандыр?

— Анда, барып карап көрчү.

— Жүрү, чогуу баралы. Мен көсөөнү алып алам. Эгер ал бизге кол салса, мен аны көсөө менен согом.

— Токто, мен дагы көсөө алып алайын.

— Биздин үйдө бир эле көсөө бар.

— Анда лыжанын таягын алайын.

Алар көсөөнү жана лыжанын таягын алышып эшикти ачып, ички бөлмөнү караштты.

— Тиги каякка кетти? — деп сурады Вадик.

— Тигине, столдун жанында турат.

— Азыр мен аны көсөө менен ушундай катуу согом! — деди Вадик. — Эр болсо жакын жылып келсинчи, селсаяк десе?

Бирок калпак столдун жанында кыймылдабай жата берди.

— Ии, корктуңбу? — деп кубана кыйкырышты балдар. — Бизге жылып келгенден коркуп жатат.

— Мен аны азыр коркутуп койгом, — деди Вадик.

Ал көсөө менен полду чапкылап, кыйкыра баштады:

— Эй, сен, акмак!

Бирок калпак ордунан жылган жок.

— Кел, картошканы алып, аны ошону мененургулайлы,— деген сунушту киргизди Вовка.

Алар кайра ашканага бөлмөгө киришип, себеттеги картошкадан алып, аны менен калпакты көздөй ургулай баштошты. Ургулап жатышты, ургулап жатышты, акыры Вадиктин картошкасы калпакка тийди. Ошондо, калпак асманга атып секирип чыкты!

— Мяу-уу! — деп кимдир бирөө ачуу кыйкырды.

Карашса, калпактын астынан адегенде көгүш куйрук, анан бут, андан кийин бала мышыктын өзү атып чыкты.

— Васька! — деп кубана кыйкырып жиберди балдар.

— Кейпи, ал полдо отурганда, кичинекей шкафтын үстүндөгү калпак түшүп кетип басып калса керек,— деди Вовка акыл жүгүртүп көрүп.

Вадим Васьканы колуна алып кучактап, өпкүлөй баштады:

—Васька, татынам, сен кантип калпактын астында калдың?

Бирок Васька эч жооп берген жок. Ал болгону бышкырып, жарыктын нурунан көзүн ачып-жумуп жатты.

## Бадырандар

Бир жолу Павлик жолдошу Котьканы ээрчитип дайрага балык кармаганга барды. Бирок ошол күнү алардын жолу болбоду: кайырмакка балык такыр илинбей койду. Антсе да кайра кайтып келе жатышып, колхоздун бакчасына ууруга кирип, чөнтөктөрүнө толтура бадырақ шыкап алышты. Колхоздун кароолчусу аларды байкап калып, ышкырыгын ызылдата безелентти. Балдар тызылдап качып жөнөштү. Үйгө кайтып келатканда, жолдо карай Павлик ойлонуп келатты, чоочун бакчага киргени үчүн үйдө төпөш жеп калышы ажеп эмес, ошондуктан ал өзү алган бадырандарын Котькага берип таштады.

Котька үйүнө кубанып кирди:

— Апке, мен сага бадырақ апкелдим!

Котьканын апасы уулун карап калды, уулу чөнтөктөрү-

нүн баарына толтура бадыраң шыкаганы аз келгенсип, көйнөгүн чандайтып койнуна да салып алыптыр, ал түгүл эки колуна эки бадыраң кармап жүрөт.

— Буларды кайдан алдың? — деп сурады апасы.

— Бакчадан.

— Кайсы бакчадан?

— Тиги дайранын жээгиндеги колхоздукунан.

— Ким сага уруксат берди?

— Эч ким, мен өзүм үзүп алдым.

— Демек, уурдап алыпсың да?

— Жок, уурдаган жокмун, мен жөн эле... Павлик алса, а мага уруксат жокпу? Ал алган соң, мен да алдым.

Котька бадырандарды чөнтөгүнөн алып чыга баштады.

— Токто, токто! Алып чыкпай коё тур аларыңы! — деп айтты апасы.

— Эмне үчүн?

— Буларды кайра алпарып бер!

— Мен аларды каякка алпарып берем? Алар деген жөөктө өсүшкөн да, мен ошерден үзүп алгам. Эми булар баары бир кайра өсүшпөйт да.

— Эч нерсе эмес, кайсы жөөктөн үзүп алсаң, ошо жөөккө кайра коюп кой.

— Эмнеге апарам, мен аларды ыргытып ием.

— Жок, ыргытпайсың! Сен аларды тиккен эмессиң, өстүргөн эмессиң, ошондуктан ыргытып ийгенге акың жок.

Котка ыйлай баштады:

— Аякта кароолчу бар. Ал бизге ышкырган, биз качып кутулганбыз.

— Мына көрдүңбү, силер эмне кылгансыңар! Эгер кароолчу кармап алса кантет элеңер?

— Ал бизди кууп жетмек эмес. Ал деген аябай картаң чоң ата экен.

— Ушинтип айткандан уялсаң боло! — деди апасы. — Ошо чоң ата бул бадырандар үчүн жооп берет эмеспи. Эгер бадырандардын жок болгонун билишсе, ал үчүн жанагы чоң атаны күнөөлөшөт. Ошо жакшыбы?

Ушуну айтып апасы бадырандарды Котьканын чөнтөгүнө сала баштады, Котька кыйкыра баштады:

— Чоң атанын мылтыгы бар. Ал мени атып өлтүрүп коёт.

— Мейли өлтүрсө. Ууру уулум болгуча, андан көрө таптакыр эле уулсуз болгонум жакшы.

— Анда, апке, жүрү мени менен! Эшикте караңгы кирип баратат. Мен корком.

— Алгандан корккон жок белең?

Апасы Қотьканын чөнтөгүнө батпай калган эки бадыранды колуна карматып, жетелеп барып эшиктен чыгарып койду.

— Же бул бадырандарды алпарып бер, же үйдөн таптакыр кет, сен мага уул эмессиң!

Қотька кылчак-кылчак карап, көчө менен акырын басып жөнөдү.

Күүгүм кирип калган.

«Бадырандарды ушерге аңга таштап саламын, алпардым деп айтам — деген чечимге да келип, эки жагын карай баштады. — Жок, алпарам, кимдир бирөө көрүп койсо, чоң ата мен үчүн жаза алып калбасын».

Ал көчө менен басып да баратты, ыйлап да баратты. Анткени ал коркуп бараткан.

«Павлик оңой кутулду! — деп ойлоду Қотька. — Ал мага өзүнүн бадырандарын берип коюп, үйдө беймарал отурат. Ал эч нерседен чочулабаса да керек».

Қотька кыштактан чыгып, талааны аралап баратты. Айланада жан адам жок эле. Қоркуп жүрүп отургандыктан кароолчуга кандай жеткенин да билбей калды. Алачыктын жанына токтоп, туруп алып ыйлай баштады, улам катуулап ыйлап коёт. Кароолчу анын ыйын угуп, жанына басып келди.

— Сен эмнеге ыйлап жатасың? — деп сурады ал.

— Чоң ата, мен бадырандарды кайра апкелдим...

— Қайсы бадырандарды?

— Күндүз Павлик экөөбүз үзгөндөрдү. Апам мени кайра алпарып бер деп айтты.

— Аа, иштин жайы ушундай турбайбы! — деп кароолчу таң кала түштү. — Бая, демек мен силерге ышкырган экем да, а силер баары бир бадырандарды уурдап кеткенге үлгүрүпсүңөр да. Мунуңар жакшы эмес!

— Павлик алгандан, мен да алгам. Ал кийин өзүнүн бадырандарын да мага берген.

— А сен Павликке караба, өзүң түшүнүшүң керек. Эме-

се, мындан кийин мындай кылбай жүр. Бадырандарды бери бер да, үйүнө жөнө.

Котька бадырандарды чөнтөгүнөн алып жөөккө тизип койду.

— Ии, баарын алып койдуңбу? — деп сурады карыя.

— Жок... бири жетпейт,— деп жооп берди Котька, анан ыйлап ийди.

— Эмне үчүн жетпейт, ал кайда?

— Чоң ата, мен бир бадыранды жеп койгом. Эми эмне болот?

— Эми эмне болот дейсиңби? Эч нерсе болбойт, Жеп коюпсуң, эмне экен. Жегениң аш болсун.

— А сизге, чоң ата, бадыраң жоголгону үчүн эч нерсе болбойбу?

— Аа, сен ошону ойлоп жаттың беле! — деп чоң ата мыйыгынан күлдү. — Жок, бир бадыраң үчүн эч нерсе болбойт. Ал эми эгер сен калгандарын апкелбей койсоң, балким бир нерсе болмок, а азыр эч нерсе болбойт.

Котька үйүн көздөй чуркап жөнөдү. Анан токтой калып, ыраактан кыйкырып калды:

— Чоң ата, чоң ата!

— Ии, дагы эмне болуп кетти?

— Жанагы, мен жеп койгон бир бадыраң — уурдап алган деп эсептелеби же жокпу?

— Ии! — деди чоң ата. — Оңой жооп берчү иш эмес экен! Ээ мейличи, уурдап алган болбой эле койсун.

— Анан аны кандай деп эсептейбиз?

— Анда аны мен сага белекке берген катары эсептей бер.

— Ырахмат, чоң ата! Мен кеттим.

— Барагой, уулум, барагой.

Котька чымын-куюн болуп талааны, аңды, аралап өтүп, сууга салынган көпүрөдөн өткөндөн кийин шашпай көчөнү аралап үйүнө жөнөдү. Эми анын көңүлү жайында эле.

*С. Михалков*

## МААНИЛҮҮ КҮН

Ак кагазда кызыл цифра
Демек, бул — эс алуучу күн!

Жаркырап Биринчи сулуу май,
Көңүлдүн көп черин жазар күн.

Буга окшош сонун күндөр көп,
Февраль, ноябрь айында.
Айрылган календарь билдирет
Кызыл жайында.

Бул күндөрдү күтүп абыдан,
Бул күндөрү жыргайт жаш балдар.
Катар-катар парад башталып,
Баарысы ырдайт басып каз-катар.

Көптөгөн базар күн ичинен,
Жана да майрамдык күндөрдөн
Бөлүнүп күздөгү бир күн,
Өзүнчө миң түркүн түрлөнгөн.

Бул күн кызылга боёлуп
Календардан бизге жолукпайт.
Кадимки эле күндүн бири окшоп,
Өтүп жаткан айды толуктайт.

Бир гана белгиси боюнча
Бул күндү өзгөчө билебиз:
Балдары кыштактын, шаардын
Мектепке жөнөшөт күлө түз.

Шат көңүл, кубанып алышкан
Окуучулар баштагы.
Негедир элеңдеп чочулайт,
Бөбөктөр жети жаштагы.

Календарда турса мейли,
Даңктуу күндөр канча бир.
Башкылардын башкысы го —
Биринчи сентябрь.

*В. Катаев*

# ТАТЫНА ТААЖЫ ГҮЛ

Женя аттуу кыз бар эле. Бир жолу апасы аны дүкөндөн көзөнөк тегереги кичинекей таттуу нан сатып кел деп жиберди. Женя жети көзөнөк тегерек таттуу нан сатып алды. Алардын экөө сейдене себилгенинен эле, аларды атасы үчүн алган, экөө апийим уругу себилгени болчу — аларды апасына деп алган, экөө шекер себилгенинен эле — аларды өзүнө деп алган. Анан да кыпкызыл болгон кичинекей көзөнөк тегерек нанды — иниси Павликке деп алган. Көзөнөк нандарды жипке тизип көтөрүп алып, үйдү көздөй жөнөдү. Жолдо келатып эки жагын карап, көзөнөктөрдө жазылган жазууларды окуп, дарактарда конгон каргаларды санап жүрүп отурду. Мына ошол учурда анын аркасынан бейтааныш ит ээрчип алып: тегерек нандарды биринин артынан бирин: адегенде сейдене себилген атасыныкын, анан шекер себилген Женянын нанын жеп жүрүп отурду. Бир кезде Женя алып бараткан таттуу көзөнөк наны жепжеңил боло түшкөнүн сезе калды. Кылчайып аркасын карады, бирок кеч болуп калган эле. Таттуу нан тизген жип бош калыптыр, ал эми ит болсо, эң акыркы Павликке деп алган кыпкызыл тегерек таттуу нанды апылдатып жеп алып, жаланып жатыптыр.

— Чык-чык, жаман ит десе! — деп Женя итке тап берип кууп жөнөдү.

Кууп жүрүп отурду, кууп жүрүп отурду, бирок итти кууп жеткен жок, ал түгүл өзү адашып калды. Караса, таптакыр тааныш эмес жер. Чоң үйлөр таптакыр жок, баары тең кипкичинекей үйчөлөр. Женя коркуп кетип ыйлап ийди. Анан капилеттен, кайдан чыкканын эч ким билип болбойт, бир кемпир пайда болду.

— Кызым, кызым, эмнеге ыйлап жатасың? — деп сурады кемпир.

Женя кемпирге баарын айтып берди.

Кемпирдин Женяга боору ооруп, аны өзүнүн багына ээрчитип келип мындай деди:

— Эч нерсе эмес, ыйлаба, мен сага жардам берем. Ырас, менде көзөнөк тегерек нан жок, ал түгүл аны сатып алганга акчам да жок. Бирок менин багымда, ушундай бир гүл өсөт

дейсиң анын жардамы укмуш, баарын жасай алат, аны «татына таажы гүл» деп аташат. Менин билишимче, кээде эле кайсалактап туш тарабыңы карап алаксыганың болбосо сен жакшы кыз көрүнөсүң. Мен сага татына таажы гүлдү белекке берем, ал сенин айтканыңдын баарын аткарат.

Мына ушу сөздү айтып кемпир жөөктөгү өсүп турган гүлдөрдөн тандап туруп эң эле татынакай таажылуу гүлдү үзүп берди. Анын жети таажысы ар кандай гүлбүрчөгү бар экен, алар бири-бирине туптунук ар кандай түсү менен; сары, кызыл, көк, жашыл, мала кызыл, кырмызы кызыл жана көпкөк өңү менен айырмаланып турушту.

— Бул гүл жөнөкөй гүл эмес,— деди кемпир. — Ал сенин каалаганыңдын баарын орундатып берет. Ал үчүн сен гүлдүн таажы гүлбүрчөгүнүн бирин үзүп алып, абага калкытып таштап коюп, төмөнкүдөй деп айтышың керек:

Учкун, учкун, гүлбүрчөк,
Учкун бийик көкөлөп.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Чарк айлангын төтөлөп,
Көз ирмемде кайтып кел,
Айтканымды жасап бер!

Айтканымды таап бер деп, тилегими аткар, бул тилегими аткар, деп буюргун. Ошонун баары дароо аткарылат.

Женя өтө кичипейилдик менен кемпирге ырахмат айтып, дарбазадан чыкты, чыгары менен үйгө барчу жолду билбей турганын эстей койду. Ал кайрадан бакка кирип, кемпирден жакын жердеги милиционерге чейин узатып коюуну суранайын деп ойлоду эле, караса бак да, кемпир да жок. Эми эмне кылат? Женя адетинче эле ыйлап жибергиси келди, а түгүл мурду-башы кыяктын кайышындай жыйрылып, бырыша түштү, бирок дароо эле эсине татына таажы гүл келе калды.

Кана, татына таажы гүлдүн касиети кандай экенин байкап көрөлүчү!

Женя шашыла таажынын жашыл гүлбүрчөгүн үзүп алып, асманга кайкыта учуруп мындай деди:

Учкун, учкун гүлбүрчөк,
Учкун бийик көкөлөп.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Чарк айлангын төтөлөп.

Көз ирмемде кайтып кел,
Айтканымды жасап бер!

Айтканымды жасап бер, көзөнөк тегерек нандарым менен дароо үйдө болоюн!

Мына ушул сөздү айтып оозун жыйганча, заматта көз ирмемде үйүндө болуп калбаспы, ал эми колунда жипке тизилген көзөнөк нандары жүрөт!

Женя көзөнөк нандарын апасына берип коюп, ичинен ойлонуп калды: «Чынында эле, бул укмуш сонун гүл турбайбы, муну деген эң кооз вазага салып коюу керек!»

Женя деген кичинекей кыз болчу, ошондуктан ал стулга чыгып, бутунун учуна туруп шкафтын эң жогору тактасында турган, апасы аябай жакшы көргөн вазаны алмакчы болуп колун создү. Дал ошол учурда, каргаша болуп, терезенин тушунан каргалар учуп өтүп калбаспы. Женяны кызыгуу азгырды белем, анда деле айып жок, дечи, канча карга учуп өткөнүн, алтыбы же жетиби? — дароо так билгиси келип кетти. Ал оозун ачып, манчаларын бирден жумуп, санай баштады эле, ваза төмөн карай кулап, тарс! — эте полго тийип майда-майда болуп быркырап сынды.

— Сен кайрадан, бир нерсени сындырдың окшойт ээ, шалакы! — деп апасы ашканадан үн катты. — Менин жандай көргөн вазамы сындырган жоксуңбу деги?

— Жок, жок, апаке, мен эч нерсени сындырганым жок. Сага жөн эле ошондой угулса керек! — деп Женя бери жактан шашыла жооп берип, татына таажы гүлдүн кызыл гүлбүрчөгүн үзүп алып, шыбырап кирди:

Учкун, учкун гүлбүрчөк,
Учкун бийик көкөлөп.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Чарк айлангын төтөлөп.
Көз ирмемде кайтып кел,
Айтканымды жасап бер!

Айтканымы жасап бер,апамдын жандай көргөн вазасын бүпбүтүн болуп калсын!

Мына ушул сөздү айтып оозун жыйганча заматта быркыранып сынган сыныктар бири-бирине жылып жакындап, биригип калбаспы.

Апасы ашканадан шашыла келип, өзүнүн сүйүктүү ва-

засын караса, ал эч нерсе болбогондой мурдагы эле ордунда турат. Апасы алдын ала эскерткен болуп, сөөмөйү менен сес көрсөтүп, ойноп кел деп эшикке чыгарып ийди.

Женя короого чыкты, ажерде балдар папанинчилерди туурап оюн ойноп жатышыптыр: сынык тактайларга отуруп алышыптыр, кум дөбөчөгө таякты сайып коюшуптур.

— Балдар, балдар, мени оюнуңарга кошуп алгылачы.

— Муну кара! Бул деген Түндүк уюл экенин көрбөй турасыңбы? Биз кыздарды Түндүк уюлга албайбыз.

— Ушу кантип Түндүк уюл болсун, ушул сынык тактайларбы?

— Сынык тактайлар эмес, булар калкып сүзгөн муздар. Жолтоо болбой, кет! Бизди азыр чоң муздар кысып жаткан кез.

— Демек, албайбыз дегилечи?

— Албайбыз. Кеткин!

— Мага мунун кереги да жок. Мен силерсиз эле Түндүк уюлга азыр барам. Бирок мынабу силердикиндей оюнчук жерде эмес, нак өзүндө болом. А силерге мышыктын куйругу да жок!

Женя алардан бир аз четке чыгып, дарбазанын алдына келип, татына таажы гүлдү чөнтөгүнөн алып чыгып, көк гүлбүрчөгүн үзүп алып кайкыта учуруп минтип айтты:

Учкун, учкун, гүлбүрчөк,
Учкун бийик көкөлөп.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Чарк айлангын төтөлөп.
Көз ирмемде кайтып кел,
Айтканымды жасап бер!

Айтканымы жасап бер, мен азыр дароо Түндүк уюлда болоюн!

Мына ушул сөздү айтып оозун жыйгыча, заматта, кайдандыр-жайдандыр куюн-чапкын пайда болуп, күндүн көзүн жаап, капкараңгы коркунучтуу түн түштү, таман алдындагы жер, оюнчук чимириктей айлана баштады.

Женя, жайкы жука көйнөкчөн, бутунда байпагы да жок, жападан-жалгыз Түндүк уюлда болуп калбаспы, ал эми аердеги аяздын суукчугу жүз градус эле!

— Оой-ой, апаке, тоңуп баратам! — деп Женя кыйкы-

рып ийип, ыйлап кирди, бирок анын көз жашы дароо муз болуп, үйлөрдүн чатырынын четине кар-жамгырдын суусу аксын деп атайы коюлган түтүкчөлөргө аязда тоңуп салаңдап турчу муздардай, мурдунун учуна салаңдап муз тоңду.

Ошол учурда муз карлардын ичинен жети аппак аюу чыкты — алар түз эле кызды көздөй жылып келатышты, биринен экинчиси коркунучтуу экен, биринчиси — ачуулуу, экинчиси — заардуу, үчүнчүсү — корко тургандай берет кийип алыптыр, төртүнчүсү — жүнү жыдып түксөйөт, бешинчиси — дене-башы бүт кир, алтынчысы — чаар бет, жетинчиси — эң эле зор экен.

Коркконунан жүрөгү жарылып кете жаздап, Женя тоңгон колу менен чөнтөгүнөн татына таажы гүлдү араң алып, жашыл гүлбүрчөгүн үзүп, асманга учура калкыта, үнүн жеткенинче кыйкыра баштады:

Учкун, учкун, гүлбүрчөк,
Учкун бийик көкөлөп.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Чарк айлангын, төтөлөп.
Көз ирмемде кайтып кел,
Айтканымды жасап бер!

Айтканымы жасап бер, мен азыр дароо кайра өзүбүздүн корообузда болоюн!

Мына ушул сөздү айтып, оозун жыйгыча заматта көз ирмемде Женя өздөрүнүн короосунда болуп калды. А балдар болсо аны тиктеп карап калышып, шакаба чегип күлүп киришти.

— Ии, кайда сенин Түндүк уюлуң?

— Мен аякта болуп келдим.

— Биз көргөн жокпуз. Далилдеп бер!

— Карагылачы, менин мурдумда муз тоңуп турбайбы.

— Тоңгон муз түгүл мышыктын куйругу да жок! Жана айткан сөзүңө жооп алдыңбы?

Женя таарына түштү, экинчи бул балдар менен ойнобоону чечип, коңшу короодогу кыздар менен ойноюн деп жөнөдү.

Келип караса, кыздарда ар кандай оюнчуктар көп экен. Биринин арабачасы, экинчисинин — тобу, үчүнчүсүнүн — секирип ойной турган жиби, дагы биринин — үч дөңгөлөктүү велосипеди, башка бириники кичине чий калпак кийген сөз

сүйлөй турган куурчак кызы бар экен. Аларды көрүп Женянын ичи күйө түштү.

«Шашпагыла,— деди ичинен Женя — мен азыр кимдин оюнчуктары көп экенин силерге көрсөтөм».

Чөнтөгүнөн татына таажы гүлдү алып чыгып, мала кызыл гүлбүрчөгүн үзүп алып, асманга кайкыта учуруп, мындай деди:

Учкун, учкун гүлбүрчөк,
Учкун бийик көкөлөп.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Чарк айлангын төтөлөп.
Көз ирмемде кайтып кел,
Айтканымды жасап бер!

Айтканымы жасап бер, дүйнө жүзүндө болгон оюнчуктардын баардыгы меники болсун!

Мына ушул сөздү айтып оозун жыйгыча заматта, кайдан-жайдан келгендери белгисиз, Женянын туш тарабына оюнчуктар курчап үйүлө баштады.

Биринчилерден болуп, албетте, көздөрүн шакылдата ачып-жуумп, тыным албастан: «ата-апа», «ата-апа» деген куурчак кыздар чуркап келишти. Женя адегенде аябай сүйүнүп кетти, бирок куурчактар ушунчалык көп эле дейсиң, дароо бүт короонун ичине, туюк кыска көчөлөргө, ал түгүл эки чоң узун көчө менен шаардык аянттын жарымына толуп чыкты. Куурчактарды баспай туруп, бир кадам да шилтөөгө мүмкүн эмес эле. Айланаңдан жалаң гана куурчактардын кажыкужусунан башка эч нерсе угулбай калды. Сүйлөй албай турган куурчак, беш миллион куурчак кажылдап жатса, кандай ызы-чуу болоорун элестетип көргүлөчү? Куурчактар беш миллиондон кем эмес болчу, булар жалаң эле москвалык куурчактар эле. Ал эми Ленинград, Харьков, Киев, Львов жана советтик башка шаарлардагы куурчак кыздар биерге али жетип келише элек, алар Советтер Союзунун бардык жолдору менен, тоту куштардай кылдырашып ызы-чуу түшүп чуркап келе жатышкан. Женя жанындагы куурчак кыздарды көрүп эле сестене корко түштү. Бул башталышы гана болчу. Куурчак кыздардан кийин өздөрүнөн өздөрү эле топтор, шарлар, бут дөңгөлөктөр, үч дөңгөлөктүү велосипеддер, тракторлор, автомобилдер, койчу, дагы-дагы толуп жаткан оюнчуктар

тоголонуп-дөңгөлөнүп келе башташты... Секирип ойноочу жиптер, жер менен куду жыландар сымал, буттардын арасынан сойлоп, коркок куурчак кыздардын үшүн алып бакыртык-өкүртүп жылып келип жатты. Асман менен миллиондогон оюнчук самолёттор: дирижаблдер, планерлер учуп келатышты. Асмандан, мандалактардай болуп, кебез парашюттар куюлуп түшүп, көпчүлүгү телефон зымдарына, бак-дарактарга илинип калып жатышты. Шаарда көчө кыймылы токтоп калды. Постто турган милиционерлер аларды эмне кыларын билбей, өздөрүнүн айлалары кетип фонар түтүктөрүнүн башына чыга качышты.

— Жетишет, жетишет! — деп Женя коркконунан кыйкырып, башын мыкчыды. — Болду силерге, койгула эми, койгула эми! Мага мынча оюнчуктун кереги жок. Мен тамашалагамын. Мен коркуп атам...

Бирок ошердеги быкпырды элестетүү да кыйын! Оюнчуктар улам жайнап көбөйө берди көбөйө берди. Советтик оюнчуктар келип бүткөндөн кийин америкалык оюнчуктар келе баштады. Бүт шаар оюнчукка толуп чыкты. Женя үйдүн тепкичине чыгып жөнөдү эле — оюнчуктар аркасынан ээрчип жөнөдү. Женя балконго чыкты эле — оюнчуктар кошо чыгышты. Женя үйдүн чатырынын ичине жашынганча шашты эле — оюнчуктар кошо кирищти. Женя шашыла чатырга чыга качты, татына таажы гүлдү чөнтөгүнөн алып, кырмызы кызыл гүлбүрчөгүн үзүп асманга калкыта ыргытып, ылдам-ылдам мындай деди:

Учкун, учкун гүлбүрчөк,
Учкун бийик көкөлөп.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Чарк айланган төтөлөп.
Көз ирмемде кайтып кел,
Айтканымды жасап бер!

Айтканымы жасап бер, тезирээк оюнчуктар кайра дүкөндөргө кетсин!

Мына ушу сөздү айтып оозун жыйганча, заматта оюнчуктар көздөн кайым болду.

Женя өзүнүн татына таажы гүлүн караса, болгону бир гана гүлбүрчөгү калыптыр.

Мына кызык! Алты гүлбүрчөктү зарп кылыптырмын, би-

рок эч кандай ырахат алган жокмун. Эч нерсе эмес. Мындан ары эстүүрөөк боломун.

Мына ушуну айтып Женя көчөгө чыгып ойлонуп баратты:

«Акыркы жолу дагы эмнени жасап бер деп айтсам экен? Балким «Мамалак» конфетинен эки кило жасап бер деп айтсамчы. Жок, анадн көрө андан да таттуураак «Ай тунук» конфетасынан эки кило дейин. Же андан көрө... Эң жакшына, мындай жаса деп айтайын: жарым кило «Мамалактан», жарым кило «Ай тунуктан», жүз грамм халва, жүз грамм жаңгак, анан да сурагaнга жараша сурайын, Павлик үчүн кыпкызыл бышкан көзөнөк тегерек таттуу нандан бирди дейин. Андан эмне пайда? Мейли дейин, ошонун баарын жаса дейин, анан аларды жеп алайын. Андан кийин алардан эч нерсе калбай калат да. Жок, андан көрө үч дөңгөлөктүү велосипед бер деп айтканым жакшы эмеспи. Деги анын кереги эмне? Макул ары-бери тебейин, андан кийинчи? А кокус, балдар анымы тартып алсачы. Балким, төпөштөп тартып алышат! Жо-жок. Андан көрө өзүм үчүн киного же циркке билет болсун дейин. Аякта канча кылса да көңүлдүү эмеспи. А балким, жаңы жакшынакай жайкысын кийчү жеңил тапичке десемби? Ал деле циркten кем эмес. Бирок чын-чынына келгенде, жаңы тапичкеден эмне пайда? Булардан да сонун бир нерсени жасап бер дегенге болот эмеспи. Эң башкысы, ашыкпоо керек».

Мына ушундайча ойлоп келатып Женя капыстан дарбазанын алдындагы секичеде турган укмуштай баланы көрө калды. Ал баланын бакырайган көпкөк көздөрү кулмүңдөп турду, бирок анысынан шоктук эмес, мээримдүүлүк сезилет. Бала эң эле татына экен, бейбаш эместиги дароо эле көрүнүп турду, ошондуктан Женя аны менен таанышкысы келип кетти. Женя эч бир чочулабастан анын жанына ушунчалык жакын барды эле дейсиң, тиги баланын көздөрүнөн өзүнүн өңү-башы, ал түгүл ийнине жеткен кыска эки өрүм чачын өтө даана көрүп турду.

— Ай бала, ай бала, сенин атың ким?

— Витя. А сенин атыңчы?

— Женя. Кел, түлкү куумай ойнойлу?

— Куушуп ойной албайм. Чолокмун.

Ошондон гана Женя кеби-сыны жок башы томпойгон батинке кийгизилген баланын буттарын көрдү.

— Кандай аянычтуу! — деди Женя. — Сен мага аябай жагып калдың, мен сени менен жыргап куушуп ойнойт элем.

— Сен дагы мага аябай жагып калдың, мен деле сени менен жыргап куушуп ойнойт элем, бирок, тилекке каршы, антүүгө мүмкүн эмес. Эч арга жок. Өмүр бою чолок боюнча калам.

— Эх, болбогон сөздү айтып жатасың бала! — деп Женя толкундана айтты, да, чөнтөгүнөн татына таажы гүлдү алып чыкты. — Муну көрдүңбү!

Мына ушул сөздү айтып, Женя татына таажы гүлдүн акыркы гүлбүрчөгүн — көпкөгүн үзүп алып, баланын көзүнө жакындатып бир минутача кармап туруп, аны алаканына сала, кубангандан толкундана ичке үнү менен созолонто ырдап ийди:

Учкун, учкун гүлбүрчөк,
Учкун бийик көкөлөп.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Чарк айланган төтөлөп.
Көз ирмемде кайтып кел,
Айтканымды жасап бер!

Айтканымы жасап бер, Витя сопсоо бала болсун!

Мына ушу сөздү айтып оозун жыйгыча, заматта баланын буттары сопсоо болуп чыга келди. Ал отургучтан секирип туруп, Женя менен түлкү куумай оюнун ойноп кирди, ал ушунчалык күлүк болуп чыкты дейсиң, Женя канчалык жанталашып чуркаса да, такыр кууп жетпей койду.

*Я. Аким*

## САРАҢ

Ким колуна
Конфет
Кармап,
Уурданып жеш үчүн
Бурчка
Бармак.
Ким эшикке

Чыга келет,
Кошунанын бирине да
Тебиш үчүн
Бербейт
Ве —
      ло —
            си —
                  пед.

Ким бор менен
Өчүргүчүн
Бош турса да,
Эч ким менен
Эч качан
Классында
Бөлүшпөйт,—

Анын аты,
Аты эмес,
Заты —
САРАҢ!
Сарандан
Суранып
Барбаймын.
Саранды
Мейманга
Чакыра
Албаймын.

Жакшы дос
Чыкпайт сараңдан.
Ал түгүл
Тааныш болосуң
Араңдан.

Андыктан —
Балдар: чын сөзүм:
Сараң менен
Эч качан
Достошпоймун мен өзүм.

*Е. Чарушин*

## КОРКУУ

Шура менен Петя деген балдар үйдө өздөрү эле калышкан. Алар токойдун четиндеги дачада — кичинекей үйдө жашашчу. Бир күнү кечинде атасы менен апасы коңшуларына мейманга кетишкен эле.

Күүгүм киргенде Шура менен Петя өздөрү эле жуунушуп, өздөрү эле чечинишип, ар кими өзүнүн кроватына уктаганга жатты. Унчукпай бир азга жатышты. Атасы да жок, апасы да жок.

Бөлмөнүн ичи караңгы. Караңгыда үйдүн боорунда бир нерселер жөрмөлөп, кыбырап жүргөнсүйт, а балким жөргөмүштөр, а мүмкүн башка курт-кумурскадыр!

Шура өз керебетинде жатып алып мындай деп айтты:

— Мен түк коркконум жок.

— Мен деле түк коркконум жок,— деп жооп берди Петя берки кроваттан.

— Биз уурулардан коркпойбуз,— деп айтты Шура.

— Киши жегичтерден да коркпойбуз,— деп жооп берди Петя.

— Жолборстордон да коркпойбуз,— деп айтты Шура.

— Алар быякка келбейт,— деп жооп берди Петя.

Шура жаңыдан эле крокодилдерден да коркпойбуз деп айтайын дегенче, капыстан алар эшиктин нары жагынан, далистен, кимдир бирөө полду тып-тып... тып-тып... шырт-шырт... шырт-шырт... тып-тып этип буттары менен басып жүргөнүн уга калышты.

Петя ордунан атып туруп, Шуранын кроватына жетип, койнуна кире качты.

Алар одеяло менен баштарын чүмкөнүп, бири-бирине ыктай жармашышты. Кимдир бирөө угуп койбосун дегенчелик кылып, дем чыгарбай тым-тырс болуп жатып калышты.

— Бышылдаба,— деди Шура Петяга.

— Мен бышылдаган жокмун.

Тып-тып... тып-тып... шырт-шырт... шырт-шырт... тып-тып... шырт-шырт...

Одеялдын сыртынан деле, каалганын нары жагында ким-

дир бирөөнүн ары-бери кадамдап басканы баары бир угулуп турду.

Бир кезде атасы менен апасы келди. Алар эшикти ачып, үйгө киришти, жарыкты күйгүзүштү. Петя менен Шура аларга баарын айтып беришти.

Ошондо атасы менен апасы дагы бир лампаны жарык кылышып бөлмөлөрдүн баарын, алардын булуң-бурчтарын карай башташты. Эч нерсе жок. Анан капилеттен дубалдын түбү менен бурчту көздөй бир нерсе чуркап жөнөгөнсүдү... Бурчка чуркап жетип, топтой топтоголок боло калды. Карашса — кирпи экен! Ал кейпи токойдон келип, үйгө кирип алса керек.

Кирпини кол менен кармап көрөлү дешти эле, ал бүрүшөө тоголок боло түшүп, ары-бери бултактап, ийнеси менен сайгылап кирди. Ошондо аны тумактын ичине тоголотуп киргизип, эмерек койгон бөлмөгө алпарып коюшту.

Тарелкага куюп сүт, бир кесим эт беришти.

Ошондон кийин гана бардыгы уктоого жатты.

Ошо кирпи жай бою балдар менен дачада жашады.

Ал кийин деле түндөсү үйдүн ичинде ары-бери чуркап бышылдап, тыпылдап басып жүрдү, бирок эми андан эч ким коркпой калды.

*А. Пантелеев*

## ТАЗАЛОО

Бир жолу кыздардын апасы базарга эт сатып келейин деп кетти, Тамарочка менен Белочка үйдө өздөрү эле калышты. Апасы кетип баратып аларга тартиптүү болгула, эч нерсеге тийбегиле, сыртка чыгып тепкичте ары-бери чуркабагыла, мышыктын баласын уйпалап жүдөтпөгүлө, терезеге чыкпагыла деп айтты. Эгер тартиптүү болсоңор бирден апельсин апкелип берем деп убада берди.

Секелек кыздар апасы чыгып кетери менен эшикти илип алышып, өздөрүнчө ойлоно башташты: «Эмне иш кылып алаксысак?» «Эң жакшысы — отуруп алып сүрөт тарталы»,— деп чечишти. Дептерлерин жана түр карандаштарын алып, столго отуруп, сүрөт тарта башташты. Баарынан көп апельсиндин сүрөтүн тартышты. Апельсин дегендин сүрөтүн тартуу, өзү-

ңөр билесиңер, баарынан оңой эмеспи. Картөшкөгө окшогон бир нерсени тартып коюп, кызыл карандаш менен чиймелеп түрдөп таштаса, апелсиниң заматта даяр болот.

Сүрөт тарта берип Тамарочка жадап кетти.

— Кел, андан көрө жазуу жазалы,— деди ал. — Каалайсыңбы, мен «апельсин» деген сөздү жазып берейин.

— Жазчы,— деди Белочка.

Башын саал кыйшайтып алып, Тамара ойлоно калды, карандашынын учун шилекейлеп алып, мына көрүп ал дегендей, төмөнкүдөй жазып салды:

**«Апельсин»**

Белочка да өзү билген үч төрт тамганын сүрөтүн чийип койду. Бир кезде Тамарочка мактанып кирди:

— Мен карандаш менен эле эмес, сыя менен да жазганды билемин. Ишенбейсиңби? Каалайсыңбы, жазып берейин?

— Сыяны кайдан аласың? — деп сурады Белочка.

— Атамдын столунда — каалашыңча бар.

— Баары бар,— деди Белочка,— бирок, апам бизге столдогуга тийбегиле дебеди беле.

Анда Тамарочка мындай деди:

— Айтса эмне экен! Апам сыя тууралуу эч нерсе деген эмес. Ал деген ширенке эмес — сыя да.

Ушуну айтып Тамарочка атасынын бөлмөсүнө чуркап барып сыя менен калемсап апкелди. Анан отуруп алып жаза баштады. Ал жазганды билсе да, анча жакшы жаза алчу эмес. Калем сабын бөтөлкөнүн оозуна салып малып алып жатып, бөтөлкөнү тоголотуп алды. Бөтөлкөдөгү сыянын баары дасторкондун үстүнө төгүлүп жайыла берди.

Секелек кыздар чочуп кетип бакырып ийишти.

Белочка ал түгүл стулдан полго аз-аз жерден кулап кеткен жок.

— Ай-ий,— деди ал, ай-ий, ай-ий... тактын чоңдугун карачы!

Так болсо улам чоңойгондон чоңоюп, жайыла берди, жайыла берди.

Так жайылып, дасторкондун жарымына жеткенче аз эле калды.

Белочка коркконунан өңү кубара мындай деди:

— Ай-ий, Тамарочка, биз эми төпөш жейбиз!

А Тамарочка жаза аларын өзү деле билип турду. Ал да өң-алаттан кетип, ыйлап ийгенге араң турду. Анан ойлонуп, мурдун сүртүп, минтип айтты:

— Кел, минтип айталы, мышык сыяны жөөлөп кетип, төгүп алды дейли!

— Антсек деле болот дечи, бирок калп айтуу жакшы эмес да, Тамарочка,— деди Белочка.

— Калп айтуу жакшы эмесин мен деле билем. Анда эми эмне кылабыз?

Ошондо Белочка минтип айтты:

— Билесиңби? Кел андан көрө дасторконду жууп коёлу!

Тамарочкага бул сунуш жагып калды. Ал минтип айтты:

— Кел ошентели. Бирок аны эмнеге салып жууйбуз.

— Анда, куурчактын ваннасына салып жууйлу,— деди Тамарочка.

— Макоо десе. Дасторкон деген куурчактын ваннасына батат дейсиңби? Андан көрө, кана, дагараны апкел бачым!

— Чыныгы дагараныбы?!

— Ии, албетте, чыныгы дагараны.

Белочка коркуп кетип, мындай деди:

— Тамарочка, апам бизге уруксат берген эмес да...

Анда Тамара минтти:

— Апам дагара тууралуу эч нерсе айткан эмес. Дагара деген ширенке эмес. Кана эмесе, тез апкелели!

Секелек кыздар ашканага чуркап барышып, мыкка илинип турган дагараны алышып, ага крандан сууну агызып куюшту да, ички бөлмөгө көтөрүп киришти. Отургучту апкелишти. Ага дагараны коюшту.

Белочка чарчаганынан араң эле дем алып калды.

А Тамарочка болсо ага эс алганга тыным бербейт.

— Кана, ылдам,— дейт ага. — Тезирээк самынды апкел!

Белочка чуркап жөнөдү. Самынды апкелди.

— Синька да керек. Кана тез — синьканы апкел!

Белочка чуркап барып синьканы издей баштады. Эч жерден таба албай койду. Кайра чуркап келди.

— Синька жок экен.

А Тамарочка болсо столдон дасторконду жыйнап алып, дагарадагы суугa сала баштады. Купкургак дасторконду —

суугa матыруу кандай коркунучтуу. Акыры баары бир суугa матырууга туура келди. Сууну карап туруп Тамарочка минтип айтты:

— Синьканын кереги жок.

— Белочка дагарадагы сууну караса көпкөк болуп калыптыр.

Тамарочка минтип коёт:

— Көрдүңбү: тактын түшкөнү деле жакшы болуптур. Синькасыз деле жуусак болот.

Анан бир аздан соң Тамарочка дагы минтти:

— Ай, Белочка!

— Эмне? — деп сурады Белочка.

— Суубуз муздак эмеспи.

— Муздак болсо эмне экен?

— Муздак суу менен кир жуубайт да. Муздак суу менен кирди чайкайт.

Анда Белочка минтип коёт:

— Эчтеке эмес, кел анда чайкап эле коёлу.

Тамарочка аны сууну ысытып келүүгө мажбурлайт деп Белочка коркуп да кетти.

Тамарочка дасторконду самын менен самындап кирди. Андан кийин баары жасагандай эле, колу менен кирди мыжыгып жууп кирди. А суу болсо улам караргандан карара берди.

Белочка минтип айтты:

— Болду го, кейпи, эми сыксаң болот.

— Кана, кел сыгып көрөлү,— деди Тамарочка.

Секелек кыздар дагарадан дасторконду сыгып алышты. Карашса дасторкондун эки жеринде эле кичинекей агарган так жүрөт. Дасторкондун калганы бүтүндөй көгүш болуп калыптыр.

— Ай-ий! — деди Тамарочка. — Сууну которуу керек. Таза суу апкеле кой, ылдам.

Белочка болбой койду.

— Жок, эми өзүң апкел. Мен деле кир жуугум келет.

Тамарочка да өжөрлөндү.

— Дагы эмне каалайсың! Такты мен түшүрдүм, мен өзүм жууп кетирем.

Белочка да көнбөдү:

— Жок, эми мен жууйм.

— Жок, сен жуубайсың!

— Жок, жууймун!

Белочка өңгүрөп ыйлап, эки колу менен дагаранын кырын кармап коё бербей койду. Тамарочка да дагаранын экинчи четине жабышты. Ошондо алардын дагарасы, куду бешиктей эле селкинчектей термеле баштады.

— Ушунчанда коё бер! — деп кыйкырды Тамарочка. — Коё бер, антпесең, чын айтам, бетиңе суу чачам!

Белочка: кейпи чын эле суу чачып жүрбөсүн деп коркуп кетти көрүнөт, дагараны коё берип жиберди. Ошол кезде Тамарочка күч менен дагараны өзүнө булкту эле, ал отургучтан кулап полго түштү. Албетте, анын ичиндеги суу да көңтөрүлүп полго төгүлдү. Төгүлөөрү менен туш тарапты көздөй жайыла каптады.

Так мына ушунда гана секелек кыздар чындап коркуп кетишти.

Белочка коркконунан ал түгүл ыйын токтотту.

Ал эми суу болсо, бөлмөнүн бардык жерин — столдун да, шкафтын да, роялдын да, стулдардын да, дивандын да, этажерканын да астын каптап, агып жетчү жердин баарына жетти. Ал түгүл коңшу бөлмөгө чейин жылып агып кирди.

Эстерине араң келген секелек кыздар, ары-бери чуркап, карбаластай башташты:

— Ай-ий! Ай-ий! Ай-ий!

Коңшу бөлмөдө бул кезде Үлпүлдөк аттуу мышыктын баласы уктап жаткан. Ал астына жылып суу агып келгенин көргөндө — атып секирип туруп, жин тийгендей бөлмөнүн аржак-бержагына чуркап, ачуу үн менен мыёолой баштады: «Мыяоо! Мыяоо! Мыяоо!»

Секелек кыздар да чуркап жүрөт, мышыктын баласы да чуркап жүрөт. Кыздар да кыйкырып жүрөт, мышыктын баласы да мыяоолоп жүрөт. Секелек кыздар эмне кылаарын билбей калышты, мышыктын баласы да кайда жанын батыраарын билбейт.

Тамарочка орундукка чыгып алып, кыйкыра баштады:

— Белочка! Стулга чык дейм! Тез! Бүт суу болосуң!

А Белочка болсо ушунчалык коркуп кеткендиктен, стулга

чыкканга шайы келбейт. Тооктун балапанындай бүрүшүп калтырап турат, араң-араң эле башын чайкаганга жарайт.

— Ой-ой! Ой-ой! Ой-ой!

Анан секелек кыздар капилеттен коңгуроонун шыңгыраганын угушту. Зың-зың!

Тамарочка өң-даалаттан кете минтип айтты:

— Апам келди.

Белочка деле шыңгыракты уккан. Ал деле аябай коркуп кеткен болучу. Тамарочканы жалдырай тиктеп минтти:

— Мына эми, биз эми бирди көрөбүз...

Кирип келчү бөлмөдөн дагы бир жолу шыңгыр этти.

Дагы бир жолу шыңгырады. Зың-зың! Дагы шыңгырап зың-зың этет. Тамарочка тыбырчылай мындай деди:

— Белочка, ардагым, кичи пейилдикке, эшикти аччы!

— Ооба сага, ырахмат,— деди Белочка. — Эмне үчүн мен ачышым керек?

— Кана, Белочка, кана, ардагым, сен деген эшикке менден жакын турасың да. Мен деген отургучтун үстүндө турам, сен болсоң полдо турасың.

Анда Белочка минтти:

— Мен деле стулга чыгып алсам болот.

Ошондо Тамарочка баары бир өзү эшикти ачууга туура келерине көзү жетип, отургучтан секирип түшүп, мындай деди:

— Эмне кылалы, билесиңби? Кел мындай дейли, дагараны мышык жөөлөп кулатып салды дейли.

Анда Белочка ага минтти:

— Жок, эң жакшысы, кел полду ылдамыраак сүртө коёлу!

Тамарочка бир аз ойлоно калып, макул болду.

— Эмне экен... Кел аракет кылып көрөлү. Балким, апам байкабай калаар...

Ушуну айтып секелек кыздар кайрадан ары-бери калдастап чуркай башташты. Тамарочка суу дасторконду ала коюп, ошону менен полдо ары-бери эмгектеп жүрдү. А Белочка болсо, анын куйругунан бетер, анын аркасынан түшүп ары-бери тыбырап, калдастай өзүнөн-өзү чочулайт:

— Ой-ой! Ой-ой! Ой-ой!

Тамарочка ага минтти:

— Сен ойлобогонду токтот, андан көрө дагараны ашканага апар.

Белочка, шордуу кыз, дагараны сүйрөп жөнөдү. А Тамарочка болсо ага дагы минтип коёт:

— Самынды да кошо ала кет.

— А самын каерде?

— Сен эмне — көрбөй турасыңбы? Тигине, роялдын астында сууда калкып жатпайбы.

А коңгуроо болсо кайрадан шыңгырап кирди. Зың-зың-зың!..

— Болбой калды,— деди Тамарочка. — Кейпи, барбасак болбойт. Мен барып ачайын, а сен, Белочка, ылдамыраак полдун калганын сүртө кой. Жакшылап сүрт, көзүңө кара, бир да так калбасын.

Анда Белочка сурап коёт:

— Тамарочка, андан кийин дасторконду кайда коёюн? Столго жабайынбы?

— Макоо десе. Аны столго эмнеге жабасың? Аны деген бир жерге катып коё албайсыңбы? Дивандын алдынын нары жагына кат. Качан ал кургагандан кийин биз аны үтүктөп, столго жаап коёбуз.

Ушуну айтып Тамарочка эшикти ачканга жөнөдү. Эшикти ачкысы жок. Буттары да калтырайт, колдору да калтырайт. Эшиктин жанына барып токтоп калды, бир азга турду, кулагын түрүп тыңшады, үшкүрүнүп алып, чыйылдай сурап коёт:

— Апаке, бул сенсиңби?

Апасы үйгө кирип, сурап калды:

— Кудай ай, деги силерге эмне болду?

Тамарочка мындай деди:

— Эч нерсе деле болгон жок.

— Анда эмнеге көпкө ачпай жаттыңар?.. Мен, кейпи, жыйырма мүнөтчө шыңгыраттым, анан түкүлдөтүп да көрдүм.

— А мен уккан жокмун,— деди Тамарочка.

— Эмне болуп кетти деп чочуганымы айтпа... Уурулар кирдиби же силерди карышкыр жеп кеттиби деп ойлоп жүрбөймүнбү.

— Жок, апаке,— деди Тамарочка, бизди эч ким деле жеп кеткен жок.

Апасы эт салынган сетканы ашканага апарып коюп, кайра келип сурады:

— А Белочка кайда кеткен?

Тамарочка кайсалактап жооп таба албай минтти:

— Белочкабы?.. А Белочканы... мен билбейм, кейпи, тыякта болсо керек... чоң бөлмөдө... бир нерсе кылып жатса керек... эмне экенин мен билбейм...

Апасы Тамарочканы таң калуу менен карап мындай деди:

— Укчу, Тамарочка, эмне үчүн сенин колдоруң алдагыдай кир Бети-башың да булганч!

— Тамарочка мурду-башын сүртүп, минтти:

— Бул биз сүрөт тарткандан болсо керек.

— Силер эмне, көмүр же баткак менен сүрөт тарттыңарбы?

— Жок,— деди Тамарочка,— биз карандаш менен эле тарттык.

Апасы болсо чечинип алып, чоң бөлмөнү көздөй басты. Ал бөлмөнүн эшигин ачып, бөлмөдөгү жыгач эмеректердин баары ордунан жылдырылганын, сугарылганын көрдү, столдун, стулдун, дивандын, этажерканын кайда турганын билип да болбойт... Роялдын алдында боортоктоп жылып, Белочка бир нерсе жасап жүргөнсүйт, үнүнүн жетишинче ыйлап да алыптыр.

Апасы босогого токтоп, суроо салды:

— Белочка! Кызым! Сен алдаякта эмне кылып жатасың?

— Белочка роялдын астынан башын чыгарып сурап коёт:

— Менби?

Өзү болсо бүт кир, бети да кир, ал түгүл мурдунун үстүндө да так жүрөт.

Тамарочка Белочканы жооп бергенге үлгүртпөстөн, мындай деди:

— Биз деген, апке, полду жууп, сага жардамдашалы дегенбиз.

Апасы жетине албай минтти:

— Ырахмат, силерге!

Анан Белочканын жанына басып келип, эңкейип сурап калды:

— Ии, кызым полду эмне менен жууп жатты экен?

Апасы карап алып, башын мыкчыды:

— Оо, кудай ай! — деди ал. — Буларды карагыла! Жүз аарчысы менен пол жууп жаткан тура!

Тамарочка сөзгө аралашты:

— Түү, макоо десе!

Анда апасы мындай деди:

— Ой-бой, мына ушинтип мага жардамдашып жаткан турбайсыңарбы?

А Белочка роялдын астында жөрмөлөп жүрүп, ого бетер озондоп ыйлап, минтип коёт:

— Калп айттык, апке! Биз деген сизге жардамдашалы деген эмеспиз. Биз дагараны кулатып алдык.

Апасы орундукка отуруп, суроо салды:

— Ошо эле жетпей жаткан! Кайсы дагара?

Белочка мукактана жооп берди:

— Чыныгы, жаңагы калай дагара...

— Ий, кызык, ал деген — калай дагара быякка каяктан келди.

Белочка минтип жооп берди:

— Биз дасторконду жууганбыз.

— Кайсы дасторконду? Ал кайда? Эмне үчүн аны жуудуңар? Ал деген таза эле эмес беле, кечээ эле жаппадым беле?

— Ага биз капыстан сыя төгүп алдык.

— Шумдуктар быякта бейм! Кайсы сыя? Аны силер кайдан алдыңар?

Белочка Тамараны карап алып, мындай деп айтты:

— Биз аны атамын бөлмөсүнөн апкелгенбиз.

— А силерге ким уруксат берди?

Секелек кыздар бири-бирин карап, мостоё унчукпай калышты.

— Апасы бир азга ойлонуп отуруп, кабагын бүркөй мындай деди:

— Деги силерди эми эмне кылсам?

Эки кыз тең ыйлап ийип, мындай дешти:

— Бизди жазала.

Апасы алардан сурады:

— Силер менин жазалаганымы өтө эле каалап турасыңарбы?

Секелек кыздар мындай дешти:

— Жок, өтө деле каалаганыбыз жок.

— Кана, силердин өзүңөрдүн оюңар боюнча, мен силерди эмне үчүн жазалашым керек?

— Кейпи, биз полду жууганыбыз үчүн го.

— Жок,— деди апасы. — Ал үчүн силерди жазалабаймын.

— Анда, кир жууганыбыз үчүн жазалаңыз.

— Жок,— деди апасы. — Ал үчүн да мен силерди жазалабаймын. Сыяны төгүп алганыңар үчүн да жазалабаймын. Ал эми атаңардын бөлмөсүнөн сыяны уруксатсыз алганыңар үчүн, силерди чынында эле жазалаш керек. Эгер силер тил алчаак кыздар болгонуңарда, атаңардын бөлмөсүн аңтарбайт элеңер, азыркыдай болуп полду жуубайт элеңер, кир да жуумак эмессиңер, дагараны да аңтарып алмак эмессиңер. Ошондой эле калп айтмак да эмессиңер. Чындап эле сурап жатам, Тамарочка, эмне үчүн сенин мурдуң кир болгонун билесиңби?

Тамарочка жооп берди:

— Билем, албетте.

— Анда эмне үчүн дароо айткан жоксуң?

Тамарочка минтти:

— Мен коркуп кеттим.

— Ии, мына ошо да жаман,— деди апасы. — Колуң менен жасаганды мойнуң менен тарт. Чеки иш кылсаң — куйругуңу кысып качпа, аны оңдоого аракет кыл.

— Биз ошондо оңдоону каалаганбыз,— деди Тамарочка.

— Каалагансыңар, бирок колуңардан келбеди,— деди апасы.

Анан кыздарын карап туруп, мындай деди:

— А баса: дасторкон кайда, мен аны көрбөдүм го?

Белочка жооп берди:

— Дасторкон дивандын астында жатат.

— Ал дивандын алдында эмне кылып жатат?

— Ал жерге кургасын дегенбиз.

Апасы дивандын алдынан дасторконду сууруп алып кайра отургучка отурду.

— Алда кудай ай,— деди апасы. — Бу эмне шумдук! Кандай татына дасторкон эле! А силер муну карагылачы, бул

эмне болуп калган. Бул деген дасторкон эмес эле, пол сүрткөн эски чүпүрөк!

Секелек кыздар ого бетер озондоп ыйлап кирди эле, апасы аларга мындай деди:

— Ооба, сүйүктүү кыздарым, силер мага түйшүк таап бердиңер. Чарчап келдим эле, эс алам го деп ойлогом. Кир-кокту кийинки ишембиде жуусамбы дегем, арга жок, көрүп турасыңар, ал ишке азыр киришпесем болбой калыптыр. Кана, жолу болбогон — кир жуугучтар, көйнөктөрүңү чечкиле!

Секелек кыздар коркуп кетишти. Жарыша суроо таштаашты:

— Эмнеге?

— Эмнегеби? Себеп дегенде, таза көйнөк кийип алып кир жуубайт, дегеле иш жасабайт. Халаттарыңарды кийгиле да тезинен мени менен ашканага жүргүлө...

Секелек кыздар көйнөктөрүн алмаштырып кийгиче, апасы ашканадагы газды жагып, плитага үч чоң кастрюлду койду. Бирине полду жууш үчүн суу куйду, экинчисине кирди салып сууну ысытмак болду, ал эми үчүнчүсүнө өзүнчө дасторконду салып, суусун кайнатууну чечти.

Кыздар апасынан сурашты:

— Эмне үчүн дасторконду өзүнчө койдуңбу? Ал деген булганычы үчүн өзү күнөөлүү эмес да.

Анда апасы мындай деди:

— Ооба, ал, албетте, күнөөлүү эмес, бирок баары бир аны жалгыз жуушка туура келет. Анткени, бардык кирлерибиз көпкөк болуп калат. Дегеле, менин оюмча бул дасторконду эми жууп, мурдагыдай кыла албайсың.

Секелек кыздар кубаттап жиберишти:

— Ой-ий, кандай сонун кооз болот!

— Жок,— деди апасы,— менин оюмча, ал анча деле кооз болбойт. Эгер чынында эле ошондо кооз болуп калса, адамдар күндө дасторкондорун сыя так кыла беришмек.

Анан кыздарына кайрылып мындай деди:

— Кана, ар бириң өзүнчө пол сүртчү чүпүрөк алгыла, жүргүлө пол жууйбуз.

Секелек кыздар жарыша сурады:

— Чып-чындап элеби?

Анда апасы аларга минтти:

— А силер кандай деп ойлодуңар эле? Ойноп бир жолу жууп көрдүңөр, эми келгиле чып-чындап жууйбуз.

Ошентип секелек кыздар чындап пол жууп киришти.

Апасы ар бирине өзүнчө бурч бөлүп берип, мындай деп айтты:

— Карап алгыла, мына мен жуугандай, силер да жууп киргиле. Полго сууну көлчүкчө кылып калтырбагыла, кургаганча аябай сүрткүлө. Кана эмесе, бир-эки — баштадык!..

Апасы жеңин түрүнүп, көйнөгүнүн этегин белине кыстарып, нымдуу чүпүрөк менен полду сүртүп кирди. Ал ушунчалык илбериңки, бат кыймылдап сүртүп кирди эле, секелек кыздар андай жасоого араң үлгүрүштү. Албетте, алардын жасаганы апасыныкындай жакшы болгон жок. Бирок алар аябай аракеттенип жатышты.

Апасы ага мындай деп айтты:

— Белочка, сен эми жатып алып сүртүп жүрбө. Эгер сен ушинтип өзүңү кир кылсаң, кийин сени дагарага салып кир жуугандай жууп жүрбөйлү.

Анан минтип кошумчалап койду:

— Кана, андан көрө, кичи пейилдикке, ашканага чуркап барып, кир салган темир бочкедеги суу кайнаптырбы көрүп келчи?

Белочка апасынан сурады:

— Кайнаганын же кайнабаганын кантип билем?

Апасы ага мындай деди:

— Эгер буртулдап үн чыгарса — кайнаганы, эгер буртулдай элек болсо — кайнай элеги.

Белочка ашканага чуркап барып, кайра чуркап келди:

— Апке, буртулдайт, буртулдайт!

Апасы мындай деди:

— Апакең буртулдабай эле, суу буртулдап жатып жүрбөсүн?

Ошол кезде апасы бир иш менен бөлмөдөн чыгып кетти эле, Белочка Тамарочкага мындай деп айтты:

— Билесиңби? Мен апельсиндерди көрдүм!

Тамарочка анда сурады:

— Кайдан?

— Сеткада экен, эт илинип турган. Канча экенин билесиңби? Туптуура үчөө!

Ошондо Тамарочка минтип айтты:

— Ооба. Эми бизге апельсин бермек беле. Ойлобой эле кой.

Ошол учурда апасы кайтып келип, мындай деди:

— Кана, пол жуугучтар, чакаларды жана чүпүрөктөрдү алгыла — ашканага барып, кирлерди жууйбуз.

Секелек кыздар жарыша сурады:

— Чып-чындап элеби?

Апасы аларга минтти:

— Мындан ары силер баарын чып-чындап эле жасайсыңар.

Ошентип секелек кыздар апасы менен чып-чындап эле кир жуушту. Андан кийин чып-чындап эле кирлерди чайкашты. Чып-чындап эле аларды сыгышты. Анан чып-чындап эле чатырдын ичиндеги кере тартылган жипке кургасын деп аларды жайып коюшту.

Иштин баарын бүткөрүп, үйгө келгенден кийин апасы аларга түшкү тамагын берди. Так ушу күнкүдөй, мурда өмүр бою эч качан тамакты ушунчалык ырахаттанып ичишкен эмес эле. Сорпону да ичишти, боткону да жешти, кара нанды да туз сээп апылдатышты.

Качан алар тамактанып бүткөн соң, апасы ашканадан сетканы апкелип мындай деди:

— Кана эми силер, менимче, ар бириң бирден апельсин алсаң болот го дейм.

Секелек кыздар сурап ийишти:

— Үчүнчүсү кимге?

Апасы таң калгандай минтти:

— Оо, оңбогурлар десе? Силер үчүнчүсүнүн барын да билип алдыңарбы?

Секелек кыздар минтип айтышты:

— А үчүнчүсүн, апке, билесиңби кимге беришти? Үчүнчүсү — эң чоңу — сага.

— Жок, кыздарым,— деди апасы. — Ырахмат. Мага эң кичинеси деле жетишет. Анткени силер бүгүн мага караганда эки эсе көп иштедиңер. Чын айтамбы? Полду да эки жолу жуудуңар, дасторконку да эки жолу жуудуңар...

Ошондо Белочка мындай деди:

— Антсе да сыяны бир эле жолу төктүк.

Апасы мындай деди:

— Ээ, билесиңби, эгер эки жолу сыя төксөңөр, мен силерди аябай жазаламакмын!..

Белочка минтип жиберди:

— Ооба, баары бир сен бизди жазалаган жоксуң да?

Ошондо апасы мындай деди:

— Шашпагыла, балким, качандыр бир жазалашым да мүмкүн.

Бирок секелек кыздар сезип турушту, эгер мурда жазалабаган соң, кийин деле жазалабайт.

Алар апасын моюндан бек кысып, чоп-чоп эттире өөп-өөп алышты. Анан ойлонуп туруп, апасына деп эң чоңун болбосо да, эң жакшы апельсинди тандап беришти.

Алар эң туура чечишкен эле.

*В. Драгунский*

## ЖАРКЫРАК КОҢУЗ

Күндөрдүн биринде мен өзүбүздүн короодогу кумдун жанында апамдын келишин күтүп отургам. Апам кечигип жатты, кейпи, институтта жумушунда кармалып калса керек, мүмкүн дүкөн кыдырып жүргөндүр, а балким, автобустун аялдамасында автобусту көпкө күтүп тургандыр. Чыны билбейм. Бирок биздин короодогу балдардын ата-энелеринин баары келишти, короодо ойноп жүргөн балдардын баары ата-энелерин ээрчип үйлөрүнө кирип-кирип келишти. Ушу кезде алар, балким, көзөнөк тегерек нан, быштак менен чай ичип бүтүшсө керек. А менин апам болсо али жок...

Күүгүм кирип, үйлөрдүн терезелеринен жарык күйүп, радиодон музыка ойной баштады, ал эми асмандын бетинде сакалчан абышкаларды элестеткен каралжын булуттар жылып баратты...

Менин курсагым ачып кетти, а апам болсо али жок, ичимен ойлоп коём, эгер апамдын курсагы ачып аябай тамак жегиси келип, мени күтүп жатса, ал жердин түбүндө болсо да, мен ага дароо чуркап жетип барат элем, эч кечикмек эмесмин, апамды кумда отургузуп күттүртүп зериктирбейт элем.

Ошол учурда корого Мишка чыга келди. Ал мага минтип айтты:

— Жакшыбы!

Мен жооп бердим:

— Жакшы!

Мишка менин жаныма отуруп, менин самосвалымы колуна алды.

— Ой-ий! — деди Мишка. — Кайдан алдың? Ал өзү кум сала алабы? Өзү эмеспи? А өзү түшүрөбү? Ошондойбу? Бурагычы? Ал эмнеге керек? Аны бурап айлантса болобу? Ошондойбу? Ыя? Опей! Мага үйгө алып кеткенге бересизби?

Мен мындай дедим:

— Жок, үйгө бербейм. Белек. Атам жөнөп жатып белекке берген.

Мишка тултуя түшүп, менин жанымaн оолактады. Короонун ичи улам караңгылап баратты. Апам качан келет деп бейм. Бирок биздин короодогу балдардын ата-энелеринин баамен дарбаза жакты карап турдум. Бирок ал али көрүнгөн жок. Кейпи, Роза эжени жолуктуруп калса керек, алар жолукса эле көпкө сүйлөшө берет, мени ойлоп да коюшпайт. Мен кумга боортоктоп жатып алдым.

Ошондо Мишка мага мындай деди:

— Самосвалыңды бербейсиңби?

Мен минтип айттым:

— Жабышпа мага, Мишка!

Ошондо Мишка минтти:

— Мен сага самосвалың үчүн эки Гватемаланы жана эки Барбодосту беремин.

Мен минттим:

— Самосвал менен Барбадосту теңештиргиң барбы?..

Анда Мишка минтти:

— Анда, мен сага сууга түшчү алкакты берейин, каалайсыңбы?

Мен минттим:

— Сенин алкагың жарылып калган.

А Мишка минтип айтты:

— Сен аны желимдеп аласың да.

Ошондо мен кыжырым келе түштү.

— Кай жерде сүзөсүң? Ваннадабы? Шейшемби күнүбү?

Мишка кайрадан тултуя түштү. Анан минтип айтты:

— Анда, мейли тобокел дейин! Менин марттыгымы бил!

Ал мага ширенкенин кутусун сунду. Мен аны колума алдым.

— Сен ачкын аны,— деди Мишка,—ошондо көрөсүң!

Мен ширенкенин кутусун ачып, адегенде эч нерсе көргөнүм жок, ана, кичинекей ачык-жашыл жарыкты көрдүм, те кайдадыр менден алыста-алыста үлбүлдөп тырмактай жылдызча күйүп тургансыды, ошол эле учурда аны мен колумда кармап турбаймынбы.

— Бул эмне, Мишка? — деп шыбырап сурадым. — Бул эмне?

— Бул деген жалтырак коңуз,— деди Мишка. — Кандай, жакшы бекен? Сен ойлобо, ал тирүү.

— Мишка,— дедим мен,— менин самосвалымы ал, каалайсыңбы? Таптакыр ал, башы бойдон! А сен мага ушу жылдызчаны бер, мен аны үйгө алып кетейин...

Ошондо Мишка менин самосвалымы бек кысып үйүнө чуркап кирип кетти. Мен өзүмүн жылтырак коңузум менен калып, аны мен кайра-кайра моокум канбай карай бердим: ал деген куду жомоктогудай жана жашыл эле, ал деген ушунчалык жакын, алаканда эле турса да, алда кайда ыраактан нур чачып тургансыйт... Мен толкунданганыман ал түгүл бир калыпта дем алалбай койдум, ал түгүл менин жүрөгүмүн дүрс-дүрс этип бат-бат согуп турганын угуп турдум, ал түгүл мурдум да кычышып, тим эле ыйлап жиберүүчүдөй болом.

Ошентип мен көпкө отурдум, аябай көпкө отурдум. Тегерегимде эч ким жок болучу. Ошондо мен бу жарык дүйнөдө болгондун баарын унутуп койдум.

Бирок ошол кезде апам келип калса болобу, аябай кубанып кеттим, ошентип үйгө кирдик. Көзөнөк нан, быштак менен чай иче баштаганыбызда апам менден сурап калды:

— Ии, самосвалың кандай экен?

Мен минтип айттым:

— Апа, мен аны айырбаштап жибердим.

Апам мындай деди:

— Кызык! Эмнеге айырбаштадың?

Мен жооп бердим:

— Жылтырак коңузга! Мына ал, ширенкенин кутусунда жашайт. Жарыкты өчүрчү!

Апам жарыкты өчүрдү эле, бөлмө караңгы болуп калды,

ошондо апам экөөбүз үлбүрөгөн жашыл жылдызчаны карап турдук. Анан апам жарыкты күйгүздү.

— Ооба,— деди апам,— бу деген сыйкыр! Бирок баары бир, самосвалдай болгон баалуу оюнчугуңду, мына ушундай куртка айырбаштаганга кантип колуң барды?

— Мен сени аябай көпкө күттүм,— дедим мен,— мен аябай зеригип кеттим, а бул жылтырак коңуз дүйнөдөгү бардык самосвалдан жакшы экен.

Апам мени кунт коюп карап туруп, суроо салды:

— А мунуң эмнеси менен, эмнеси менен жакшы экен?

Мен минтип жооп бердим:

— Ушуну да сен түшүнбөйсүңбү?! Бу деген тирүү да! Анан да жаркырап нур чачып турат!

*Э. Мошковская*

## ТААРЫНЫЧ

Таарынтып алдым апамы.
Куру сөз бербейт эч пайда.
Эми үйдөн бир чыгып,
Биз барбайбыз эч кайда.

Кол булгабайт айнектен,
Кол булгап мен да келбесмин.
Айтып бербес эч нерсе,
Мен да айтып бербесмин.

Бир үзүм нан табылар,
Капчыкты колго албасам.
Таянып бышык таякты,
Тайгага кетип калбасам.

Каардуу аяз изине
Сары чөп салып барамын.
Ташкындаган дайрага
Көпүрө куруп саламын.

Чоң башкаруучу мен болуп,
Бастырам бетти сакалга.

Ойлуу басып ар дайым,
Кошулам чоңдук катарга.

Ошентип шамал шуулдап,
Арадан далай жыл өтөт.
Реактивдүү самолётко
Апам алат бир билет.

Менин туулган күнүмдө
Самолёт конот жаркырап.
Чыгып андан апакем,
Таарыныччы жазылат.

*С. Романовский*

## «А» ТАМГАСЫ

Жылкынын бут кийими темирден—темир такалар. Алары менен ал мүдүрүлбөйт, тамандарын да айрытып албайт. Бирок такай темир бут кийимди кийип жүрүү да оор, ошон үчүн жылуу учурда жылкылардын такаларын чечип коюшат — такаларын алып таштшат, жыңайлак кылып шалбаааларга оттогонго коё беришет.

Жылкыларды бут кийимдерин кийгизип, аны чече турган атайын кишилер — усталар, маселен, Славканын чоң атасына окшогон усталар болот.

Чоң ата аттардын бут кийимин чечип — такаларын алып таштап жаткан эле, алты жашар Славка анын кантип иштеп жатканын карап турган.

Бут кийими чечилген жылкыларды улам бир четинен чоңураак бала минип, же экөө учкашып алышып, аларды түнкү жайытка бош коё бергенге бастырып кетип жатышты. Мейли, оттошсун, эс алышсын, күч-кубат топтошсун.

Бир гана Буско деген жоош ат калды. Чоң ата анын такаларын суурун алып таштады да, жонуна ээрдин ордуна купайкесин салды. Анан атка Славканы мингизип, колу менен кармабай жалгыз койду.

Славка дароо ат жалына кош колдоп жабыша кармай калды, а чоң атасы болсо чылгый кайыш ноктону анын манчаларына карматып, мындай деп сурады:

— Көчүгүң катуу эмеспи?

Славка ылдый карады эле, жүрөгү опколжуй түштү. Тө-

мөндө каз таман чөптүн үстүндө короочу ит Тузик шоңшоё отуруп, аны муңайып тиктеп туруптур.

— Тузик! — деп чакырды Славка. — Кел мага.

Ит бир аз куйругун шыйпандатымыш болду: мен кантип атка минемин дегенчелик кылды окшойт.

Тузик ниетин туура билдирип жатканына түшүнгөндөй, Славка күнөөлүүдөй ага жылмайып койду.

— Азыр жөнөйбүз,— деди чоң атасы. — Мен өз атым Буранды апкеле коёюн. Ал жакын эле жерде, устакананын артында болуш керек.

Чоң атасы басып кетти.

Бускону минип турганда дүйнө алда кайдан көрүнөт экен: көлдөрдүн жээгиндеги жана бадалдардын арасындагы шалбаалар даана тартылды. Бадалдардын жалбырактары шамалга жапырылып, ысык керимселге термелип турду.

Бусконун соорусуна сары чымындар жабалактап коно баштады. Славка колундагы нокто менен аларды чаап калды.

Буско чаап жаткан соң, басуу керек дегендей, дароо ордунан басып жөнөдү.

Дегеле эч нерсе болбогондой Тузик алдыга түшүп чуркап жөнөгөнүн Славка баамдай калды, ит болсо Славканы улам кылчактап: «Ылдамыраак бастырсаң болбойбу?» — дегендей таң калуу менен карап коёт.

Буско Славканы миндирип алган боюнча дайранын жээгине келип, анан суугa кирип, башын салып иче баштады. Аттын алды жагындагы кумдуу жээктин түбү бууланып чыккансыды, Буско дайранын баарын ичип койбогой эле деп, Славканын эси чыгып кетти.

Ат сууну кантип шимирип ыраазы болуп жатканын, анын жыпжылуу денеси улам титиреп ыраазы боло кабыл алганын, Славка бүт тулку бою менен угуп жатты. Славка колун созуп аттын жонундагы миңдеген жүндөрү уйпаланган жерин сылай баштады, төмөндө турган Тузик ат ээсинин жайдары маанайын түшүнгөндөй куйругун шыйпандатып, кумдун үстүн нары-бери шилеп жаткансыды.

Кайрадан сары чымындар Бусконун соорусуна жабалактап коно башташты, а Славка болсо нокто менен бир нече жолу чапкылап, коруду.

— Жоголгула биерден, чымындар!

А Буско болсо, кайрадан аны бассын деп чаап жаткан экен деп, сууну кечип жөнөдү, адегенде басып баратты, анан терендеген соң, күшүлдөп-бышылдап дем алып, жалын сууга жайкалта сүзүп жөнөдү.

Балакайды силкилдетип ийди — Бусконун буту дайранын таманына тийип, ал жээкке чыкты, анын денесинен суу шыбырттап куюлуп жерге ага баштады.

Ат кумдуу жээкте турду, анан бет маңдайында боору кызыл менен жээктелген аппак чатыр тигилип турган эле.

Славка бет маңдайында турган кызды көрдү.

Денеси күнгө күйгөн кыз эки колу менен тең жука кийиз калпактын делдейген кырынын четинен кармап, эч чочулабастан чабандести жана энтигип дем алып жаткан атты карап турду.

— Бу сенин атыңбы? — деп сурады ал, жергиликтүүлөрдүкүндөй эмес, өтө таза үнү менен.

Бала бир аз ойлонуп туруп жооп берди:

— Меники.

— Атыңдын аты кандай?

— Буско...

— Кандай дедиң?

— Буско! — деп үнүнүн бардыгынча катуу айтты Славка.

Ошондо Буско селт эте, турган ордунан басып, чатырдын эшигинин алдындагы чарба сумкасынын жанына барып токтоп, сумкадан сороюп чыгып турган ак нанды күтүрөтүп жей баштады.

Бир саамга чейин бала да, кыз да үн каткан жок. Шамал бадалды кандай шуулдатып жатканы, Бусконун чайнаганынан эле нандын жумшак экени кулакка баамдалганы угулуп турду.

Славка шилекейин жутуп тамшанды, а кыз болсо андан минтип сурады:

— Сиз аны каякка кааласаңыз, ошоякка минип барасызбы?

Нан чайнап жаткан аттын тумшугун карап турган боюнча Славка башын ийкеди.

Буско нанды бүт жеп бүтүп, тиши менен чарба сумкасынын кырын тиштегилеп көрдү, сууга кайрылып келип, ичти да, башын көтөрдү, ошондо анын эрдинен суу тамчылап турду.

Кыз минтип сурады:

— Буско деген ат «бусы» — «мончок» деген сөздөн улам коюлганбы?

Славка мурдун тартып-тартып алып жооп берди:

— Ал боз ат. Өңү боз.

— Сен канча жаштасың?

Балакай манчаларын ачып оң колун алдыга шарт сунду, бирок өзү канча жашта экенин дароо унутуп койду, экинчи колунун дагы бир манчасын кошуу керекпи же жокпу деген күдөмүк ойдо болуп, керек болуп калса деп, сол колунун бармагын бирде ачып, бирде жумуп турду. А кыз болсо аны башкарып алды.

— Тегирмендей кылып манчаңды айланта бербе.

Бала сол колунун бармагын оң колуна жашырды — түшүнүп болбойт, аны эсепке алабы же жокпу, бирок кыз ишенимдүү катуу минтти:

— Алты жарым жаштасың. Мен жетидемин!

Славка кың этип койгон жок, ошондо кыз минтип айтты:

— Сен көп тамга билесиңби?

Кыз кубана жалжылдап карап, баладан жооп күтүп тургансыды. Ошондо бала үшкүрүнө минтти:

— Биз билбейбиз.

Кыз эриндерин кымтып, буту менен кумга үйдөй болгон чоң тамганы чийип, үнүн созо минтип айтты.

— Бул «А» тамгасы.

— Аа-аа...

— А бу болсо «М» тамгасы.

— Ммы...

— Булчу?

— Аааа...

— Булчу?

— Ммы,— деп сыймыктана айтты Славка.

— Биерде эмне деп жазылган?

Ушерде Славка түнөрө түштү. Тамгалар жыш катар турган, Славкалардын багындагы кашаанын баштарындай, же чөп чапкан чалгынчылар түнөчү алачыктай болуп көрүндү. Ал күчүнүн болушунча минтти:

— Каша!

— Жок. Мэ-а. Мэ-а... Силердин үйдө ушундай ким бар?

Бул жолу Славка жооп бергенге шашылган жок, тамгаларды кыйнала тикирее тиктеп, алар эмнеге окшош экенин салыштырып көрүп, үнүмү укпай калсын деген максат менен акырын шыбырап мындай деди:

— Алачыктар...

— Эмне?!

Славка айтканын дароо оңдой койду:

— Чөйчөк.

Ушуну айтып алып кыздын жактырбаган көз карашынан көзүн ала качты. «Чөйчөк» деген сөздү эмне үчүн айтып ийгенин өзү да түшүнбөй калды, мунусу үчүн кыз урушат деп, аны карагандан да чочулады. Качан кызды караган кезде, анын мээримдүү аяган көздөрүн көрдү. Чоң кишидей, балким апасындайдыр, жайма-жай мындай деп айтты:

— Сен шашылба. Ашыкпай ойлон, анан үн чыгара «мэ-а, мэ-а, ма-ма» — де.

Славка ынанбагандай кыздын айтканын кайталады.

— Ма-ма.

Ал түгүл ал эки жагын каранып алды.

Апам ушу жерде болуп жүрбөсүн дегендей карады, жанында дайра жалтырап агып жатат, наркы жээкте жашыл шалбаа жайкалат, берки өйүздө кум саргайып жатат.

— Сен аякты караба. Апаң мынабу жерде.

Бир саамга дейре Славка сырдуу тамгаларды бакырая тиктеп турду, алардан апасына окшошо турган бир нерсени зор үмүт менен издеп жатты. Апама окшош эч нерсе жок экен, бирок кыз ачууланып жүрбөсүн деген ойдо болду, а балким апасы мына ушу алачыкта жашашы мүмкүн, а балким кашаанын наржагында жүргөндүр.

— Мама,— деп айтты ал. — Мама!

— Үйрөндү! Үйрөндү! — деп кыз кубана кыйкыра алаканын чапкылап, секире баштады.

Шамал кыздын башынан жука кийиз калпагын учуруп кетти, ал чимирилип дайраны көздөй тегеренип жөнөдү. А кыз болсо анын аркасынан чуркап жетип, дайранын тайыз жээгин чалпылдата кечип барып калпагын кармап калды, суусун силкип-силкип, башына кайра кийди. Бирок шамал кайра дароо калпакты асманга көкөлөтө учурду, бирок калпак кайра

заматта бырыша түйдөктөлө түшүп, атып түшүрүлгөн өрдөктөй төмөн көздөй зуулдап түштү.

Кыз чуркап баратып калпагын тосуп алып, күнгө күйгөн көкүрөгүнө бек кысты да, суу болгон жүзүн буруп, чабандес балага жылмая карады.

— Ай бала, атыңан түш,— деди кыз. — Ал оттоп, чөп жесин. Менин атам менен апам кыштакка сүт апкелгенге кетишкен, алар келээр учур болуп калды, сени көрсө аябай кубанышат. Сен экөөбүз кууп жетмей оюнун жана жашынмак ойнойбуз.

Славка тартынгандай ийинин куушуруп койду. Анын деле аябай ойногусу, кыз менен жарышкысы келип турган. Бирок чоң ата жок кантип аттан түшөсүң, же кайра аны кантип минесиң? Ким сени колу менен көтөрүп алат, кайра мингизет?

Мына ошол учурда шалбаа тараптан, өзү көрүнбөсө да, аттын кишенегени угулду. Буско кулагын тикчийте кыймылдатып, тыңшай калып, сууну беттеп басып жөнөдү.

— Кандайча? — деп кыз капа боло түштү. — Сен кетип каласыңбы?

Славка ызасынан өңгүрөп ыйлап ийгиси келди, бирок өңгүрөгөн жок, кайраттана башын ийкеди: эмне кылайын, биздин эркектердин иши ушундай экен.

Кыз ат менен чабандес баланы жакшылап карап калуу үчүн суу тизесине жеткенге чейин дайранын четине кечип кирди, анан Славканы суктануу менен бажырая тиктеди:

— Бизге дагы келип кетиңиз!

Славка чалкалай белин түзөп, аттын капталынан сууга чагылып турган өзүнүн термелген тулкусун көрдү. Сууда чагылган тулкусу чоң жана кооз болчу, керегеге тартып салып койсо да болот, бир өкүнүчтүү жери, анысы кыздан ыраак жерде чагылып турган.

Көрбөсө да, уксун дегендей Славка суудагы элесин көрсөтө, үнүн көтөрө минтти:

— Тиги менмин!

Берки жээкке чыккандан кийин ал кызды карайын деп кылчактай бурулду, бирок Буско кишенеп алып, жакын жерден чыккан кишенеген үндү беттеп, жапыс, жумшак майда бадалдарды аралап жөнөдү.

Ушерден Славка адегенде иттин арсылдап үргөнүн угуп,

анан Тузикти көрдү. Ит аттын каптал жагына келип секире баштады: анын жалжылдаган көздөрүнөн эле, кубанганынан Славкага секирип жетип, бети-башын жалап ийгиси келгени көрүнүп турду.

Бадалдын арасы тырсылдай түшүп, Буранды минип желдирип келаткан чоң атасы көрүндү. Ал Славканын жанына бастырып келип, эңкейип так төбөсүндөгү уюлунан, кытыгысын келтире өптү.

— Мен сени таппай кыйкырып чакыра бердим, чакыра бердим!..

Алар жанаша бастырып, үп болуп турган төмөнкү жайыкка түшүштү. Көлдүн четине жетишип, жылкылар жайылып жүргөн бийик жээкке токтошту. Чоң атасы аттан түшүп, Славканы да аттан көтөрүп түшүрдү. Бала жерге отура калды эле, башы айланкөчөк боло түштү.

Бала отуруп алып ойлонуп кирди: ылдамыраак эле чоңойсом экен, тиги боору кызыл менен жээктелген аппак чатырдагы кыздай окуганды да, жазганды да билсем, башкаларды сабаттуулукка үйрөтсөм, деп тиледи.

Ал эми жер болсо, атка минип жүргөндөн улам болсо керек, Славканын көз алдында дале термелип айланып жатты. Тим эле ал жер эмес эле жыпжылуу жана мээримдүү Буского окшогон жандуу аттай, бирок андан алда канча зор жандай көрүндү.

*И. Токмакова*

## ДАРАКТАР

### Алма дарагы

Ипичке алма дарагы
Өскөн туура жагымда.
Карга окшоп агарып,
Гүлдөп турат багымда.

Чүпүрөктөн апаппак
Тасма жасап ородум.
Ушул күндөн мен ага
Айрылгыс дос боломун.

### Кайың

Ак кайыңдын чачтарын тарап берчи,
Бой сымбатын кубултуп карап берчи:
Тунук суудан өз өңүн көрүп алып,
Саамайларын сеңселтип өрүк алып,
Таңды тоссун татына моокум менен,
Бүткөн бою термелип шоокум менен.

### Карагайлар

Карагайлардын асманга жеткиси келет,
Бутагы менен көк бетин шыпырып
кеткиси келет:
Аба-ырайы дайым ачык болсун үчүн,
Жыл кучагы ырыскыга толсун үчүн!

### Четин

Четиндин мөмөсү
Кыпкызыл мөлтүрөп.
Ширин деп ойлогом,
Жегинди келтирет.

Жетилип бул жемиш
Алиге бышпаптыр.
Бышкандай өң-түстү
Сыртына тыштаптыр.

### Байтерек

Шамалдан калтырайт,
Өң-түстөн оңуп.
Нурдан муздайт,
Ысыкта тоңуп.
Бут кийим, пальто
Алып келип бергиле.
Жылысын денеси,
Камкордук көргүлө.

**Мажрүм тал**

Жар боюнда, суунун жээгинде
Мажүрүм тал ыйлайт кээ күндө,
Ким бирөөдөн ыза алганбы?
Же күн ысыгы кактап салганбы?
Тентек эле өтө колу шок,
Мүмкүн, шамал чачын тарткандыр?
Сурагылачы, барып жанына,
Мүмкүн, сууга чаңкап жаткандыр?

**Эмен**

Жамгыр менен шамалды
Адаты бар кенебес.
Кара суук жанга өтчү,
Буга эч бир кеп эмес.
Кеч күздө да ыргалат,
Жашыл бойдон жайкалып.
Демек, андан жатпайбы
Чыдамкайлык байкалып.

**Карагай**

Боорду аралай,
Өскөн карагай,
Саамайын тарайт,
Небересин карайт.

Небереси — балаты,
Ийнечен, карачы!
Токой боюнда,
Куштар оюнга.

*В. Коржиков*

## ЗООПАРКТАГЫ ЖОЛУГУШУУ

Бир жолу Москванын зоопаркындагы уссири жолборсу турчу темир тордун жанына аябай көп киши чогулуп калды. Кичинекей экскурсовод кыз көпчүлүккө бул жырткычтын өтө каардуу, аябай түнт экенин айтып жатты. Балдар жолборс-

тун кыжырына тийүү үчүн ызылдап да киришти. А жолборс болсо бурчта капарсыз уктай берди. Кээде гана түшүнө киргенден болсо керек, чорлуу таманынын учунан али бек тырмактарын чыгарып коёт.

Экскурсияда жүргөндөр анын жанынан узап кеткен ченде, темир тордун жанында узун бойлуу адам калды, Ал жырткычты көпкө карап туруп, акырын чакырды:

— Күркүрөк!

Жолборс кулактарын бир аз кыймылдатып, бир саамга башын көтөрө калды.

— Күркүрөк! — деп кайталады жанагы адам.

Ошондо жолборс силкинип алып, алдыңкы бутуна таяна башын көтөрө турду, тикирее тиктеди. Бир саамга дейра ал бир нерсени ойлонуп жаткандай, баягы отурган калыбында турду, анан көздөрү балбылдап чыгып, ордунан атып турду да, тумшугун темир торго такап, кубангандай күрүлдөп койду.

— Эстеди! — деди жанагы адам. — Тааныды! Ии, саламатсыңбы, саламатсыңбы, Күркүрөк!

Алардын жанында эч ким жок болчу, эч ким да жанагы адамдан эмне үчүн жолборс эстегенин сураган жок.

Ал адам болсо, өзүнчө бир кызык окуяны, мындан көп жыл мурда, ал кезде жолборс Владивостокто кезинде, «Күркүрөктүн» алкымына чоң сөөк сайылып калганын, аны жолборстун азуусунун ичинен сууруп чыгууга туура келгенин айтып бермек.

Карыя ветеринар Миролюбов жалаң эле бул окуяны эмес, башкаларын да айтып бермек.

Мухиттин жээгиндеги жыгачтан салынган анча чоң эмес анын үйүнө мен көп барар элем. Барып, айткан окуяларын уга берчүмүн.

Исаак Иванович өзүнүн багында өстүргөн мөмөсү чоң, жыттуу карагатынан даам таттырып, жапжаш кезинде эле Волга боюнан Ыраакы Чыгышка барып калганын, токойду күндөп-түндөп аралап жүргөнүн, айбанаттарды кандайча дарылаганын жайма-жай айтып берчү.

Ошол учурда булуң менен кемелер сүзүп өтүп турчу, алардын акырын зуулдап өтүп турганы: «Ээ, мунун баары небак болгон! Ал кезде биз да жапжаңы болчубуз» — дегендей

сезилчү. Ал түгүл карт кызыл карагай да бутактарын шамалга терметип: «Ооба, бул небак болгон. Ал кезде мен да шыргый элем»,— дегенсийт.

Ал эми балаты шыргыйлар болсо, мендей болуп үн катпастан, термелбей тыңшап тургансыйт. Тим эле алар да угуп жатышкансыйт. Исаак Иванович башынан кечирген, бул кызыктуу окуялар өткөн кезде, бул балаты шыргыйлар деле таптакыр жок эле да.

### Шектүүлөрдүн эч бири болбосун

Бул окуя небак, граждандык согуш аяктап бараткан кезде болгон. Өлкөбүздүн бардык жеринде актар талкаланган эле. Бир гана Тынч океандын жээгинде, Владивостокто таш төшөлгөн көчөлөрдү ат такалары менен такылдатып ак гвардиячылардын атчан бөлүктөрү ары-бери чапкылап жүрүштү.

«Така-така-така-так!» — Көчөнүн башын көздөй, бөксө тоолорду беттеп ат чаап келаткандар.

«Така-така-така-так!» — Бөксө тоолордон мухиттин жээгин көздөй ат чаап келаткандар.

Алар менен шаардын таш көчөлөрүндө ак гвардиячыларга шашыла жардамга келген тамандарына темир така кактырылган ботинкалар кийген америкалык солдаттар, кылычтарына корстон боло чиренген япониялык офицерлер тарсылдата басып жүрүштү.

Түтүндөрүн көккө буркуратып, замбиректерин оозун океандын жээгин каратып америкалык кемелер турушту.

Бирок Кызыл Армия улам жакындап келатты. Ал эми мухиттин жээгиндеги ормон токойдо партизандык отряддар чогулуп, душман менен салгылашка даярдык көрүштү.

Актар болсо: «Партизандар — атылат!», «Партизандарга жардам бергендер — атылат!» — деп коркутуп-үркүтүп жатышты.

Ветеринар жаш врачтын бөксө тоонун этегиндеги үйүнө актар анда-санда баш багышып, катуу зекип турушту;

— Ак казактардын аттарын гана дарылайсың! Шектүүлөрдүн эч биринин атын дарылабайсың!

— Коюңуздарчы, кантип ошого барайын! Кайсы шектүү адам келсин! — деп мал доктор балтайган алакандарын жаят.

Ал эми мал доктордун үйүндө ар кандай адамдар келип-кетип жүрдү.

Бир жолу кечинде анын каалгасын каккылап калышты. Эшикти ачса, ным жыттанган калың туман түшүп туруптур. Үңүлө карап жатып, каалганын алдында бир солдат турганын көрдү. Эски шинель, эски өтүк кийинген солдат чабдар атынын тизгинин кармап, жөө турат. Ат бир аз тыбырчылап калтырайт, капталына ок жаңы тийгени көрүнүп турат. Солдат жүзүн сүртүп: «Жардам бериңиз доктор! — деп сурады.

Миролюбов солдаттан «кимсиң, кайдан келдиң?» — деп сураган жок. Дароо эле баамдады: солдаттык тумагына карагай бүчүрлөр жармашып жүрөт. Шинели да ыш, токойдун чөбү жыттанат.

Мал доктур атты сарайга жетелеп киргизди. Анан ийне менен жипти апкелди, жараны таза чүпүрөк менен тазалап сүртүп, жарадар болгон жерин тиге баштады. Жарык да, шам да күйгүзгөн жок. Баарын сыйпалап кармалап, караңгыда жасады.

Мал доктур жараны тигип жатса, солдат болсо эки жагын сактана каранат. Ат дагы тынч туруп берди. Үн чыгарган да, тыбырчылаган да жок. Ызы-чуу чыгарбоо керектигин сезип тургансыйт.

Акыры доктор жаранын эң аякки тигишин жөрмөп, четке чыгып: «Бүттү!» — деди.

Солдат болсо башын эле ийкеп койду. «Ыраазымын!» — деди да, калың тумандын ичине атын жетелеп кирип кетти.

Андан көп узабай ормон токойлук дагы бирөө келди. Ал дагы атчан экен. Аттын жүндөрү түктүйүп, кулактары тикчийет. «Жардам бериңиз, доктор!» — дейт...

Күндүн жүзү токойдон тийип чыгаар менен, актар кайрадан чапкылап жетип келишип, камчы саптары менен терезени тарсылдатышты:

— Шектүүлөр келген жокпу?

— Коюңуздарчы, каяктан! — деди алаканын жая доктор. — Шектүүлөр бул жерге батынып кантип келет?

Күз келди. Тынч океандын үстү көпкөк, таптаза болуп калды. Булуңдагы суу да көгүлжүм тартты. Куду кызыл желекчелердей, клендордун кызыл жалбырактары желбиреп шуудурайт. Ошол учурда Владивостоктун нары жагынан зам-

бириктер күрсүлдөп атыла баштады. Актар бөксө тоолордон тоголонуп качты. Бардык жерди түтүн каптады, булуңдан америкалык кемелер чубалып безип жөнөдү.

Шаарга кызыл атчандар учуп киргендей эле болду. Эл жоокерлерди тосуп көчөлөргө чыгышты. Мал доктор да эл менен кошо чыгып, карап турса, атчандардын арасында кылычтарын булгалап, анын тааныштары чаап өтүп баратышат. Бири тумагынын маңдайын кызыл лентаны арчындата бастырып тигип алган. А дагы бири буденовкачан. Ал эми аттары болсо — чабдар жана жүнү түктөйгөн тик кулак — баякы тааныш аргымактар! Алардан кийин да тааныш чабандестер менен тааныш аттар зуулдап өттү. Актардын артынан сая кууп алышыптыр.

Баары тең өзүбүздүкүлөр. Эч бири шектүү эмес!

*Е. Чарушин*

## АК КЫТАН

Зоологиялык бактан айбанаттардын сүрөтүн тарткан учурда, көп нерселерди байкоого болот.

Бул, балким, ары-бери баспай, көп кыймылдабай беймарал тургансыган адамдан айбанаттар анча чочулабай, өз иштери менен алек болушканынан болсо керек.

Уулум Никита экөөбүз зоологиялык бакка сүрөт тарткан-га барып калдык. Адегенде ак куулардын жанына бардык. Алардын эң чоңу бир бутун бооруна катып, бир бутуна сүйөнө турган боюнча уктап атты, башы каякта экенин, куйругу каякта экенин дароо баамдай албайсың, куш эмес эле зор тоголок аппак түйдөктү кара таякка сайып койгонсуп көрүнөт. Никита ошону сүрөткө тартып жатты.

Көрдүңүзбү, упузун мойнун капталы менен жонуна билгизбей төшөп салганын, ал эми башын канатынын астына катып алганбы?..

Бир аздан кийин ошо ак куунун сууда сүзө баштаганын көрдүк. Бир бутун чалкалатып суу үстүнө чыгарып алыптыр. Ошонусу майып экен го деп ойлоп койдук. Көрсө, ал буту майып деле эмес экен, сууда ошентип ойнойт тура.

Ошо ак куу сууда боору менен жаткан боюнча, бир бутун чалкалатып суудан чыгарып алып, экинчи буту менен суу ичи-

нен шилеп жүрдү. Анан бир капталынан экинчи капталына оодарыла кыйшайып, баягы калак кылып сүзгөн бутун суудан чалкалата чыгарды, көрсө улам бир бутун күн нуруна жана шамалга тосот турбайбы.

Ак куулар менен өрдөктөр сүзүп жүргөн көлмөнүн жанында, зор чоң тор тосмонун ичинде каракур, кыргоол, түндүктүн ак кекиликтери жана түштүктүн тоо кекиликтери бар эле. Алардын арасында тумшугу кыпкызыл топтоголок жапайы тооктор жүрдү. Тумшуктары ушунчалык кыпкызыл болуп жалтырап турат десеңер, тим эле бул куштар кыпкызыл четиндин мөмөсүн тумшугуна чокуп алып, жута албай жаткандай көрүнөт.

Биз аябай кызыгуу менен карап турдук... Бир кекилик кумга боору менен жатып алып ары-бери бултактап оонай баштады, тим эле үй тоокторунан эч айырмаланбайт. Никита аны сүрөткө тартып алды.

Ал эми кыргоол түлөөчү куштардан. Жүндөрү, канаттары түшөт. Ошондой мезгилде ал аябай жүдөп кетээри көрүнүп турат. Кыргоолдор мындай учурда өзүн жүдөөкү сезет экен. Тосмодогу кыргоол башын бурчка такап алып, кыймылдабай турду. Ырас, ошондой кезде сүрөткө тартып алуу жеңил, анткени ал былк этпей туруп берип жатпайбы.

Никита анын сүрөтүн беш жолу тартып койду. Анан тосмонун жанында өсүп турган теректин чырпыкчаларын сындырып алып, темир тордун көзүнөн сойлотуп, кыргоолдун жерге түшкөн бир нече канатын өзүнчө жакындатып шилеп тартып алды. Анан эки чырпыкчаны кыпчуур кылып, канаттарды тордун сыртына илип чыкты. Чынында эле эң кооз канаттар экен. Бири куйрук канатынан экен — упузун, жол-жол болгон кооз жүндөрү бар.

Акыр аяк жагында биз ак кытандын жанына басып келдик. Ал каркыралар менен бир тор тосмодо экен.

Каркыралар бир орунда турбай ары-бери басып жүрүшөт. Алардын жупжумшак, упузун, капкара куйрук канаттары тармалданып тургандай көрүнөт. Желкелери мала кызыл, өздөрүнүн өңү боз. Эң эле татынакай куштар, салабаттуу, чоң, кооз да. Ал түгүл баскандары да салабаттуу.

Ал эми ак кытан болсо моло таштай болуп турат. Кандайдыр бүкүрөйүп, үрпөйүп тургансыйт. Упузун мойнун бүк-

төмө чен кездей ийрелтип, башын оркоюп чыккан акыректеринен чыгарып тургансыйт, найзанын учундай узун тумшугу өзгөчө соройот. Ак кытандын көздөрү да куштардын көзүнө окшобой, балык көздөнөт, түнөрүңкү, кыймылдап да койбойт, ал түгүл жалпактай көрүнөт. Мына ушул кеп-каракчы сөрөй бир бутуна туруп алып, былк этип койбойт.

Аны Никита сүрөткө тартып жатты, а мен болсом чылым чегип карап турам. Ошондо... Мунун баары көз ачып жумганча болду. Тосмонун тор үстүндөгү көзөнөгүнөн бир чымчык куштарга коюлган жемге учуп түшкөн болду. Ал ак кытандын үстү жагынан учуп өтүп баратты. Ошол учурда кандайдыр бир ак жылан абада жалт эте түшкөнсүдү. Ак кытандын упузун мойну шарт эле түзөлө түшүптүр, чымчык безелене чырылдай чыйпылдап жиберди, көрсө ак кытан аны учуп өтүп бараткында кыпчуурдай тумшугу менен шап кыпчып илип алыптыр.

Мен торду көздөй чуркадым. Никита да чуркап жетти. Экөөбүз тең кыйкырып кирдик.

Тосмонун ичиндеги куштардын баары дүрбөлөңгө түшө түштү... Ал ак кытан ойт берип, чымчыкты коё берди, ал эми макоо чымчык болсо, куду чычкандай буту менен жерде безилдеп чуркады. Ушунчалык жанталашып караңгы бурчту көздөй чуркап барып, арс чычкандын ийнине култ этип кирип кетти. Бирок ийин калың тактайдан көзөнөк болуп башка тосмого чыгат экен. Чымчык экинчи тосмого чыгып, тордон учуп чыгып кетти.

— Ак кытандын эмне экенин мына эми билдим! — деди Никита. — Бул барып турган жырткыч тура! Мындан ары мен аны ушунусуна окшотуп элестетем. Камыштын арасында кеп-каракчыдай болуп куш турат. Кыймылдап да койбойт, баканыкындай көздөрүн гана билдирбей жылдырып карайт. Сары айгыр чымчык учуп келди дейли. Кеп-каракчынын жанындагы камышка коноору менен, тиги «ап!» — дегенде анын тумшугуна илинди дей бер. Балыктардын үйүрү анын жанына жакын сүзүп келди дегин, ошондо «ап!» — дейт, балыгың оозуна кетет.

Куш болбосоң коё кал! Бекеринен анын сырткы көрүнүшү да түркөй эмес тура.

— Никита, ак кытандын чымчыкты кантип илип алганын тартсан,— дедим мен — өтө кызык болбодубу?

— Алтын берсе да тартпайм — деди ал, —ал түгүл бул окуяны эстеп жүргүм да келбейт.

*Б. Емельянов*

## МЕН ИТТИ ҚАНДАЙЧА САТЫП АЛДЫМ

Мен итти жакшы көрөмүн, анткени ал айбанаттардын ичиндеги адамдын эң жакын досу. Үйүмдө жакшы ит жүрбөсө, көңүлүм чөгүп, ишке да көңүлүм чаппай калат. Мен ар дайым эле итти өзүм күчүк кезинен багып, ар нерсеге үйрөтүп алчумун. Зента аттуу зээндүү итим карылыгы жетип өлгөндөн кийин, мен шыйпаке сапсары Васька аттуу итти бактым, ал дагы биздин үйдө көпкө чейин жашады. Ал да акыры картайып, өлүп калды. Иттер адамдардан алда канча аз жашашат. Менин дагы бир Томка аттуу — келбеттүү сеттер тукумундагы шыйпандаган ойноок, жароокер, бир кездерде аңчылык саякаттарга чогуу чыгып жүргөн жолдоштой болуп калган итим бар эле. Аны бир жолу кайсы бир өтө таш боор, жаман адам токойдо атып таштады.

Анан өзүм да картая баштадым. Күчүк багып алып, аны аңчылыктын эң кылдат өнөрүнө машыктырып үйрөтүү мага кыйын болуп калды деген ойдо болдум. Жолдошторума жана аңчы-курбуларыма өтүнүч менен кайрылып, мага баарын түшүнгөн, үйдө жана аңчылыкта өзүн кармай билген чоң, жетилген итти таап берүүлөрүн сурандым. Арадан көп өтпөй жолдош-жоролорубуздун арасында иттердин тукумун, кылык-жоруктарын мыкты билген Александр Александрович Чумаков мага телефон чалып, Москвадан анча алыс эмес жердеги, Орехово-Зуево шаарында мен каалагандай ит бар экенин айтты. Ал өзү ошол итти талаада атайы өткөрүлгөн иттердин сыноосунда сынап-баалап көрүп, жакшы пикирде калган экен. Александр Александровичтин айтуусу боюнча ал дөбөт ит токой ичинде жана сазда аңчылык кылууга аябай жакшы көнүптүр, туулганына төрт жыл эки ай болуптур (ит үчүн бул бир топ эле курак), абдан келишимдүү жана күчтүү экен, аты да менин акыркы жакшы көргөн итимдей Томка экенин билдим. Анын кожоюну итин муктаж болгонунан жакшы эмес, таарынычтан улам — Ореховонун айланасында каракур-

лар менен кекиликтер калбай калганынан, аларды еноттор жеп түгөткөндүктөн, аңчылык кылганга эч нерсе калбагандыктан сатып жатыптыр. Томканын кожоюну енотторго аябай наразы болгонунан мылтыгын да, итин да бир учурларда эле сатып жаткан имиш.

Чынында эле, Москванын айланасындагы токойлорго коё берилген енотторду, тагыраак айтканда, еноттор түрүндөгү иттерди, биз, мергенчилер анча жакшы көрчү эмеспиз. Кыска эле мезгилдин ичинде биздин токойлордо тукумдап аябай көбөйүп, мергенчилик чарбасында пайдасына караганда, зыяны көбүрөөк тийди. Енотторго таарына тургандай жөн бар эле.

Көпкө ойлонуп турбастан, итти сатып алуу үчүн Орехового жөнөп калдым.

Аябагандай зор, суучул-ньюфаундленд тукумундагы иттерге окшогон бул сеттер мага биринчи көргөндө эле аябай жакты. Мени тосуп чыкканда ал өзүнүн зээндүү көздөрүн кыбындатып, томпойгон башын саал көтөрүп карап койду, кожоюнунун буйругу боюнча мени карай көңүлү суздай, бирок салабаттуу басып келди. Анын кожоюну мени менен еноттор тууралуу сүйлөшкөн да жок. Ал кыскача гана иттин наркын айтып, мени да, итин да карап койбостон, тетири карап турду.

Мен соодалашканым жок, айткан наркындагы акчаны санап, столдун үстүнө таштап койдум да, кожоюндун аялы берген кайыш боону алып, иттин каргысына өзүм өткөрүп тактым. Көчөгө, машинага биз иттин кожоюну менен чогуу чыктык. Томка машинанын арткы отургучуна, оң жаккы терезе жагына боортоктоп отурду. Мен анын жанына отурдум. Машина ордунан козголгон кезде Томка селт эте түшүп, арт жагын кылчактай карай калды. Ага удаа мен да аркама кылчайдым. Иттин мурдагы ээси дарбазанын алдында дале турган экен, баамдасам ойго чөмүлүп алгандай. Кожоюндун аялы көз жашын жүз аарчы менен аарчып алды. Шамал катуу согуп турган.

Москвага жеткенге чейин бүт жол бою мен күтпөгөндөй, ит өз ордунда тыбырчылабай тынч келди. Менин квартирама да негедир беймарал чыкты. Агапыч аттуу мышыгыбыз итти көрүп кышылдап, жолборско окшото түр көрсөтүп, мына азыр эле иттин тумшугуна атырылып барып жабыша калчудай бо-

луп турду. Томка болсо ызылдап-кышылдаган мышыкты карап да койгон жок, ошондо Агапыч бат эле өзүн жолборстой көрсөтмөкчү болгонун токтотту. Томка аны көз ачып жумганча эле тырмак, куйруктары менен бириктире, чымчыктай эле ап эттире жутуп иймек — анткени ал аябагандай чоң ит болчу. Агапыч мына ушуну жакшы баамдады көрүнөт.

Күн бою Томка терезенин тушундагы столдун жанында тумшугун терезенин ылдыйкы кашегине жөлөп, былк этпей жатты. Күүгүм киргенде, көчөдө ары-бери өткөндөр өңүнөн таанылбай калган кезде, ит ордунан туруп менин жаныма басып келди, ошо кезде мен башка столдун жанындагы диванда отургамын, капилеттен ал өзүнүн салмактуу башын менин тиземе жөлөй жатып алды. Мен кыймылдагандан да чочулап турдум. Арадан беш, он... дагы бир топ минута өттү. Иттин денесинин бир аз термелип турганынан улам, Томка үргүлөп уйкуга киргенин туйдум. Арадан жыйырма минута, жарым саат... андан да көбүрөөк убакыт өттү. Буттарым кыймылдабагандыктан сенек боло түшкөнсүдү, былк этпей отура берүү мага улам оор боло баштады, акыры чыдамым жеткен жок.

— Томка,— дедим жалдырай, акырын,— ойгон.

— Ит катуу бир дем чыгарып койду, түш көрүп жатса керек.

— Томка! — дедим үнүмү көтөрө. — Томка! Мен чарчап кеттим.

Мен анын каргысынан алып акырын силкилдетип койдум. Томка катуу дем тартып алып, жаракөрлөнгөндөй бүт денеси менен мага жөлөнө калып, анан кийин гана көзүн ачты. Ошондо капилеттен... иттин капкара көздөрүндө коркунуч пайда боло калды. Томка тиштерин шакылдата, айбаттуу жана жарашкыстай ырылдады. Мен аны жоошутмакчы болуп, эркелетип кирдим:

— Томка! Жаракөрүм, жакшынакайым...

Ырылдоосу улам катуулап, күрүлдөй баштады. Томка жинденип кирди. Кейпи эмеле өзүнүн өскөн үйү, сүйүктүү кожоюну түшүнө кирсе керек. Эми болсо алдында өз үйү да, бир нече жыл бою жаракөрлөнө жакшы көргөн кожоюну да жок экенин көрүп отурбайбы, анын мындан ары таптакыр болбостугун сезгендир...

Ал дагы бир жолу ырылдап алып, мени көздөй атырылды.

Мен аны каргыдан кармап калууга араң үлгүрдүм. Менин эркелете сылагылаганыман бир аз жоошуп калгансыды, бирок түн бою менин диванымдын жанында уктабай, сак жана кыжырдуу жатты. Мен кичине эле кыймылдап койсом, Томка албууттана ырылдап кирет, жонундагы жүндөрү тикчийе калат. Аны алдап алып кеткен адам анын көзүнчө кыймылдаганга да акысы жоктой көргөн окшойт.

Үчүнчү күн болот дегенде мен Томканы өзүмө үйүр кыла албасыма көзүм жетти, ал өзүнүн мурдагы кожоюнуна аябай берилгенин билдим. Үч күн бою Томка терезенин тушундагы бурчта, эч бир уктап койбой, тамакка да тилин тийгизбей, сулк жатты. Анын дал адамдардай эле кусага батканы көрүнүп турду. Мен өзүм да кыйналып-кысталдым. Мен дагы Томканын кожоюнуна берилгендиги үчүн аябай жакшы көрүп калган окшойм.

Үчүнчү күндүн аяк жагында мен Орехово-Зуевого телеграмма жөнөттүм: «Келип, итиңизди кайра алып кетиңиз. Ал мага үйүр албай койду». Чынын айтсам, иттин кожоюну келет деп ойлогон эмесмин, анткени адатта саткан-алгандардын айныганы эсепке алынбайт эмеспи. Ошентсе да мен телеграмманы жөнөткөм. Иттин кожоюну дароо эле ошо күнү түнкү поезд менен келди.

Томка анын кадамын сырттан эле, тепкич баскычтары менен басып келатканда эле укту. Ал өзү аябай берилген адамы келатканына анча ынанбагандай күтүп турду. Мен эшикти ачып, кожоюну үйдүн ичине кирип келген кезде, Томка ага шыйпактап жетип барган жок, үргөн да, эркелей секирген да жок. Ал бир аз гана куйругун шыйпаңдата, капталына оодарыла жата, көзүн жумду. Балким ал кайра ойгонуп кетип, түшүм бузулбасын деп чочулагандыр. Андан кийин ал, куду кичинекей күчүктөн бетер, жонуна оодарылды. Балким, иттин дили менен билдиргенде: «Көрдүңбү,мен сенсиз деле жашай алам. Кайтып келгениң дурус эле болуптур» — дегени көрүнөт.

Ошол эле түнү Томка өз кожоюну менен кайра кетти. Томканын кожоюну досторду сатууга болбой турганын, мен болсом, досту акчага сатып алууга болбой турганын, достукка жана кадырлоого ак дил менен жетүү керектигин түшүндүк.

Коштошуп жатканда Томка мени менен жарашып алган-

сыды. Ал өзү менин жаныма келип, муздак, нымдуу тумшугун колума тийгизип койду. Өзүнүн мурдагы жүрүш-турушуна кечирим сураганы окшойт. Кожоюнунун жок болуп калганы убактылуу гана экенине жана ага анча эле чочулай тургандай эместигине, мени ал үчүн жек көрө тургандай эч нерсе деле жоктугуна көзү жеткендей болду көрүнөт.

Мен аларды узатмак болуп, көчөгө чыктым. Машина келип калды. Алар жөнөп кетишти. Эми мен аларды узатып, көпкө аркасынан карап турдум.

*Г. Снегирёв*

# ПИНГВИНДЕР ЖӨНҮНДӨ

### Пингвиндердин пляжы

Пингвиндердин пляжы Африка тарабынан Антарктидага жакын жерде кичинекей арал бар. Ал муз аскалары менен капталып турат. Океанда аралды айланып муздар сүзүп жүрөт. Бардык жери тик болсо да бир гана жеринде жапыз жээк бар — бул пингвиндердин сууга түшчү жери — пляжы.

Кемеден биз буюмдарыбызды ушул пляжга түшүрдүк.

Пингвиндер суудан чыгышып, ящиктердин жанында котолоп турушту. Мүшөктөргө чуркап, аларды чокулап, катуу кыйкырып, өз ара үн салып жатышты. Мындай укмуштуу буюмдарды алар эч качан көргөн эмес да!

Бир пингвин мүшөктү чокуп алды да, башын бир жагына кыйшайтып ойлонуп калды, анан берки пингвинге бирдеме дегендей болду. Берки пингвин да мүшөктү чокуп көрдү, чогуу ойлонуп калышты, бири-бирин караште да катуу: «Карр... карр», этип кыйкырып жиберишти.

Аңгыча бизди көргөнү тоо жактан дагы бир пингвиндер чуркап келишти. Алар көбөйүп кетишти, арткылары алдыңкыларын түртүп, базардагыдай чуру-чуу. Ананчы! Алар биринчи жолу адамдарды көрүп жатышпайбы, ар кимиси алдыга өткүсү, бизди көргүсү келет, мүшөктү чокугусу келет.

Аңгыча арт жагымдан бирөө бийлеп жаткандай дабышын уктум.

Бизде бир жаңы фанера бар эле. Ал таштардын үстүндө жаткан, пингвиндер ошонун үстүндө бийлеп киришсе болобу.

Тактайдын үстүнөн бир пингвин чуркап өтөт да, кайра артына жөнөйт, дагы чуркайт, андан да колу менен тактайды бир коёт. Кезекте туруп алышып — баарынын бийлегиси келет.

Бир пингвин жылмакай фанерадан тайгаланып кетип, көмкөрөсүнөн сыйгаланып жөнөдү, калгандары да ошентип жыгылып, сыйгаланып жатышты.

Алар күнү бою ушинтип бийлеп жатышты. Мен аны алган жокмун. «Мейли, ойноп алышсын, биздин келгенибизге кубанып жатышкандыр»,— дедим өзүмчө.

Кечинде пингвиндер бир катарга тизилип, кетип калышты. Бир пингвин мени карайм деп, артта калып калды. Анан ал тигилерди кууп жетти, бирок бутун тигилерге теңеп шилтей алган жок, анткени эки көзү менде эле.

**Ынтызарлар**

Ташка отуруп алып, нан жеп жаткам. А пингвиндер болсо улам жакындашып, оозумду эле карашат, эмне кылып жатканымды такыр түшүнө албай жатышат. Алар аябай ынтызарлар көрүнөт.

Кечинде тактайга кол жуугучту илип жаткам. Аны кадагыча, бир пингвин менин кыймылымды тиктеп турган, а түгүл башын да ийкегилеп койгон.

Эртең менен жуунганы чыксам, кол жуугучка жол жок, пингвиндин баары чогулуп алыптыр. Кол жуугучтан суу тамчылап жатат, пингвиндер аны тегеректеп баштарын бир жагына кыйшайтып алып, тамчылар кантип ташка бир тийип жатканын тыңшап турушат. Балким буларга ал музыкадыр.

Бир жолу чатырга примус жактым. Примус шуулдап жатты. Эчтекени байкаганым жок. Чатырдан чыгайын десем, чыга албайм: кире беришке пингвиндер чогулуп алып, примусту тыңшап турушуптур. Мен чайды кайнатып алып, примусту өчүрүп койдум. Пингвиндер чурулдай түштү. Дагы анын үнүн уккулары бар. Мейли деп примусту жөн эле күйгүзүп койдум, укса уга беришсин.

**Тентектер**

Пингвиндер ар нерсеге ышкыбоз гана эмес, алардын арасында тентектери да болот экен.

Бир пингвин биздин чатырдын жанынан чуркап баратып, бош бидонго чалынып кетти. Ал шаңгырап калды. Пингвин кайра келди да, атайылап дагы бир тийди. Бидон шаңгырайт, пингвин кыйкырып келип, дагы бир ирет тиет, канаттары менен чапкылайт. Мен пингвинди ары алып кетейин десем, колумду чокуп, ачууланат.

Баарынан жаманы суугa баруу эле.

Жолдо баратып коркосуң.

Таштардын артында тентек пингвин жашачу. Ал күтүп туруп, мага атырылчу. Тумшугу менен өтүгүмдү тиштеп, чокулап, канаттары менен чапкылап кирчү.

Мен суугa бараткaнда колума чөмүч алып алчумун.

Тентек мага секирейин дегенде колумдагы менен жаңсап калчумун. Ал чөмүчтөн аябай коркчу.

### Каракчы куш

Бир жолу аралда келе жатып пингвиндердин ызы-чуу түшүп, канаттарын каккылап жатканын уктум. Көрсө үстүндө амалкөй канаттуу айланып жүрүптүр, пингвиндин баласын илип алмак көрүнөт.

Каракчы алардын кургактагы эң башкы душманы экен. Эгер кичинекей пингвин ооруп же тобунан бөлүнүп калса, аны ошол замат четке сүйрөп барып, өлтүрө чокуп салат.

Пингвиндердин үстүндө ошол куш айланып жүрдү. Пингвиндер тегерек тартып топтолуп алышты, ортосунда кичинекейлери, четинде чондору.

Каракчы кичинекей пингвинди ала албасына көзү жетти окшойт, ошондо аларга жакын жерге конду да, кыймылдабай отуруп калды. Көпкө отурду. Сыягы кууланды.

Пингвиндер ага үйүр алып, тынчып калышты.

Кичинекей пингвиндер ойной баштaшты. Бирөө четтеп кетти. Каракчы ага бир секириш менен жете калып, илип жөнөдү.

### Денизге!

Пингвиндер эртелеп деңизге жөнөшөт. Капчыгайды кыйгай өтүшөт да, төмөн боору менен жылып түшүшөт. Биринчи пингвин көмкөрөсүнөн жатып, ылдый карай сыйгаланат, артынан экинчиси, анан үчүнчүсү... Түзүрөөк жерге жеткенде

силкинип алышып, бир аз чуркурай түшүшөт да кайрадан: жол тартышат.

Жардуу жээкке жетишип, кужулдашып турушат: биринчи пингвин канаттарын жазып, башы менен төмөн кетет. Андан соң биринин артынан бири кезек менен секире беришет. Башын чыгарып, дем ала калышып, кайра сүзүп киришет. Сүзүп жүрүп рак кармап, калкып чыгып абадан жутуп алып, кайра сүзө башташат. Суунун ичинде да тизилип алышып, тегеренип, оодарылып ойношот.

### Деңиз илбирси

Капысынан эле пингвиндин баары суудан секирип чыга баштады. Жээкке жакындары жээкке чыгышты. Алыстары муздун үстүндө. Аларды деңизден бирөө ыргыта түртүп жаткансыйт.

Бир пингвин суудан музга секирип чыкты. Анын артынан экинчиси.

Биринчи пингвиндин үстүнө экинчиси секирип отура калды.

Суунун ичинде бири да жок.

Муздун үстүндөгүлөр катып турушат, жээкте да топтолуп, бири-бирин карап турушат.

Ушундай жымжырттыкта суудан шумдуктай жырткыч сүзүп чыкты. Мойнун созуп, пингвиндерди карады эле, көздөрү канталап чыкты. Таноолору дердейет. Жырткыч бир бышкырып алды да, сууга кирип, жок болду.

Пингвиндер жээкте жана муздун үстүндө дагы бир топко үнсүз турушту: корккондон эсине келе албай жатышты. Анан арттагылары чыдамсыздана кыйкырып, астынкыларды түртүштү да, кайрадан деңизге кире башташтгы.

Жанагы жырткыч — деңиз леопарды эле, эпсиз чоң, тиштери курч жырткыч.

Деңизден пингвинди кармап алса, асманга бир ыргытып, тытып салат.

### Пингвиндердин эр жүрөк баласы

Бир жолу деңизге баратып, пингвиндин кичинекей баласын көрүп калдым. Анын башына жаңы гана жүн чыгып, кыска куйругу бар экен.

Ал чоң пингвиндердин сууга түшкөнүн карап туруптур. Калгандары күнгө жылыган таштардын жанында турушат.

Кичинекей пингвин сууга түшкөндөн коркуп, бийикте көпкө турду. Акырында ал тобокелге салдыбы жардын четине келди.

Пингвиндин баласы турган ушул жар үч кабат үйдүн бийиктигиндей болот.

Кичинекей пингвин коркконунан көзүн жумду да, секирди. Суудан башын чыгара калып, бир орунда тегеренип кетти да, тырмаландап ташка чыгып таң калгандай кайра деңизди карады.

Бул пингвиндин эр жүрөк баласы эле. Ал мупмуздак көк деңизге биринчи болуп түштү.

### Майда таштар

Мен пингвиндердин пляждан унчугушпай кайтаарын байкадым.

Көрсө алар тумшугуна таш катып алышат экен. Эгер ташты түшүрүп жиберсе, сөзсүз токтоп, аны кайра алып алат.

Мындай да болот: бирөөсүнө бирөөсүнүн ташы жакшы көрүнүп кетет. Ал өз ташын ыргытып, беркиникин талашат.

Таш талашып, чатак башталат, аны эң күчтүүсү алып тынат. Пингвиндерге таш ойногонго эмес, уя салуу үчүн керек. Алардын аралы бүт таштуу, бир да чөп чыкпайт эмеспи. Ошондуктан пингвиндер уясын чөптөн эмес, таштан салышат.

Эне пингвин уясына отуруп алып, тегерегиндеги таштардын баарын өзүнүн алдына колу менен күрөй берет. Анын жанында башкасы эки жакты карап, кайтарып турат. Эгер пингвин аңырайып турса, коңшусу анын ташын ала коюп, өз уясына салып алат. Ушул үчүн ар дайым чатак чыгып, пингвиндер таш талашып тим эле тытышат.

### Кош болгула

Шамал улуп, бурганак башталды. Эчтеке көрүнбөйт, бардыгын кар каптап калган.

Мен пингвиндер менен коштошкону жөнөдүм.

Пингвиндерди тапкан жокмун, алардан кар баскан гана дөңчөлөр калыптыр.

Бир дөңчөнү бутум менен тээп көрдүм. Карасам тумшук көрүндү. Дагы бирөөнү тээп көрдүм...

Бир убакта дөңчө кыймылдай түштү да андан пингвин секирип чыкты, мага кыйкырып, ачууланып кирди...

Көрсө, бурганакта бардык пингвиндер таштын үстүнө жатып алышат экен. Аларды кар каптап калат экен. Кар астында жатып алышып, тумшугу менен «терезе» чыгарып алышат экен.

Балдары таштын үстүндө турган бойдон калышыптыр. Аларды кар каптап, тоголок кар үймөктөр пайда болуптур. Ошондой бир кар үймөктүн жанына барсам, ал менден качып кетти.

Мен тумагымды алып, пингвиндерге: «кош болгула»,— дедим.

Бирок алар кар астында жата беришти.

Баягы урушчаак пингвин секирип тура калып, биздин артыбыздан жээкке чейин чуркап олтурду.

Мен аны такыр артка кууй албай койдум, анткени чөмүч мүшөктө болчу.

*Ел. Благинина*

## КАМКОРДУК

Неберелер ойноп келсе,
Чоң энеси бир жыргайт:
— Эх, күчүктөр, күчүктөрүм,
Деле сонун кужулдайт!

Неберелер аш сурашса,
Чоң энеси ыраазы:
— Ичсин-жешсин каалашынча,
Өсө турган убагы.

Неберелер бакка чыкса,
Чоң энеси ондоосун:
— Жамгыр бекен, мөндүр бекен,
Буттары суу болбосун!

Неберелер үргүлөсө,
Чоң эне айтат: «унчукпа».
— Баю-баю, люли, люли,
Тынч укта, тынч укта.

Тазалык, тынчтык,
Жылуулук үчүн
Чоң эне жанын
Таштайт бүтүн!

Айткылачы, силерде
Кандай урмат энеге?

## БЕЛЕК

Курбум келип биздин үйгө,
Мени менен ойноду.
Көзү түшүп оюнчукка,
Карай берди, тойбоду.

Бака оюнчук кызык эле,
Албаса экен бузуп эле.

Ал мага эң сүйүктүү,
Аны менен көрктүү оюн.
Баары бир курбума мен,
Белек кылып берип койдум

*Я. Райнис*

## ТОРГОЙ ЫРЫ

Эрте жазда,
Талаада
Торгой көккө атылып:

«Тирүүмүн! Тирүүмүн!
Карагыла!
Кайда суук, ачкалык?

Тирүүмүн! Тирүүмүн!
Жакпадым мешке от,
Бышырган тамак жок.
А бирок —
Тирүүмүн! Тирүүмүн! Тирүүмүн!»

*К. Тангрыкулиев*

## КУЛУН

Ойноок кулунум,
Мойнок кулунум.
Сен менен достошом,
Чуркап озбосоң.

Сылап мен эми,
Ширин чөп беремин.
Чыгарып эсесин,
Бой тартып өсөсүң.

Сымбатың байкалат,
Жалың жайкалат.
Суугa барабыз,
Тумшукту малабыз.

Күчүнө толсун деп,
Даамдуу болсун деп.
Эгемин бедени:
Таарынба кээде эми.

Көрдүңбү, таканы,
Кадаймын бат аны.
Талааны кезебиз,
Бир бакыт сезебиз.

## АЛА-ТОО

— Эй, бийик тоолорум,
Картайдыбы зоолоруң?
Ак чач баскан башыңды,
Билбей турам жашыңды?

— Жашасам да канча жыл,
Аны билбейм анчадыр.
Жашты билбейм капкачан
Эмне кылам таппасам.

*О. Вациетис*

## ЖАЙЫНДА КЫШ КАЙДА БОЛОТ?

Текчедеги фуфайкага,
Тор көйнөккө, тумакка
Жайкысын кыш кирип алат.
Жендин ичин билип алат.

Жайкысын кыш унчукпайт,
Коньки, лыжа,
Чана менен
Бастырмада бирге уктайт.

Киоскада жайкысын ал
Жашайт, албайт эч бир кабар.

Себелесе самтыр кар,
Чыга келет силкинип,
Эми болсо коңулга
Жай бекинет булкунуп.

Мүмкүн жай да киоскага
Калган чыгар жашынып?
Жок, аны кулптап салган,
Кыш ачуусу ашынып.

*А. Разцветников*

## БАГЫМА МЕНИН КЕЛГИЛЕ

### Китеп саткыч

Келгиле балдар, келгиле,
Китептерди көргүлө!
Кимге сөздүк,

Кимге алиппе?
Кимге керек табышмак,
дептер жана калем сап?
кисти да бар, боёк бар,
кооз сонун сүрөт бар,
укмуш сыйкыр жомок бар!
Ырдаганга ыр китеп,
Кызыкканга сыр китеп,
альбом, калем баары бар.
Кирип менин үйүмө,
бирден тандап алыңар.

### Бакчы

Келсеңер багыма,
тосомун кубана.
Нарцис, кызгалдак,
тамеки, жоогазын,
кызыл гүл кулпурат.

Канча түр көп боёк,
аруу жыт урат.
Жапжаңы гүлдөрдөн
Кааласаң букет,
заматта бүтөт.

### Кийим тиккич Влади

Шыпылдайт кайчым,
Бачым-бачым.
Көзүм сезгич.
Кийим тигем,
учтуу ийнем.
Утюг менен
басып берем:
боло түшөт кайра жаңы,
бырыш кетип жакандагы.
Ким келсе Владиге
боюна сымбат алат:
жарашып жаңы кийим,
көчөдө көңүл куунак.

**Уйчуман**

Билсең, мен киммин?
Малчымын!
Тирли-тирли —
таягым — талчыгым.
Тирли-тирли,
ду-ду-ду,
шалбаага
уй айдайм,
эртең менен
кечкисин
сүт мол болсун!
ар дайым
мага жол болсун!

*М. Содзи*

## ЭРТЕҢ МЕНЕНКИ СУУК

Балдары шамалдын,
Балдары талаанын,
Балдары даректын,
Айткылачы,
караалдым?
Ким минтип кыйкырат
«Ичикий! Ичикий!»

Балдары чардактын,
Балдары
жакыр адамдын,
Айткылачы, караалдым!
Ким минтип кыйкырат?
«Ичикий! Ичикий!»

Эшиги атканынын,
Эшиги бастырманын,
Эшиги кампанын,
Айткылачы!

Ким минтип кыйчылдайт?
«Ичикий! Ичикий!»

## МАЗМУНУ

### ОРУС ЭЛ ЖОМОКТОРУ

Мышык менен түлкү . . . . . . . . . 4
Сыйкырдын күчү менен . . . . . . . . 7
Сивка-Бурка . . . . . . . . . 14

### СССР ЭЛДЕРИНИН ЖОМОКТОРУ

Ар ким өзүнүкүн алды *(Эстон эл жомогу)* . . . . . 22
Заказчы менен мастер *(Армян эл жомогу)* . . . . . 24
Асыл таштуу тоо *(Түркмөн эл жомогу)* . . . . . 26
Укмуштуу ичик *(Казак эл жомогу)* . . . . . 29
Карышкыр менен койчулар *(Латыш эл жомогу)* . . . 31
Өнөрлүү өлбөйт *(Грузин эл жомогу)* . . . . . 32
Зээндүү бир туугандар *(Өзбек эл жомогу)* . . . . 36

### ДҮЙНӨ ЭЛИНИН ЖОМОКТОРУ

Том Тит Тот *(Англис эл жомогу)* . . . . . . 42
Алтын Чач *(Чех эл жомогу)* . . . . . . . 47
Акыл жыйнаган кеңкелес *(Нигериядан жазылып алынган жомок)* . . . . . . . . . 59
Эки бака *(Япон эл жомогу)* . . . . . . . . 60

## ОРУС КЛАССИКТЕРИНИН ЧЫГАРМАЛАРЫ

*В. Одоевский.* Аяз Иванович . . . . . . . 64

## ЗАМАНДАШ АВТОРЛОРДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ

*А. Кон.* Жөнөкөй там . . . . . . . . . 72
*О. Высотская.* Ленинди дайым эстейбиз . . . . . . 74
*З. Александрова.* Кызыл гүл . . . . . . . 74
*З. Воскресенская.* Жашыруун сырлар . . . . . 75
*М. Зощенко.* Федосья жеңенин Ленин менен аңгемелешкени тууралуу . . . . . . . . . . . 80
*С. Алексеев.* Кышкы боз чымчык . . . . . . 82
*Н. Забила.* Лениндин керээзи боюнча . . . . . 85
*С. Могилевская.* Үндүү барабан жөнүндө . . . . 85
*Сергей Баруздин.* Солдат көчөдө баратты . . . . 92
*Лев Кассиль.* Сестра . . . . . . . . . 103
*Агния Барто.* Сенин майрамың . . . . . . . 105
*Э. Мошковская.* Майрам дегенибиз эмне? . . . . 108
*З. Александрова.* Октябрдын күнүндө . . . . . 109
*С. Маршак.* Февраль . . . . . . . . . 109
*О. Высотская.* 8-Март . . . . . . . . . 110
*М. Исаковский.* Барып көр океандын ар жагына . 111
*Б. Житков.* Калкыган муз үстүндө . . . . . . 111
*С. Маршак.* Белгисиз баатыр жөнүндө баян . . . 114
*С. Сахарнов.* Эң мыкты кеме . . . . . . . 119
*Ю. Коваль.* Көчкү . . . . . . . . . 123
*Ю. Яковлев.* Үй музей . . . . . . . . . 129
*Ю. Коринец.* Кызыл жүздүү кыз . . . . . . 134
*Н. Носов.* Тепкич баскычтары . . . . . . . 137
*С. Михалков.* Маанилүү күн . . . . . . . 143
*В. Катаев.* Татына таажы гүл . . . . . . . 145
*Я. Аким.* Сараң . . . . . . . . . . 153
*Е. Чарушин.* Коркуу . . . . . . . . . 155
*А. Пантелеев.* Тазалоо . . . . . . . . 156
*В. Драгунский.* Жаркырак коңуз . . . . . . 169
*Э. Мошковская.* Таарыныч . . . . . . . 172
*С. Романовский.* «А» тамгасы . . . . . . . 173

*И. Токмакова.* Даракттар . . . . . . . . . 179
*В. Қоржиков.* Зоопарктагы жолугушуу . . . . . . 181
*Е. Чарушин.* Ак кытан . . . . . . . . . . . 185
*Б. Емельянов.* Мен итти кандайча сатып алдым . . . . 188
*Г. Снегирёв.* Пингвиндер жөнүндө . . . . . . . . 192
*Ел. Благинина.* Қамкордук, Белек . . . . . . . 197
*Я. Райнис.* Торгой ыры . . . . . . . . . . 198
*Қ. Тангыркулиев.* Қулун, Ала-Тоо . . . . . . . . 199
*О. Вациетис.* Жайында кыш кайда болот? . . . . . 200
*А. Разцветников.* Багыма менин келгиле . . . . . 200
*М. Содзи.* Эртең мененки суук . . . . . . . . 202

**НАША КНИГА**

**Сказки, рассказы, стихи**

Книга для чтения в семье и в детском саду

*На киргизском языке*

Издательство «Мектеп»

Редактору *К. Жаманкулов*
Сүрөт редактору *Ж. Карыппаев*
Тех. редактору *Е. Т. Атаманова*
Корректору *Э. Маматкожоева*

ИБ № 3983

Терүүгө 28. 05. 87. берилди. Басууга 31. 08. 87. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Қагаздын форматы 70×90¹/₁₆. Адабий ариби Жөнөкөй ыкма менен басылды. 13,0 физ. басма табак, 15,21 шарттуу басма табак, 10,91 учёттук басма табак, 15,5 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 20000. Заказ № 188. Баасы 40 т.

**Урматтуу окурмандар!**

«Мектеп» басмасынан 1987-жылы орус классиктеринин кенже балдарга арналган төмөнкү котормо китептери жарык көрдү:

Дарактар кантип өсүшөт

**Крылов И.** Квартет
**Пушкин А.** Поп жана анын кызматчысы жөнүндө жомок
**Чехов А.** Ванька